Скорг
К21

Бурулкан
Карагулова



# Селсаяк

2017

Бурулкан Карагулова

# Селсаяк

*Аңгемелер, даректүү баяндар*

Облас...тык китепканасынын
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. № 49207

Бишкек 2007

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
К 21

**Карагулова Бурулкан**

К 21 **Селсаяк:** Аңгемелер, даректүү баяндар. -Б:. Айат, 2007. -176 б.

ISBN 978-9967-433-16-8

Бурулкан Карагулова поэзия бешигин терметкен акын эле эмес, кара сөздүн каймагын калпыган далалаттуу калемгер дагы.

Анын колуңуздардагы жыйнагына кийинки кездердеги ар кандай учурда жазылган чыгармалары топтолду. Алардын кээ бири газетанын тапшырмасы менен жазылса да, көркөм чыгарма болуп калган жана гезит беттеринен орун алган.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналып чыгарылды.

К 4702300100-07

УДК 82/821

ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-433-16-8

© Карагулова Б., 2007.

# ЖЕЛЕДЕГИ ЖЕТИ КҮН

«Эл дүрбөсө, эшек кошо дүрбөйт» болуп, коммерсанттарды ээрчип, Россияга жөнөдүм. Азгырган Эсен болду. Аккан досу Дөкөгө кошуп, поездге салып жиберди. Алганым - эки кап алма. Калганын жолдон аласың деди.

– Эмне болду, кеткени атасыңарбы? -деди Дөкөнүн аялы.

– Кеткенге окшоп атам, колуман келер бекен? Биринчи жолу кетип баратам...

– Эч нерсе эмес, биринчисинде кыйналасың, анан көнүп кетесиң.

Поезд биртике жүрүп барып эле Пишпекке токтоду.

– Эмне, жеттикпи? - дедим.

– Ооба, Россияга келдик - деп, Дөкө менен Боке күлүп калды. Бир келин вагонго кирди да, жогору өтүп кетти.

– Бул ким?

Балдызым, - деди Дөкө.

Сокулук... Кара-Балта... Кайыңды... Чалдовар... Поезд улам токтойт. Дагы бир келин кирип, жогору өтүп кетти.

– А бул ким?

– Балдызым, - деди дагы Дөкө.

Кеч кирди. Бешөөбүз чогуу отуруп чай ичтик. «Эми уктайлы» дешти, А мен уктабайм дедим. Түн кирди. Асман ачык. Жылдыздар өтө жакын көрүнгөндүктөн, поездден түшүп эле терип алгың келет. Түтүн баскан шаардан жылдыздын бар-жогу билинбейт, а бул ээн талаадагы таза абада жылдыздар каалкып жакын эле төбөңдө тургандай. Баары уйкуда, Бир гана үн угулат так-так, така-так.

Жанагы Бишкектин Пишпегинде болуп өткөн сойкунун өлүмүн эстедим. Чак түштө, элди каратып туруп өрттөнүп өлдү.

Өрт өчүргүчтөр деле жетип келди дечи, бирок сойку жулунуп, алардын бетин тытып, колдон суурулуп кайра өрткө кирип кетти. Өрттөн араң алып чыгышкан болчу. Экинчи жолу өрт өчүргүчтөр кире албай коюшту. «Өлсөң өлө бер, акмак» дешти. Өрттүн сүрү ушунчалык экен. Бир машина өрт өчүргүч өчүрө албай койду. Экинчи машина келгиче өрт жалмап кетти. Кошуналар бүт үйүлдү. Бөөдө эле бечара чалдын үйү күйүп кеткенине ичтери ачышып турду. Сойкунун сөөгү күлгө айланып калгыча карап турушту.

– Каап, өлбөй эле койсо болмок, мындан жаман сойкулар деле жашап жүрүшпөйбү, - дешти кошуналар.

– Эмнеге өлүп атат? - деп сурадым Урматтан.

– Сойку болчу, бузулуп кеткен, машиналар очередке туруп, трусасын жууп жайганга үлгүрбөй калган.

– Ошого эле өлүп алдыбы?

– Жадаган имиш жашоодон, анын үстүнө жаман оору кармап алыптыр го.

Анда акылдуу сойку экен дедим ичимде. Кошуналары айткандай, чын эле мындан жаман сойкулар жүрөт ко, өлбөй эле койбойбу дейм кайра. Анан кесибим боюнча териштиргенге өттүм. Адегенде эле Максат семиз жолдон чыгарыптыр Марияны. Агыш «Жигулисине» салып алып, алдап Канттын «Кочкорбаев» колхозуна чейин айдап кетет. Жанындагы Ташкенден келген Рашид деген досуна салып берет. Мария ыйлап: «Мен кызмын, байке» деп жалдырайт. «Эч нерсе болбойт, 100 сом берем, досуму ыраазы кылып кой» дейт. Мария кача баштайт. Тогуз айлык боюнда бар аялдай курсагы салаңдаган Максат кууп жетип, күчкө салат. Алы жетпей баратканда Чүй суусуна ыргытат. Сүзгөндү билбеген Мария чөгүп кетерде семиз Максат чачтан сүйрөп чыгып, көйнөгүн айрып салып, өзү зордуктап салат. Суунун жээгин кан жая берет. Коногу Рашид да ошентет. Бапестеп сактап жүргөн кыз абийири он жети жашында тепселенип кала берди. Колуна 200 сом карматып, үйүнө жеткирип койгон семиз Максат кийин да келип жүрдү. Ар келгенде ар башка досу менен

келип, 200 сомдон карматып жүрдү. Ал достору башка достору менен, башка достору дагы башкалар менен келип, жаш кыздын этегин үргүлтпөй түрө башташты. Чыкпай койсо үйүнөн сүйрөп чыгышат. Картаң чоң атасынын колунан эч нерсе келген жок.

Так-так, така-так...

– Таң атып калды го, качан уктайсың? -дейт Дөкө.

– Кайсы жерде жүрөбүз?

– Казактын далаасында.

Дагы бешөөбүз маңдай-тескей отурабыз. Боке тийише баштады.

– Жөнчү - дейм.

– Үйдөн чыксам эле катынымы сагына берем.

Эмнегедир олбурлуу Бокени семиз Максаттай элестетип жибердим да, «өлчөөсү Максаттын өзү менен кетсинчи жүзү каранын» дедим.

Тамаша сөздөр уланып, кыраан-каткырыкка айлана баштады. Эми жандандык көрүнөт. Оюн-күлкүнүн эле себепкери Боке экөөбүз болдук. Эки балдыз Дөкөдөн, Дөкө эки балдызынан уялып тартынат. Биздин тамашабызга ичтери эзиле күлүп келатышты.

– Боке, - дедим тийишип сөйкөнө бергенинен улам, - алдагы бөдөнөнүкүндөй бүдүрүңү жулуп таштайм жөнбөсөң.

– Кантет, кантет, - резинкасы бош трикосун улам оңдоп коет. Кайра кеч кирди.

– Кайсы жердебиз?

– Казактын далаасында.

– Ох, мээм тегеренип калды, - дедим.

– Анда сонун болду, эми бүгүн уктайсың, койнуңа кирем, - деди Боке.

– Алдагы трикоңду шыпырып, «бөдөнөңү» кыздарга көрсөтүп коем.

– Только Таалайкүлдүн көзүнчө шыпыр. Айдай көрбөсүн.

Поезд шакылдайт. Уктап баратышат. Мен түн менен арбашам. Сойкунун өлүмү көз алдыман кете элек. Бирок, Розаны ойлонуп баратам. «Менин өмүр баянымы китеп кылып жазыңыз» деп келиптир. «И, болуптур» деп койдум. Айтып берди.

– Ал суволуч алам деп коюп мени зордуктап, аскерге кетип калды деп атпайымбы, анан мен бир тууган акесинин квартирасын билчүмүн. Ага барып, боюмда бар дедим. Ал мен эмне кылайын деди. Ошентип жүрүп, курсагым чендейип калды. Акесинин квартирасына барсам, менден качып көчүп кетиптир. Атам каттаган элден мёнин акыбалымы угуп, издеп келиптир. Дароо үйгө алып кетти. Жемелешти, сөгүштү, урушту. «Эл караган бетибиз жер карады»дешти. Акаларыма табылбай эле калды. Кыларга иш таппай калса эле мени тепкилеп киришет. Апам чачыман буурдап алып, дубалды сүздүрүп урат. Айкүнүм жеткиче тиштерим толук түшүп бүттү. Көзүм чанагынан чыкты, денем көгала болуп жанчылды. Адамдын денеси темир белем, өлгөн жокмун. Ошончо калтак жеп көнгөн жаным толгоону жеңил көтөрдүм. Балканактай кыз төрөдүм. Акушерлер жанчылган денемди көрүп, «бул эмне мындай» деп сурашат. Эмне дешти билбей томсором. Мени издеп эч ким келген жок. Роддомдон 7-күнү эптеп бир шейшеп таап, наристеми чулгап берип чыгарып ийишти. Чыгып алып кайда бараарымы билбей баш катат. Эптеп үйгө жетип, уурданып кирдим. Көрүп алышып «баланы эмне таштап келген жоксуң, өлтүр мунуңду» деп уруп киришти. Өлгүм келип кетти. Атам арачага түштү. Ал түнү эптеп аман калдым. Эртеси атам колхозго кеткенде кайра сабап киришти. Кызымы ары-бери ыргытышты. Башым тегеренип, кусуп-чычып жатып калдым. Бакырып-өкүрүп жүргөнүмү бир билем. Эсиме келсем жиндиканада жатам. Качып чыгып, үйгө барып кызымы издесем, роддомго өткөрүп салышыптыр. Ал жакка жетип, ыгын таап, кызымы алып качтым. Дагы бир эсиме келсем колубутум таңылып, жиндиканада жатам. Көрбөгөн күндү көрүп, ит жебеген бокту жеп, бир күн жинди, бир күн соо болуп жүрүп кызымы чоңойтум. Элирмем кармап жүргөндө пенсиямы чогултуп алып, бир күнү Москвага Горбачевго барып келдим. Помощниги кабыл алды.

– Эмне жумуш? - деди.

Мен районумун атын атап, суу майга эки тыйын кошуп

сатат деп арызга отурдум. Помощник менин соо эмес экенимди билип, алдап жолго салды. Дагы бир пенсиямы чогултуп, кызымы ээрчитип, Бишкекке келдим. Түз эле «Асаба» гезитине келип, кызымын атасынын атын атап, издөө салган кулактандыруу бердим. Кулактандыруу чыгары менен тигиним издеп келип, кызын алып кетти. Кызымы кечинде алып келген жок. Эртеси да... Анан мен кызымы издеп чыкканымы бир билем, эсиме келсем дагы эле жиндиканада жатам. Жанагы келесоо мен жашаган жерге чейин кызымы жеткирип, көчөдөн эле кетип калыптыр. Келсе мен жок. Эч ким билбейт. Бир күн өтөт, эки күн... Көрүнгөнгө түрткүнчүк болбой, кызым кайра атасыныкына жөнөйт. Бир айдан кийин ооруканадан чыгып алып издесем, кызым атасыныкына да жетпепир...

Поезд шакылдайт.

Көзүм илинип кетиптир. Кайсы бир станцияга жеттик.

– Сен качан уктайсың? - дейт Дөкө.

– Менден коркуп уктабай атат, - дейт Боке.

Таң аппак.

– Бул кайсы жер?

– Россия.

Биринчи жолу көрүшүм. Көзүмү албайм. Жыш токой. Кооз үйлөр. Ушунчалык кооз болбосо эмне? «Чычкан» дарыясынын кооздугуна эч жер жетпейт дечү эмес белем Кыргызстандын колтугунан чыкпай жүрүп. Оң жакка бир өтөм, сол жакка бир өтөм...

– Эмне, токой көргөн жок белең? - дейт Боке.

– Ооба.

– Жүр, тамак ичебиз.

Жегендери жалаң чучук, казы-карта, колбаса, жөжө, койдун башы, уйдун тили, Россиянын станцияларынан алган тамактарын тааныбайм, айтор, жомоктогу жайыл дасторкон. Тоймой да уктамай.

– Помидордон салат жасап жибербейлиби, - деди Дөкө. Боке менин колумду кайрып, өбөм деп жаткан. Айдай:

– Байке, пияз кайда? - дегенде гана араң бошотуп, колун жаңсап «тигине» дегиче шымын шыпырып таштадым.

– Ой, энең... - эңкейип шаша-буша кийе салайын десе, дагы түшүп кетти, жардам кылып кийгизише коесун деп өйдө

тартыштым эле болбойт, резинкасы үзүлүп калыптыр. Тигилердин каткырыгы вагондун терезесинен учуп чыгып, орус токоюна тарады. «Өлтүрөт эми» дедим ичимен. Мен бутунун учуна чейин шыпырайын деген эмесмин. Тек гана сестентип коеюн десем, «араң турган көз эле, чыгып кетти өзү эле» болуп калбадыбы кашайып. Тигилер күлкүсүн тыя электе:

– Айдайдын көзүнчө эмес, Таалайдын көзүнчө шыпыр дебедим беле? – дегенде аларга кошулуп мен да каткырдым.

Шака-шак, така-так... Ар станциядан токтоткон сайын текшерип кирип-чыгып аткан милициялар менен налогчулар о баягы эки кап алманы, жолдон сатып алган он чака алмурутту, коон, дарбыз, анделектерибизди ала беришип, түбүнө түшүрүп коюшкан. Демек, мен жөн гана орус жергесин көргөнү бараткан болом. Августтун аягы Бишкекте кырк градус ысык болуп атса, Красноярскиде кар аралаш жамгыр жаап атыптыр. Беш жүргүнчүнүн эң арыгы мен, эң эткээли Боке экөөбүздүн ичибиз ооруп жатып калдык. Бокеге суук тийди, мени «жылкы эти кырк жылдык ооруну козгойт» болуп, чучук, казы-карта жайлап кетти.

Оюн-күлкү токтоду. Жөн жата бербейин деп китеп окуйм. Болбойт, көңүл чаппайт. Күлүк ой үйдү көздөй жетелеп кетти. Балдарым эмне болду экен? Каникулун бүткөрүп, айылдан келген күнү мен жөнөп кеттим. Сагынычыбыз таркабай калды. Үйүмчү? Арыктын суусу каптап атты эле. Суу үстүндө каалгып, үйүм Ак-Өргөдө ак кайык болуп калбады бекен? Кудай сактаса экен! Арыктын суусу жайы менен үйдү каптай бергенинен Ленин районунун акимине арызданып барганымчы? Акимдин картаң орус секретары ызылдап дегеле тың неме экен, эч кимди жолотпойт да, киргизбейт да экен акимине; Замы Адылбек Арисовичке кир дейт. Ага кирсем: «Эмне келдиң?» -дейт.

– Үйүмдү суу каптай берип, жарака кетип жарылып кетти, фундаменти да жука эле, - дейм жалдырап.

– Андай болсо фундаментиңи калың салбайсыңбы? - деп корсулдайт зам.

– Жалгыз боймун, кыздарым жаш...

– Ага ким күнөөлүү? Күйөөңү кетирбей кармабайсыңбы, кармай албасаң бир эркек таап алып, арык салдырып албайсыңбы?

Ары-бери жолго салып, менден кутулду. Андан бери канча убак өттү, акимиаттан кабар жок. Алдамчы, корс киши экен зам. Ойлобоюн десем да болбойт. Башым ооруп чыкты. Бара-бара катуулап ооруй баштады. Чыдабай калдым. Онтоп, боздоп, чабак атып калдым. Дөкө дары алып келип ичирип кетти.

Көзүмү ачсам дагы эле термелип баратам. Башым басылып калыптыр. Кол дептерими ачсам мындай деген жазуу көзгө урунду: Окшош тагдырлар: Роза, Нази, Замира. Үчөө тең Кука досумун тааныштары. Кука айтпаса булар мени кайдан билишмек эле? Үчөөнү тең үйүндө маңдай-тескей отургузуп алып тааныштырган. Бир күнү Нази келиптир:

– Эже, Роза жинди дурдомдо жатат, - деп.

– Койчу, кантип?

– Өткөндө сизден кетип баратып, вокзалга барып кыйкырып, өкүрүп, көйнөгүн түрүп, чачын жулуп жүргөн жеринен кармап алышыптыр.

– Сага ким айтты?

– Ооруканага медсестра болуп орношком. 41 ташын «төп» эткизип чапкылап, төлгө тартып отуруптур. Ал жерде үч күн иштеп эле кетип калдым. Эскинин баарын эске салат экен.

Эскинин баарын... Жалгыз кызы Ошто, агасында. Кезинде агасы ошол кызды жээриптир эле. Эми карындашына боору ачып, кызын багып атыптыр. Назинин бетиндеги акесинин колунун тактары айыкканы менен, жүрөгүндө калган тактары айыга электигин айтып, Нази таң агаргыча боздободу беле! Көзүнөн куюлган жашты колу менен шыпырып, силкип таштап, мурдун шуу тартып жеңилдеп алган.

– Эже, - деген ал, - деги эле кыз баланы кудай энеден айырбасын да, жеңенин колун каратпасын. Жеңенин колунда бой жеттим. Жигитке кыз болдум. Шынарлашып ээрчишип жүрдүм, киного бардым. Жолуктук, болгондо да түндө.

Кучактап жүргөнүндөй кучактады, өбө жүргөнүндөй өбө баштады. Көк чөп үстүндө жатабыз. Көйнөгүмү түрүп салды, мен «үйүңө алпарганда жатам» дедим. Тийбейм деди. Трусамы шыпырып салды. Мен болбойт десем, ал дагы «тийбейм деп атпаймынбы» деди. Өзүнүн курун шылдыратып бошотуп, шымын шыпыра баштады.

– Эмне кылганы атасың?

– Тийбейм ой, сыртынан эле...

Ал өйкөй баштады, албетте, сыртынан эле. Бирок, мен ушундай жыргадым десеңиз, мындай ырахат болот деп ойлогон эмесмин. Сыртына ургулаганы менен, талуу жерлериме таамай тийип атты. Өзү да жандалбастап бышылдап атып, эси оой үстүмө жатып калды. Астым суу болуп кетти. Сийип салды окшойт деп түртсөм, үстүмөн түшпөдү эле, түртүп салып, өйдө болуп кийиндим. Анын тургусу жок, чалкалап жатат, кыйраткансып.

Ошол бойдон ал жигитим кайтып келген жок. Болгону «Назини зордуктап салдым» деген ушагы жетти. Акем, жеңем сабай бащтады. Чын эле мени зордуктап койгон окшойт деп ойлоп, бир күнү үйдө жалгыз калганда жан жерими ачып, күзгү менен карадым. Бүтүндөй эле көрүндү. Сөөмөйүм менен сайып көрсөм «быт» этип кирип кетти да, кан жая берди. Алдым ачышып, ооруксунуп калды. Көрсө, ал жигитим зордуктабай эле өз колум менен өзүмү өзүм зордуктап алыпмын.

Нази бетин колу менен жаап отуруп калды. Мен да унчукпадым, суроо да узатпадым. Оо бир топтон кийин гана оор улутунуп алып, сөзүн улады:

– Мени башка-көзгө койгулап, акыры ошол жигиттин үйүнө кийирип беришти. Энеси жолотпой айкырат, антсе акелерим сотко беребиз деп коркутушат. Айтор, ажаан кайненем менен туруп калдым. Күйөө сөрөйүм «Мен сени качан зордуктадым эле, башка бирөөгө зордуктатып келгенден уялбайсыңбы?» деп сөгөт, урат. Ал кеткенде эртеси заар кайненем урат. Ал тургай кайни-кайын сиңдилер да тепкилей башташты. Күчтөп эле кирип жашап атканым болбосо, эч кандай эрди-катын болуп, той-

тамаша өткөрүп берген жокпуз. Анда-санда тийип-качып жүрүп, боюма бүтүрдү. Калтактин, ачуу тилдин уусунан мээм айнып баратты. Курсагымдагы жети айлык болуп калганда акылыман ажырап, ооруга чалдыктым. Жулмалап-сулмалап атышып, төрөтүп алышты. Кыз экен. Үкөлдүн түрүн атышты. Он күндөн кийин медсестра кызымы эмизгенге алып келди. Чормойгон оозу менен ак мамасын соро баштаганда сүйүүм агылып, жиним кагылып, балама боор этим эзилип, батпай аткан дүйнө кенен сезилип, эми жаңы магдырай баштаганымда старший медсестра келип:

– Ай, бул жиндиге эмне баланы берип койдуң? - десе болобу. Денемдеги от суу сепкендей муздап, чыйрыгып кеттим. «Чын эле жинди болуп каламбы?» деп корктум. «Кудай сактай көр!» деп жалындым. Ушул жаман кызды маңдайыма аман коюшун тиледим. Баламы колуман сууруп алган медсестрага «кудайдан жетсин» деп зар какшадым. Роддомдон аман-соо чыктык. Кудайга зарлаган үнүм жетип, сакайа баштадым. Көп өтпөй бая старший медсестранын күйөөсү каза болду...

Така-так, шака-шак... Ушул түндөн тажап бүттүм. «Каргага теңелип каздын буту сыныптыр». Экинчи соодага жолобойм! Тар терезеден секирип кетким келет. Же башымды жулуп ыргытып жибергим келет. Айтор, катуу чарчадым. Ойлонбоюн дейм, бирок, азыр ойлонбосом башка кезде ойлонгонго убакыт да жок.

Нази Розага боору ачып коет. Анан эскини эске салбайын дейт:

– Ушул баштан нелер гана өтпөдү, эже. Эмнени гана көрбөдүм. Акылымы пештеп, эсими жыйдым. Ымыркайымы көкүрөгүмө кысып жүрүп, медучилищаны окудум. Азыр деле жыргап кеткен жокмун. Кызымы акемдерге берип салып, Бишкекте иштеп атам. Үйүм жок. Алган маянамы квартирага төлөйм. Кудайдын көзү түз болуп, бир күнү жарк этип мага да шоола чачырап калар деген үмүтүмдү үзбөй келатам. Ох-х, кызымы аябай сагындым, апам качан келет деп чулдурап жүргөндүр, күчүгүм.

– Айылга эле кетип калбайсыңбы?

– Айылдан жыргаганыман келди дейсизби?

Ушуну менен сөзүбүз үзүлдү. Ал өзүнчө ойго кетти, мен өзүмчө.

– Эй, тирүүсүңбү? - деди Боке кирип.

– Жок, - дедим башымы чайкап.

– Омей, тирүү эле турбайсыңбы?

– Сага ошондой көрүнүп атсам керек.

– А бул эмне, сенин арбагыңбы?

– Жоголчу!

– Сен күлүп же күлдүрүп турбасаң, поезддин ичи томсоруп калат экен.

– Күлкүмүн баары орус токоюнда калды.

– Кийинки рейсте чогултуп келип берем.

– Чогултуп, калтаңа салып ал.

– Калтам тар, батпайт, эки тукум араң батып жүрөт.

– Былжыраба дейм!

– Омей, өзүң айтып алып, чычалаба да.

– Биз жакта баштыкты калта дейт.

Аңгыча Дөкө кирип келди:

– Экөөңө жан кирип калган го, ичиңер басылып калдыбы? Силер томсорсоңор биздин да кабагыбыз ачылбай атат. Ушинтсеңер.

Станцияга токтодук. Дөкө, Боке узун-кыска болуп түшүп кетишти. Кайра узун-кыска болуп ээрчишип киришет. Карап туруп, күлкүм келет. Поезд каалгып жөнөдү. «Кылкылдап поезд баратса, кылгырып көздөн жаш тамат» деп Ашыраалы ата (Айталиев) гениалдуу ырын илгери сүйгөнүн сагынып, «Нарындан жазган салам катты» ырдаган экен. Андан бери биз төрөлүп, чоңоюп, балалуу-чакалуу болуп калдык, бирок дагы эле Нарынга поезд жол салына элек. Кайран Ашыкем акыры каттайт да деген ой менен эртерек көзү ачыктык кылып койсо керек.

Ашыраалы атанын сүйүүсү аңыз болуп көп айтылып жүрөт. Нарында театр ачып жүргөндө сагындырып, саргайтып,

ырдаткан кай сулуу экенин, ким экенин билбейм, бирок, «Рыскан» деген ырынын каарманын көрүп калдым. Рыскан эже биздин айылдан эле. Көздөрү торпоктукундай, орто бойлуу, кара торунун сулуусу болчу. Эже өтүп баратса «Ашыраалынын сүйгөнү» деп карап калышчу. Ашыраалы ата жаш кезинде «Карагул ботомду» сыздап ырдаганда ыйлабаган бир да кыз-келин, кемпир-кесек болбоптур. Кемпир-кесек ырга ыйлашса, кыз-келиндер «ушул менин эрим болуп калсачы!» деп өкүттө калышчу дешет ошол кезде ата менен чогуу концерт коюп жүрүшкөндөр.

Жыл өткөн сайын нагыз сүйүүлөр жоголуп баратат окшойт. Себеби, андагыдай дастандар жаралбай атат. Же дастан жаратуучу акындар жокпу? Баса, кече жакында өлө сүйүшүп жүрүп эки жаш үйлөнгөн. Эки айдан кийин кыз эжесине даттаныптыр «кыз эле бойдонмун» деп. «Өзү жарабагандан кийин эмнеге үйлөнөт?» - дейт эжеси кейип.

Лайли-Мажнун, Ромео-Жульетта, Ак Мөөр-Болоттор кана азыр? Бири үчүн бири жан кыйып... Дастанчылар Ак Мөөр менен Болотко боор ооруп, аягында үйлөндүрүп койсо эмне болмок? Анда дастан бизге жетмек эмес. Ошонусу менен дастан экен да. Муну саймедиреп жатканымын да себеби бар. Бир жолу Алмаш деген келин айтат. Айнура менен Радиондун сүйүүсүндөй сүйүү жок деп. Айнурага "Таттыбүбү сулуу» деген кличка коюп алганбыз дейт Алмаш сөзүн улап:

- Себеби Таттыбүбүнүн дал өзү, экинчи экземпляры. Толгон айдай толукшуп, жандан ашкан сулуу, мойну узун, калем каш, оңу аппак кагаздай, көздөрү ботонукундай, бойлуу. Биринчи күйөөсү менен он жыл жашап, балалуу болушкан жок. Кайын энеси төрөгөн аял алып берем деп, Айнураны кетирип жиберет. Күйөөсү Айнурасыз жашабайм деп артынан келсе, Айнура намыс кылып киргизбей коет. «Аялымды кантип кетирсеңер, ошентип алып келип бергиле!» деп энесине тили тийет. Үйдө чоң уруш чыгат. «Анда өлүп ал!» дейт энеси. Эртең менен сарайга киришсе, уулунун асылган денеси эбак муздап, ыргалып туруптур. Кокуйлап бакырып-өкүрүп атып көмүшөт.

Айнурага кабар берсе, көктүгүн карматып келбей коюптур.

«Күлүк ат менен сулуу аял - элдики» демекчи, жыл айланбай Айнура турмушка чыгат.

Ал күйөөсү да ушунчалык сүйгөн белем, Айнуранын көзүнүн агы менен тең айланып, жанынан карыш чыгарбайт. Сулуу аялды көрүп, ким көз артпайт? Көпчүлүктө же отуруштарда сугун арткан жигиттер Айнурага күйөөсүнүн эле көзүнчө таттуу сөздөрдү ыроолоп коюп жүрүштү. «Кызгануу - өзүн-өзү өлтүрүү» дегендей, кызганчаак күйөө ичип алып, аялына кол көтөрө баштады. Бар тапкан шылтоосу: «Эмне үчүн баары сага көз артат? Кунаажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт, сен сүзүлүп коюп атсаң керек да». Бара-бара катуулап ура баштайт, денесинен көгала так кетпейт. Айнуранын ата-энеси, бир туугандары, жакындары жогун билген зөөкүр каалаганындай бийлик жүргүзө баштайт. Ичкиликке катуу берилген сайын улам катуу тепкилеп, кабыргасын, колун сындырат. Мунун соңу түрмө менен аяктайт. Беш жыл жашаган күйөөсү түрмөгө кеткенде Айнура 35ке чыгат.

Эми күйөөгө чыкпаска ант берет. Андай болмок беле? «Түстүүдөн түңүлбө» деп сөз айткандар өтө көп. Айнурадан өң-түс аябаган кудай пейилди да аябаптыр, Пейили кенен, тил алчаак, «жок» дегенди билбеген ак көңүл, бала кыял. Сүйлөп атсаң сөзүңү бөлбөй, мыйыгынан жылмайып, угуп тура берет. Эркектер эмес, аялдардын да ичи элжиреп кетет. Эч ким менен байланыш курбашка жакшы эле аракет кылды. Бирок, Радион деген корей жигит көпөлөктөй чарк айланып, анча-мынча ишин жасап, машинасы менен үйүнө чейин жеткирип жүрдү. Радион аны кантип торго түшүрөрүн билбей, бир жыл убара чекти. Айтып салса, байланыш үзүлүп калат деп коркот. Көзү жымшык, өңү серт, капкара, бою кыска, өзүнөн он жаш кичүү корей жигит менен турмуш курары Айнуранын үч уктаса түшүнө кирген эмес. Өңү жок болгону менен байлыкка тунган. Корейлер жерди иштетип, майын сыгырып алат эмеспи. Акчасынын күчү менен Айнураны өзүнө имерди. «Ойнош оттон ысык» демекчи, ысыктары күчөгөндөн

күчөй берди. Бир жылдан кийин үйлөнүп тынышты. Сокулуктан Айнурага заңгыраган үй сатып берди. Радиондун ата-энеси аябай каршы чыкты. Он жаш улуу аялды алганына, болгондо да кыргызга үйлөнгөнүнө намыстанышты, тилдешти. Радион машинасын айдап, ата-энесинин үйүнөн чыгып кетти. Айнураны да иштеген жеринен чыгарып алды. Улуу болсо да, өңү-түсү, кыял-жоругу менен жаш көрүнгөн периштесин алаканына кондуруп, куштай бакты. Жайы-кышы үйүндө букет гүлдөр. Алынын жетишинче эркелетет, алдына отургузуп, өз колу менен тамак жедирет. Ар жума сайын саунага алпарат. Бутунун учунан чачынын учуна чейин жууп, тырмагын алып берет. Тамактын түрүн жасайт. Айнура кир жууп калса, кошо жуушат. Полду өзү жууйт. Айнуранын кызылы кызыл, агы ак болуп чыга келди. Сулуу кишинин жеңилин жерден, оорун колдон алса ого бетер ажары ачылып чыга келет турбайбы!

Айнура менен баштагыдай көрүшө албай калдык. Радион аны эркектерден гана эмес, бизден да кызгана баштады. Таң атпай жумушка жөнөрдө аялын ойготпой, жада калса будильникти сыртка чыгарып, терезени караңгылап, дарбазага эки кулпу илип кетет. Көчөгө чыгуусуна катуу тыюу салынган. Кайда барып, кандай иш жасабасын, машина менен, Радиондун жанында отуруп барышы керек. Эртең менен ишин жайгаштырып бүтүп, саат онго жакын үйүнө келип, аялын өөп-жыттап ойготуп, тамак жедирип кетет. Кайра түштө келет. Деги койчу, өз баласын да эч ким ушунчалык бапестебестир, куурчагындай бакты. Аялуу буюмду кастарлап, бүлүндүрүп албагандай аяр мамиле жасады. Кийимди түрлөп кийгизди. Айына эки жолу Ысык-Көлгө алпарат. Алар барбаган орустун бир да чоң шаары калбаган болуш керек. Кыскасы, биз индия киносун көргөндөй эле болуп калдык.

Атаганат, бул да өкүнүч менен аяктады.

Эрди-катын болуп беш жыл жашагандан кийин Радиондун ата-энеси уулун алып кетишет. Тууган-урук чогулуп жазалашат. 24 жашынан бери өзүнөн он жаш улуу төрөбөгөн кыргыз

аялды ээрчип жүргөнүнө күйүнүшөт. Отузга чейин балалуу болбой жүргөнүнө кейишет. Өзүнө окшогон серт, көзү жүлжүк жаш корей кызына үйлөндүрмөкчү болушат. Такыр аргасы түгөнгөн Радион бир шарт менен макул болот. «Баарына көнөйүн, үйлөнөйүн, балалуу болоюн, бирок экөө менен тең жашайм, Айнураны таштабайм!» дейт. Тууганддары ары кетип, бери кетип атышып: «Балалуу болгондон кийин байланып калат ага чейин эрмек кылып турсун кыргызды» дешип аргасыздан көнүшөт.

Болгонун чыпчыргасын коротпой Айнурага жеткирет. Айнура талып жыгылат. Жаны бир болуп калган экөөнүн сүйүүсү жалбырттап, алоолоп баратса, ага муздак суу чачканы кандай?

Айнура муну күткөн эмес. Ынтымактуу жашагандан кийин бала багып алабыз го деп жүрчү. Бирок, бала жөнүндө экөө угуза кеп козгошкон эмес. Ичтеринен тынышкан. Айнура мындан аркы жашоосун Радионсуз элестете албайт болчу. Бир ай төшөктө жатып калды. Туруп басса эле мурдунан кан диркиреп атат. Радиондун жүрөгү түшүп калды. Участкалык врачты машинасы менен ташып, көрсөтүп жүрдү. Тамакты түрдөп жасап, жебеген эркине койбой жегизет. Айнура баштагы эркелигин түк көрсөткөн жок. Жер тиктеп, аз сүйлөйт. Бүт баары кан буугандай токтоду.

А-бу дегиче, ачып көздү жумгуча алты ай өтүп кетти. Тууганддары келе берип жадаткандан улам, Радион үч күндөн кийин келем деп Айнурасын өөп-жыттап кетет. Барары менен үйлөнтүп салат. Тою үч күн эмес, беш күнгө созулуп кетет. Келсе Айнурасы жок. Алыс тууганддары үйдү ээлеп калышыптыр. Айнура көз көргүс, кулак уккус жакка кетип калгандай. Радион жалдырап ыйласа да, тууганддары айтпай коюшат. Кийин билсек, ошол заңгыраган үйдү шаар четиндеги тууганынын жалгыз бөлмөлүү квартирасына алмашып кетиптир. Адрести эч кимге айтпайсың деген шарт менен. Көрсө, Радионду аяганы экен. Төрөбөгөн аял үчүн жапа чекпей, тапканы менен балалуу болуп, тең карысын дегени экен.

Айнура менен көрүшпөй калдык. Тууганынан гана кабар

алып турам. Ооруп атат дейт, катуу имиш. Айнура ага: «Мага эч ким келбесин, эч кимди көргүм жок, мен өлсөм көмүп койгула да, үйүмү алып калгыла, - деп колуна 20 миң сом карматыптыр.

Бир күнү кабар алайын деп ошол Айнура жашаган үйгө келаткам. Карасам эле далдоо жерде Радион машинасы менен турат. Сүйүнүп кетип, аны карай бастым. Ал да аябай сүйүнүп кетти. Көрсө, шордуу дайыма келип, Айнура чыгып калабы деп, үзүлбөгөн үмүт менен пайлайт экен. Аябай сагындым дейт бечара. Бир ай ичинде чүнчүп кетиптир. Өзү деле өңсүз неме эле, ого бетер куниги кетип шалпайып калыптыр. Айнураны таап бер деп жалдырайт. Сен эмес, өзүм жолуга албай атам, катуу ооруп атыптыр десем, аябай капа болду. Кетеринде "кокус таап калсаң, кабар берип койчу» деп атып кетти.

Так-так, така-так...

- Кара-Балтага келдик, - деп Дөкө кирип келди.

- Чынбы? О, кудай жалгагыр, акыры жеттикпи? - дедим сүйүнүп.

- Кудай буйруса жеттик, сага поезд жакпайт экен, өңүң бузулуп кетти.

- Омей, бул калп эле өлүмүш болуп жатты менден коркуп, - деп Бокс сөзгө аралашты.

- Сенден эмнеге коркуп жүрөт? - дейт Дөкө.

- Шымымы шыпырып салып, кылмыштуу болуп атпайбы. Ылайым жети күн поезддин үнү кулагыңан кетпесин, жети күн мен түшүңөн кетпейин!

- Бул каргышыңбы? - дедим.

- Каргышым тийбейт деле, тамашалап атпайымбы, келчи мурдуңан өөп коеюн?

- Жөнчү - түртүп жибердим.

Чарчаган атка окшоп, жетер кезде поезд өтө жай жылып бараткандай сезилет.

- Поезиңер эмне бышылдап калды? - дедим.

- Сен мурдуңу өптүрмөйүнчө шаарга жетпейбиз, - дейт Боке.

– Силер талашып, бир мурунду өпкүчө Сокулукка келип калбадыкпы -деди Дөкө.

– Омей, ушуну өбө албасам эле шаарга жетпей калайын, - деп олбурлуу Боке эки колуму бурап, ордуман так көтөрүп алайын дегенде терезе «тарс» этти. Муштумдай таш Бокенин башына тийди. Боке башын сыйпалап отуруп калды. Сокулуктун тентек балдары ошентип биздин өбүшүүлөргө тоскоол болуп, терезени талкалап салышты. Бул биринчи көрүнүш эмес экен. Поезддер Кыргызстанга жеткиче айнектери калбай каларын айтып, Бокемин башын таңып атышты.

Үйгө жеткенден кийин айткандай эле Бокенин каргышы тийип жети күн кулагыман поезддин үнү, көз алдыман Бокенин элеси (шымы шыпырылган кейпи) кетпей койду. Үй артынан келген арыктын суусу топтоло берип, «ГЭС» болуп калыптыр. Анысы аз келгенсип, түтүк жарылып, суу ата берип, шаркыратма даяр экен. Дагы качан арызданып келет деп замакимдин жегени желим, ичкени ирим болуп жатса керек. Эч ким козгобоптур, тазалабаптыр. Жинди Роза ооруканадан чыгыптыр.

Сентябрь келди. Кыздарымды музыкалык мектепке жетелеп кирип баратсам, Ашыраалы ата турат. Кыздарымын башынан сылап койду.

Келатып республикалык ооруканага Алмаш иштеген бөлүмгө кайрылдым. Учурашып, аркы-беркини сүйлөшүп, Айнура жөнүндө сөз баштарымы билбей турсам:

– Мы Айнуру похоронили, - деди.

– Койчу, кантип?

– Ак кан менен ооруп калса керек, бир да жолу доктурга барбаптыр. Үч жолу турмуш куруп, үчөө үч башка тозок, үч башка жыргал менен өттү, эми кайсы тозогуна түшөйүн десе керек, - Алмаш ыйлады.

– Кап, жаман иш болуптур, арты кайырлуу болсун. Радион келдиби?

– Радион уккан эмес болчу. Айнура өлөрүндө үйүн алыс тууганына өткөрүп, Радион өлүмүмү укпасын деп, аябай

түнүптүр. Жаман кеп жерде жатчу беле? Жетилиги күнү дагы ир курбубуз базарга барбайбы майда-чүйдө алганы. адиондун ата-энеси алып берген келинчеги базарда соода ылат. Караса Радион келинчегинин жанында туруптур. Тиги урбум келип эле:

– Радион, Айнура каза болгон, уктуң беле? -дебейби.

– Эмне? - Радион чочуп кетет. - Эмне деп атасың? - деп екиртектен алат. Колдору калчылдап, өңү бузулуп кетет. Тиги ызды сүйрөп, машинасына отургузуп алып, учуртуп айдап етет. Базардагылар аң-таң. Жолмо-жол ыйлап келет. Экөө кашаган үйгө Радион өкүрүп-бакырып кирип барат. йнуранын туугандары эмне болуп өлгөнүн айтып беришет. Мен кетпесем өлбөйт эле» деп өксүйт. Дубалга башын ойгулап, колу менен жерди чапчыйт .

Колунан кармагандарды топтой ыргыта коюп, жин ргандай жулунуп, машинасына келет. Чаңды асманга учуртуп, оң жолго чыгат. Айнуранын туугандары жана артынан кууп елген Радиондун инилери машина менен артынан жөнөшөт.

Жолдон чымын-куюн болуп бараткан Радионду МАИ ызматкерлери да кууйт. Зымырык куштай учуртуп келаткан адион Сокулук суусуна машинасы менен кулап түшөт... шентип Радион Айнуранын артынан жөнөп кетти, - Алмаш уларды айтып бүткүчө көзүнүн жашын тыйган жок.

– Жаман болуптур, качан болду?

– Радионду кечээ коюшту.

Ичим ачышып калды. Алмаштан Айнуранын сүрөтүн оргөзчү дегем. Ал бир нече жолу барып, алалбай келген. Бул олу да суратып жибердим. Барса Айнуранын үйү талашка үшүп атыптыр. Дагы бир жакын тууганы табылган имиш. рапатылыктын өз колу менен жазып калтырган керээзине арабай, үйдү талашып, кызыл чеке болуп атышыптыр.

# АЙСУЛУУ

Төрт жашымдагы башымдан өткөн окуялар ушул убакка чейин өмүрүмү коштоп, унутулбай келатат. Апам эмнегедир эле көп ыйлап жүрчү. Көрсө азап тартып, турмуштан аксап көп кыйынчылыктарды тартып жүргөн экен. Апам кейисе да, ыйласа да күрп тоок жөжөсүн басып жаткандай мени бооруна бекем кысып, шуу-шуу жыттагылап, өпкүлөп алчу. Кейисе карап коюп, күлсө жыргап коюп жанынан карыш чыкпайт элем. Ал ишке кеткенде кошунаныкына же курбусунукуна калтырчу, кээде ала кетчү.

Бир күнү апам ишке кеткенде Айжан тайжем келип мени алдап Ысыккөлгө, өзүнүн ата-энесиникине алып кетип калды. Апама «Көлгө алып кеттим, бир жумада келебиз» деп кат жазып коюптур. Тайжем мени айылга таштап коюп, эки күндөн кийин шаарга кетип калды. «Кызым кана» деп сураган апама «ал айылда жыргап жүрөт, кетебиз десем болбой койду, кам санабай эле иштеп жүрө бериңиз, өзүм барганда ала келем» дептир. Айжандын атасы Токон тайкем апамдын бир тууган агасы болот. Аялы Сайракан тааженем бозого тоюп алып үйдө эч ким жок калганда мени сабап, ура берчү. Бетими «тултук» деп чойчу. Тамак бербей ачка койчу. Курсагым ачканда жалынып, кошомат кылып нан сурачумун.

– Онго чейин сана, анан жейсиң - дечү кумсарып. Мен онго чейин санамак түгүл бирди билчү эмесмин. Апамдын мени окутканга убактысы болчу эмес. Адегенде үйрөтүп коюп, анан урса да мейли эле го.

– Эгер онго чейин санабасаң өлтүрөм - деп эртеси кайра теңселип баштачу. Анын балдарынан:

– Онго чейин кантип санайт - деп сурасам, шылдыңдашып күлүшчү.

– Онго чейин минтип санайт - деп тааженем жаңы суурулган плитага мени чыңыртып отургузуп салды. Жамбашым спиралга тийгенде териси жабышып түшүп калып үйдүн ичи кечке чейин каңырсып эт жыттанып турган. Ошондогу

чучуктай чыңырган үнүм кудайга жетип турду болуш керек. Ботодой боздоп ыйлайм апалап. Отуруп, тура албай жөрмөлөп калгам. Жаратыма дары сүйкөмөк түгүл, шылдыңдап күлүшчү. «Мышыкка оюн, чычканга өлүм» болгон. Онтогонуму көрүп үйдүн ичи томсоруп, кайгырып тургандай сезилчү. Себеби мага болушар эч ким жок эле.

– Жатпа, түр өйдө, энеңе эркелегин, уктуңбу? - деп ызырынчу семиз таажеңем. Белимен ылдый жылаңач жүрчүмүн. Сыйрылып, күйүп калган жерим жара болуп чымындар жеп талачу. Акырындап жаранын орду катып, карттанып баштады. Бирок отура алчу эмесмин.

– Эгер дагы онго чейин санай албасаң, боткого салам, - деп опурулду таажеңем жасап жаткан бозонун ысык боткосун чөмүч менен чапкылап, - Кана сана? Сана деп атам. Эй дүлөй каракчы, санайсыңбы же жокпу?

Менде жан жок, колуму боорума коюп көзүм алайып аны жалдырап мени аяса экен деп жалооруп карайм. Бир маалда чөмүчүн боткодон сууруп алып киндигиме басып жиберди. Чыңырганым ай, ошондогу болгон үнүм менен апалап ачылдаганымда алтыным апам бир селт этип алып жүрөгүн басып отуруп калбады бекен? Ал азаптан бул азап өтүп кетти. Үйдүн төрт бурчу гана оор үшкүрүп албаса, мени аяган пенде болгон жок. Киндигимин ооруганын канчалык какылыктап айтсам да эч ким элестете албайт. Жата да албайм, отура да албайм, уктай да албайм. Ооруйт. Ыйлайм, онтойм, кыйналам, боздойм, өксүйм, сыздайм. Көзүмөн салаа-салаа кан акты. Ошондо мен 4 жаштан жаңы эле өтсөм керек. Төрт жаштагы наристелердин эсинде эч нерсе калбайт болуш керек, себеби алар мен көргөн кордукту көрүшкөн жок да. Тайкемдин алты баласына эрмек табылып, мазактап, шылдыңдап жыргап калышты. Мен бир капталым менен жылып калдым. Курсагымын ачкасынан жерден бок болсо да терип жегим келет. Курсагым ачты деп ыйлайм, эч ким көңүл бурбайт. Коки аттуу ити бар эле. Мен сыртка жылып чыгып, эптеп жерден чириген алма терип жейин деп аракет кылсам, Коки келип мени

жыттагылайт. «Ач иттин аркасын сук ит жыттайт» дегендей артымдагы, ичимдеги күйүк эт жыттанып атат да. Тайкемин балдарына табылбай эле калды.

– Коки, Коки ме, ме, күчү-күчү - дешип нан ыргытышат. Ал нанды Коки экөөбүз талашып жейбиз. Ит иттигин кылып, колуман жулуп кетет, мен дагы ыйлайм. Кокинин тили болсо ушуну адам баласы аягыдай кылып айтып бермек. Чайга отурушканда тааженем: - Алдагы кандекти столдун астына киргизип салгылачы, жүрөктү айлантпай - дечү. Мени түртүшүп столдун астына киргизип салышып:

– Коки, ме! Ме, Коки! Ал Коки, же Коки - дешип тиштеген нанынын калдыгын мага ыргытышчу. Мен аябай ачка болгондугуман алып жечүмүн. Тамакты эски, кир табактын түбүнө кичине куюп, кашыгы жок беришчү. Эптеп жечүмүн. Шылдыңдашып буттары менен тээп отурушчу.

Күндөрүм ушинтип өтө берди. Мен ушу жашоого да көнө баштадым. Бара-бара акырындык менен апамды унутуп бараттым... Ким мага кантип камкордук көргөнүн тез эле унуттум.

Күн салкындап калган. Кийимим жука, үшүйм. Түндө жатканда да чыйрыгам. Бейшеп ушаткым келет. Караңгыда эшикке чыккандан корком. Бирөөсүнө «мени сыртка чыгарып келгилечи» дештен корком. Анткенде эле кутулбаган куяга кабылам. Табарсыгымы бекем кармап түнү менен чымыркanып чыдап кармап отуруп таң супа салганда көзүм илинип кетиптир.

– Шерменде, журтта калгыр, жуткуч, өлүп калгыр тур, сийгек, жижиң - деп тааженем бетке чапканда ойгонуп кеттим. Ал жулкулдатып сыртка сүйрөдү. Арыктагы сууга жеткенде: -Жуу көтүңү, жашабагыр жан багар кара шакы, жуу деп жатам, бол, өлөсүң, жуу шерменде - деп денемин баарын чымчып салды. Мен таштай муздак сууга жан жерими жуудум.

– Эми башыңы сал арыкка, журтта калгыр - деди. Мен көгөрүп турам. Канчалык чымчып, үзүп алса да үн чыгарган жокмун. Денем бышып калыптыр. Үңүлдөп ыйласам деле эч ким болушпасын билет элем.

- Башыңы арыкка саласыңбы же мен ылайга матырып ушул жерден өлтүрүп көмүп салайынбы ыя? - деп желкемден жулкуп, ныгырып басып, башымы арыктагы сууга тыгып салды. Мен тумчугуп, какалып-чакалып, жөтөлүп окшуп баштадым да, бакырып ыйлап кирдим. Ыйымдан Күн да селт этип кетип, тоонун үстүнөн сорок этип башын чыгарып, мен боздоп аткан жерге жарыгын төктү. Айыл да оор үшкүрүп уйкусунан чоочуп ойгонду. Үнүмдү уккан Токон тайкем үйдөн чуркап чыгып, мени жулкулдатып аткан тажаал, ажаан катынын көрүп тык токтоп, шарт артка бурулуп, үйдү көздөй «жылт» койду. Тайкемдин кыздары, балдары түшкө чейин укташат. Менин үйгө кирүүмө тыюу салынган. Үшүп, титиреп коюп, бакта жерге түшкөн алмаларды терип жеп жан сактайм. Ошондо алманы аябай жакшы көрчү белем же ачка үчүнбү айтор алмадан аябай көзүм өтчү. Үйдөгү үзүлгөн кызыл апорт алмадан жазып-тайып жеп койсом оозумду жырышат. Ошон үчүн бактын арасынан жерде жаткан чириген алмаларды да бекитип жейм. Алар туруп, чайга отурганда мусапыр болуп кирип барам.

- Ии Коки келдиңби? Курсагың тойгон жокпу, чанач, кана, үч бүктөлүп столдун астына кирчи, бол - деп жаткыза коюп, столдун астына түртүп киргизип, кичинекей чыныга каткан нанды туурап - ме, же, Коки тойдуңбу - деп шылдыңдашат. Жеп салсам. - Коки, дагы эле тое элек турбайбы - дешип каткырышчу. Столду сүздүртө беришип башым, көзүм көрүнбөй калган. Башыман шишик, денемен көгала кетчү эмес. Менин жашоом сөзсүз ушундай болуш керек экен деп билчүмүн. Мен апамы таптакыр унутуп калдым.

- Бу сийгек, сийип коет - дешип мени тапчанга жаман, эски, кир төшөккө жалгыз жаткырып коюшчу.

Көнүшүп бараткан кунарсыз күндөрүмдүн бир күнүндө куурчактай болгон, сулуу аппак, таза кийинген бир чоочун аял айтпай-дебей кирип келди.

- Ой кел, апей бул эмнең келатам дебей эле келип калганың - деп тайжеңем тура калды.

– Качан эле келет элем, иштен бошой албай аттым. Айсулуунун эртең туулган күнү да, бешке чыгат. Жетип келейин деп жанталашып келдим, аябай сагындым.

– Анын аябай бейбаш, эртели-кеч эшикте ойнойт, үйгө кир десек кирбейт, тамак же десек жебейт - деп, онтоп коюп сулк жаткан мени карап - чынбы ыя Айсулуу, апаң менен учураша гой, тура гой - десе мен дел болуп калдым. Себеби тааженемин оозунан да жакшы сөз чыкканын биринчи жолу угушум эле.

– Эмне деп атасыз? Ушу Айсулуубу? Койгулачы? О кудай айланайын, баламы эмне минтип тулуп кылып салгансыңар? Кел, Аку - деп ал колдорун жайганда мен нес болуп карап тургам. Ушул боорукер аял мени алып кетсе го деп ойлоп аттым. Ал мени бооруна бекем кысып, кучактап ыйлап кирди:

– Кел жаным, мен апаңмын, апаң кара жерге кирсин, сага келбей жүргөн. Кебетеңи эмне кылып салышкан. Ушунча да арыктатасыңарбы? Бул тамак жеген эмес ко мында келгени. Жашабагыр Айжан алып кетип калыптыр, мага бир ооз айтпай, кызымы ала келбейсиңби десем, ал кетпейм деп ыйлап атат деп барат эшек, алдамчы, жуткуч. Кан ичкичтер, менин канымы соруп бүтүп эми кызымы соргон турбайсыңарбы. Кудай бар силерге. Болпойгон кызымын кабыргалары көрүнүп калгыча эзипсиңер да. Ушунчалык көгала кылгыдай бул наристе силерге эмнеден жазды эле? - деп боздоп атканда бүт бардыгы акырындан туруп сыртка чыгып кетишти. Апам экенин ошондо билдим. Апамын ыйы, какшаган муңу асманга угулуп турду.

– О кокуй ай, кебетең эмне болгон каралдым, көтөнүңөн ананайын, мынчалык эмнеге күйгөнсүң, ичиңен кагылайын, ичиңи эмне кылышкан. Тегеренейин кулунум, балакетиңи алайыным ай, эртең 13-октябрда болгону бешке гана чыгасың да. Эмне сүйлөбөйсүң, апа деп эле койчу, үнүңөн кагылайын чырагым. Наристемин кусуру урсун жеңе, кудайга койдум сени… апам ыйлап да атты, мени киринтип, кийинтип да атты. Жаңы кийимдерим чоң келип калды. Мен апамын колунда жүргөндө толук болчумун. Апам мени дагы толуп, бою өсүп калды деп элестетиптир.

Апам мени кучагынан чыгарбай бооруна кыскан бойдон таң аткыча ыйлап чыкты. Сени эмне кылып, кантип кыйнашты деп да сураган жок. Мен минтишти, антишти деп айтканга да күчүм жеткен жок. Эртең апам кетип калса мени сабашат деп корктум. Эртеси 13-октябрь менин туулган күнүмдө эрте туруп Бишкекке жөнөдүк. Автобуста апамын алдында отуруп кандайдыр бир күчтүү жылуулукту, мээримдүүлүктү сезип, эми таажеңеге кайра барбасымды билип апама эркелеп, эреркеп кетип, шаарга жеткиче ыйлап келдим…

Ошол таеке-таажеңем Көлдөгү Комсомол деген айылда азыркы кезде жашап жатышат. А мен болсо быйыл күздө он жетиге чыгам. Москва көчөсүндөгү жатаканада апам экөөбүз чогуу жашайбыз.

Айсулуу айтып да, ыйлап да бүттү. Көпкө чейин тунжурап отуруп калдык. Бир топтон кийин мен:

- Айсулуу, киндигиң менен төтөнүңдөгү такты көрсөм болобу? - деп сурадым. Ал «ишенбей атасыз го» дегендей жалт карап алды. Өйдө туруп кофтасын көтөрдү. Киндигиндеги тактары териси өскөн сайын кошо өсө берип жайылып, картанын (географиялык) сүрөтүндөй болуп калыптыр. Шымын чечип бетин жаап тескери карап турду. Мен уялганына карабай трусасын шыпырып жибердим. Такты көрүп жүрөгүм түштү. Алды-артындагы плитанын сүрөтү кара күйүк так болуп, ал да тери өскөн сайын өсүп балтырына түшкөйүн деп калыптыр.

Айсулуу атасыз өстү. Энеси 2-топтогу майып, ал канаттууга каптырбай, тумшуктуугa чокутпай багып келатат. Болгон күч-аракетин бүт кызына жумшаганы - жумшаган. «Ушул кызым үчүн эле жашап келатам» деп айтып калганын көп угам. Былтыры күйөөсү каза болгонун угуп, үйүнө келип угузсак ыйбай кейиди. Кызы боздоп ыйлады.

- Эмне ыйлайсың, ал алкаш сени багып койду беле? - кеңешкендерге,

- Ал бакпаса мен багат элем да - деп үңгүрөп ыйлаганын көрүп аяп кеттим. Комсомолго ошондон бери бара элек. Токон тайкеси иши түшкөндө же жатар жери жок болгондо гана булардын үйүнө келип турат.

– Тайке мени кичинемде эмнеге ушинтип кыйнадыңар эле - деп Токонго айтканда ал сөздү башкага буруп, тамагын кырымыш болуп, шаша-буша эшикти аттап-буттап качып кеткен. Ошондон бери келе элек.

– Эже, мен сизге жарым жыл жүргөн айылдагы эле окуяны айтып бердим. Апамын азабын уксаңыз ыйлайсыз. Аны өзү айтып берсин. Мен бир эле окуяны айта кетейин. Тайкемин кыздары Айжан, Айнаш шаарда турушат. Анда-санда келип калышат. Келгенде да соо келишпейт, сөзсүз апамы кемсинтип, акыйнек айтышып, уруп-сабап кетишет. Бир жолу алар келгенде мен секциядагы душка кирип бараткам. Жуунуп бүтөйүн деп калганымда апамын аябай чыңырган үнү угулду:

– Айсулуу, Айсулуу,ой Айсулуу,а-аа-а. Душтан кантип атып чыгып кеткенимди билбей калдым. Дырдыйдай жылаңач чуркап келип каалганы тартсам жабык экен. Ичинен илип алышып апамы экөөлөп тепкилеп атышыптыр. Бакырып ыйлап, эшикти чапкыласам коңшулар үйлөрүнөн чыгып жылаңач мени көрүшүп таң калышып турушту. Апам ичинде Айсулуулап, мен сыртында апакебайлап кыйкырып ыйлап аттык. Апам эптеп бошонуп, эшикти ачып жиберип, анан жыгылды. Мен апамын үстүнө куладым.

– Апама тийбегиле, апамы урбагыла, мени ургула, апамы аягыла - деп бакырып атсам кичине сестене түшүштү окшойт, соолугуп калышты. Апамы кучактап тургузсам, жылаңач мени көрүп ого бетер ыйлады. Ошондо он же он бирде эле болсом керек эле. Тайкелерим ушул убакка чейин кемсинтип келишти. Апамын чыгармаларын уккан адамдар баары сыйлап, урматташат. Талантын баалап, өнөрүнө таң калышат. Өзүнүн агалары, жеңелери, сиңдилери эле баалабай келатышат. Апамын өмүрүн жазып чыгарсаңыз балким чыгармаларын элге уктурганга жакшы адамдар бизге колун сунаар...

# МЕН СИЗДИ СҮЙӨМ, ЭЖЕ

Почточу алып келген калың конвертти ачтым. Аскерден келиптир. Мындай катты эч качан күткөн эмесмин. Күтүлбөгөн катты ачаарда колдорум калтырап кетти. Өтө эле узак жазылгандыктан аягына чыкчудай эмесмин. Шаша-буша окуп кирдим:

...Билесизби эжеке, сиз биздин үйгө адеп келгенде мен мектепте окуп жүргөн элем. Ага чейин биздин үйгө келген эмессиз. Шаарга келип окууга өтүпсүз. Бизге кандайча тууган экениңизди деле жакшы билбейм, энемин айтуусуна караганда жакын тууган экенбиз. Анда-санда гана келип жүрүп, кийин тakай келчү болуп калдыңыз. Үйдөгүлөр да сизге көнүп кетти, мен айрыкча. Ал турмак күтчү да болуп калдым. Карындаштарым болсо сиз келгенде, күнү төбөдөн тийгендей так секирип сүйүнүшөөр эле. Айттым го, сиздин келишиңизди чыдабай күтчүмүн, себебин деле билбейм, сизди көргөндө кемим толгондой, өзүмчө эле кудуңдап, курсант болуп жүрө берчүмүн...

Кайсы бир жолу бир айга чукул келбей калдыңыз. Ичим тызылдап келсе экен деп жол карайм. Ой менен алагды болуп жүрүп, сабагыман да начарлап кеттим. Эмне үчүн экенин өзүм да билбейм, сиз да сурай көрбөңүз, баары бир жооп таба албайм, тапсам деле аны айтууга жүрөгүм даай турган эмес. Анан бир айдан кийин келдиңиз. Ошондогу менин кубанганым ай! Тимеле ыйлап жибере жаздадым го. Элден мурда чуркап келип учураштым. Адаттагыдай жайдары алик алдыңыз да, «тос мурунду» дедиңиз. Мен бетимди тостум. Сиз өпкөн бетим албырып ысып чыкты, өпкөм-өпкөмө батпай аптыгып бараттым...

Ошол күнү кечки тамакта сизден көзүмү албай тиктей бердим. Сиздин өзгөлөрдөн башкача назик кыймылыңыз, тыкан баскан-турганыңыз, күлкүңүз биротоло туткундап алгандай болду. Анымды кыраакы атам байкап койгонбу, эмнегедир себепсиз эле кагып-силкип, «сабагыңды оку» деп

төркү бурчтагы орундукка kyyп ийди. Мен сиздин сүрөтүңүздү тартып отургам. Буга чейин эч качан мындай күчтүү сүрөт тарткан эмесмин. Баарынан да көзүңүздү тартаарда колум калтырап кетти, жүрөк да бир башкача дикилдейт. Чынында эле машыккан сүрөтчү да сиздин көзүңүздү тарта алмак эмес. Ал тургай акындар да сүрөттөй алмак эмес. Көзүңүз күлкүчү көз турбайбы, ушуга чейин байкабаптырмын. Айтам да, эмне эле сизди көргөндө өзүмдү коёрго жай таппай калам деп. Ушундай сулуу болуп туруп мынчалык жөнөкөйлүктү кимден үйрөнгөнсүз? Кичинекей балдарды аябай жакшы көрөсүз, алардын ботала болгон беттерин эзилип өбөсүз. Балким сиздин да балалуу болгуңуз келер.

Ой, жок, андай эмес! Мен сиздин күйөөгө чыгышыңызды каалабайм. Сизге ылайык жигит жок го бул жарыкта. Бул албетте менин гана оюм деңизчи, анткени сизди эч кимге ыраа көрбөйм. Балким сүйлөшкөн жигитиңиз бардыр деп ойлоп алып да коркуп кетем.

Эсиңизде барбы эжеке, бир жолу апам мени сизге кошуп базарга жибербеди беле. Базардан аны-муну алып, кетип баратсак арт жагыбыздан:

– Чүрөк, токтосоң, – деген үн чыкты. Атыңыз башка болсо дагы токтой калып, артыңызга кылчайдыңыз. Аңгыча кара тору узун бойлуу жигит жете келип, саламдашып калды. Ал кой-айга келбей келбетиңизди сүрөттөп кирсе, оозун карап эле калыпмын. Анткени ага чейин андай сөздү уккан эмесмин. Ошондонбу, ошол жигиттин айткандарын жаттап алгым келди. Сиз ашык сөз сүйлөбөй адатыңызча ажарлуу жылмайып гана угуп турдуңуз. Унчукпай угуп турганыңыздан уялып сүрдөй түштүбү, тигил неме:

– Бу балакай иниңби? – деп калды. А сиз болсо дагы эле жылмайып «ооба» дегендей баш ийкедиңиз. Кыжырым келип, ызама муунуп бараттым. «Балакай» деп койгонун кара тимеле, өзүмчө балдар менен жүргөндө жолукпассын…».

Ошондогу сизди кызганганымы ушул убакка чейин унутпайм. Көрсө менде бир белгисиз сезим тутана албай жүргөн турбайбы!

Эми минтип аскер кызматын өтөп жүрөм. Баягы кечте баштаган сиздин сүрөтүңүздү тартып бүтөйүн деп калдым... Көргөн эмессиз да, сүрөтүңүздү мендей эч ким тарта албасына ишенип коюңуз. Кыйын сүрөтчүлөр түспөлүңүздү кагазга так түшүрсө да, көзүңүздү, акактай таза жан дүйнөңүздү, мээриминизди, жөнөкөйлүгүңүздү, сиздин өзүңүздү эжеке, тартып бере албас.

Бул жерде чогуу кызмат өтөп жүргөн балдар чогулуп олтуруп алып, жакшы көргөн, сүйгөн кыздары туралуу кеп уруп калышат. Мен өзүмдүн мажнун кейпими көргөзбөшкө аракет кылам. Айрым учурларда балдар:

- Сүйлөшкөн кызың барбы? Эмне кат албайсың? Деги сүйүп көргөн жансыңбы? – деп такып айламы кетиришет.

Ошондо мен сизди эстейм. качанкы бир кайтпас сапарына кеткен балалык күндөрүмү элестетем. Аларга сүйгөн эмесмин деп айтуудан уялам. Мен болгондо да биринчи эмес экинчи сүйүүдөн баштасам керек. Өзүмдөн улуу махабатымы азыр да, баштагыдан күчтүү, мурункудан ысык сүйөм. Ошондуктан балдарга: «сүйгөм» - деп жооп берем. Үнүм болор болбос дирилдеп, жүзүм албырып, тулку боюм ысып чыгат. Анымды сезген балдар:

- Ушул сен чыны менен эле катуу сүйсөң керек...

- Кызарып кеттиң...

- Аның ким, аты-жөнүн айтсаң, - дешип туш-туштан жаалап калышат.

Мындайда чычалап кетем. Кимди айтарымы билбей калам. Оюмда бир гана сиз турасыз. Андан ары балдар менен тура албай ордуман тура жөнөйм. Казармага кирип алып, сизге арналган катымдын аягын улайм. Аскерге келгенден бери үшүнтем, жакында эки жылым бүтөт.

Мен сизге арнап ыр да жаздым. Аны окусаңыз менин жазганыма ишенбейт болушуңуз керек. «Муну махабат азабына тушуккан Мажнун жазган тура» - дейт чыгарсыз. Ошондо мен бакыракай көздөрүңүздү тике тиктей албай жер карамакмын. Ошол өзүңүз айткан Мажнун бет алдыңызда

турганын сиз кайдан билмек элеңиз? Андан шек да алма эмессиз. Сиз өмүрүңүздө бирөөнү сүйүп көрдүңүзбү?! Билбейм бир билгеним жолдошуңуз сизди зордоп ала качып алганы Карындаштарым жаңылык деп катка жазышкан. Аны менен агасын айыккыс илдетке, сары убайымга салышканын кайда билишсин. Сурамжыласам, күйөөңүз менен бир мектепте чогу окупсуз. Болбогон оюңузга койбоптур ал...

Ардагым эжеке!

Эми эрдиңизди кырча тиштеп, күлкүчү көздөрүңүз аргасы күлмүңдөп, көңүлүңүз сүйбөгөн айылдашыңыз менен күн кечирип жүргөнүңүздү да билем. Күйөөңүз көзүңүздүн агы менен тең айланып, айтканыңызды эки кылбайт дешет. Антсе да көңүл сүйбөгөн адам менен аягы алтын, башы күмүш болсо да жашоо кыйын белем, үзүлгөн гүлдөй соолуп баратат деше сизди.

Мен сизди түшүмдө көп көрөм. Баягыдай эле татынакайсыз Болгону күлкүчү көздөрүңүз гана бир аз мунайым тартып маанайыңыз пастай көрүнөт. Кээде мени бооруңузга бекем кысып алып маңдайыман сылап, чачымдан искейсиз. Башымы тизеңизге коюп уктап кетем. Ушунун баары түшүм болуп чыгат, ичим күйүп туталанам.

Анан өзүмчө отуруп алып, сизге деген ушул катымды улайм Апакай кагаз бетине төгүлүп-төгүлүп алганда көкүрөк тепкен көкшүнүм сууп, бугум тарап, жеңилдей түшөм.

Эжекебайым! Өткөн күндөгү ушундай уйгу-туйгу сезимимди балалыкка шылтоолоп унутуп коёюн деп да жүргөм. Бирок анте албадым. Ал кезде бала болсом, ошондогу балалык сезим азыр жигит болгон курагымда да ого бетер күчүнө кирип алоолоп баратат. Сизди унутуп коюуга күчүм жетпей калды Ырас, сиз менден кыйла улуусуз. Ал мени анчалык деле түйшөлтпөйт. Аскерден барып сөзсүз сизди табарыма, сизге барып жолугарыма ишенем. Ушул каттан кийин мени кандай кабылдаар экенсиз?!

Эжеке! Эми коштошор алдында мени сиздин элесиңизге байлап берген балалыгымын дагы бир ирмемин эсиңизге

салайынбы? Деги эле сиз менен өткөргөн ар бир күнүм – эсте калган майрам, бактылуу дүйнө, айтып бүткүс кереметтүү жомоктой. Бир жолу телевизор көрүп отурсак, карындашым сиздин алдыңызга отуруп алды. Мен аны жерге отур деп, сиздин сабактан чарчап келгениңизди айтсам, чыңкылдап мени менен уруша кетти. Экөөбүздүн талашыбыз ырбап баратканда, аны апам, мени сиз тартып алып, коомай ийиндей башымы көкүрөгүңүзгө коюп, чачыман сылаганыңызда... калганын кантип айтсам... көкүрөгүңүзгө башым тийгендечи, тимеле магдырай түшүпмүн. Жүрөгүңүздүн дүкүлдөп сокконунан улам төшүңүз термелип, бешикке бөлөнгөнсүп, көөшүлүп кетипмин. Бир маалда үй ичин үч көтөргөн каткырыктан чоочуп көзүмдү ачсам, шилекейим аппак көйнөгүңүзгө чууруп калыптыр. Шашып кетип шилекейими аарчый коёюн дегенимде узун, көл түстүү мончогуңузга колум илине түштү. Жарыкка чагылып түркүн түс чачкан мончокко жер жайнап эле калды.

Сиз эч нерсе болбогондой акырын шилекейими сүртүп, “эч нерсе эмес анан чогултуп алабыз, укпай гой” – деп чекемен өптүңүз. Мойнуңуздун узун жана аппак экенин ошондо көрдүм. Ошондо биринчи жолу сизге билгизбей өөп алгым келди. Бирок, эч качан анте алмак эмесмин. Антип оюм менен алпурушуп жатсам үй ичинде дале жаңырган күлкүлөр угулуп турду. Эмне кыларымы билбей, кара күчкө көзүмү жумуп, уйкусыраган түр көрсөтүп, кайра сиздин алдыңызга жатып калдым. Эки кулагым тигилерде: «Ой тобо, чоңойуп калганын деле билбейт ботом бу, кичикий карындашын отургузбай коюп, анан өзү жатып алып уктап атканын карасаң» деп чоң энем мени жактырбай күңгүрөнөт. «Мейличи апа, - дейт анда апам – эжесин жакшы көрөт...» Ушуну укканымда жаткан жеримен тура качмакчы болуп барып, сиздин алдыңызда жеңими эстеп токтоп калдым... Ошондо болгону 5-класста гана окучумун. Андан кийинки жылдар ичинде мындай бактылуу учурлар канча болду дейсиз. Сизди тымызын өзүмө энчилеп албадым беле?!

Мына ошондон бери ак кагазга гана айтылчу ыйык сырым эми сизге да дайын болду. Суранарым мунумду балалык



49 207

баеолукка чыгарып, мандай жарган махабатымы басынта көрбөңүз?! Айткандарымда чекилик кетсе кечириңиз…

***

Арзуусу ашып-ташкан каттын аягына чыгып-чыга албай апакай барактарын мыжый кармап, эмне кыларымы билбей дел болуп отуруп калдым. Эмнегедир эле жүрөгүм дүкүлдөп, өзүмдү бир башкача сезип, кыйналып кеттим…

## ЖАМГЫР

Мөөржан радиого жакын келип отурду. Жүрөгүнө жакын ушул ырды уккандан тажабайт: «А сыртта жыйырманчы жазым менин »…

Атаганат жыйырманчы жаз! Таранып үлгүрө электе жаадан атылган жебедей өтүп кетпедиби?! Бирок, ошондогу жамгыр дале жаш, дале аруу бойдон. Ошондо сүйүүгө магдырап, жаштыктын доорунда өзгөчө кереметке бөлөнгөн эки жаштын үстүнө төгүлгөн жамгыр азыр да төгүлүүдө. Жыйырма жаш! Кайран кулпурган курак. Кезинде кызыл көйнөк кийгизип, мезгилинде сыйрып алды. Э, жараткан, ушунуңа да каниет, мен татпаган жыргал даамын балдарым татсын, ылайым ошолор бактылуу болсун!

Мөөржан ушинтип ойго чөмүлүп отурганда сырттан бирөөнүн чуркап келаткан дабышы угулду. Ал уулу Талант экен. Талант босогону аттары менен:

– Апа, апа, Жамгыр акемен телеграмма келди, аскерден келатыптыр – деди шашкалактап. Мөөржан атылган октой ордунан ыргып туруп:

– Оозуңа май, айланайын, - деп калтыраган колуна телеграмманы алып, көкүрөгүнө басып туруп калды.

Кандай шылтоо таап ыйларын билбей отурган Мөөржандын көзүнөн мончок-мончок сагынычтын, кусанын күнөөсүз жашы көкүрөгүнө төгүлүп жатты.

***

Жамгыр себелеп турду. Бульварда жай басып жаандын астында кыз-жигит келе жатты. Кыз эки колун колтугуна бекем кысып чыйрыгып келет. Жигит жамгырдын жаашын күткөндөй өзүн эркин кармап жайдары келатат. Экөөнүн тең көздөрүнөн жалындаган учкун жанат. Жигит өзүн токтоо кармаганына караганда кыздан бир аз улуу көрүнөт. Жүрүп отурушуп жатаканага жете келишти. Тиктешип туруп калышты. Кетейин деп эч кимисинин айткысы келбейт. Жигит кыздын ийнине колун коюп, бетине түшкөн саамай чачын сылап койду. Кыздын жүзү албырып кетти. Уялганынан бүткөн бою алоолоп, эмне дээрин билбей "мен кирейин" деп жиберди.

– Бара гой, эртең телефон чал, – деди жигит токтоо гана, мээрим төгө карап.

... Мөөржан сабак бүткөнчө араң чыдап отурду. Ар мүнөт сайын Каныбекти эстейт. Тез эле ага жетип баргысы келет. Анын жылуу мамилеси, токтоо мүнөзү таптакыр жипсиз байлап алды.

Сабактан кийин Каныбектин жумушуна телефон чалды. Адаттагыдай эле ал өзү алды. Ал-жайды сурашкандан кийин:

– Бүгүн жамгыр жааса барам – деди.

– Коюңузчу, кечегидей дагы суу болобуз – Мөөржан чын оюн айтты.

– Мөөр, мен жамгырды жакшы көрөм.

Чындап эле үч күндөн бери жамгыр жаап турган. Мөөржан күнүгө эле жамгыр жаай берсе экен деп ойлоп алып, кайра өзүнөн өзү уялып кетти. Анан аны менен да жамгыр нөшөрлөп төгүп турганда таанышканын эстеди.

...Драм театрдагы боло турган спектаклге бир күн мурда билет алып коюшкан. Эртеси жаан жаап туруп алды. Кечке жуук бирге окуган кыздар менен бульварда кол чатыр тагынып кетип баратышса кийими суу болуп театрды көздөй бараткан жигитти аяп:

– Келиңиз, кол чатырыма кириңиз байке, сизди үшүтпөй

жаандан сактап калайын – деп тамашалаган Мөөржан чын дилинен айткан.

– Рахмат мен жетип калдым, театрга чейин эле барам.

– Биз дагы театрга баратабыз – дешти кыздар бир добуштан.

– Анда жакшы экен, чогуу көрөт экенбиз.

Ошондо кыргыздын ак куусу Таттыбүбү башкы ролду аткара турган спектаклге аншлаг болуп, билеттерди кыздар ар кайсы орундардан алышкан. Мөөржан менен Каныбектин билети бир катар болуп чыгат. Каныбек студент балдар менен сүйлөшүп орундугун алмашып Мөөржандын жанына келип отуруп калат. Спектакль бүткүчө экөө толук таанышып үлгүрүшөт.

– Оюн бүткөндө мен силерди узатып коём – деди Каныбек.

– Жок, байке, узатпай эле коюңуз, мен сизге телефон чалам - деп Мөөржан кыздардан тартынып койгон.

***

Институттун жатаканасы. Кыздарга келген жигиттер казганакташып, терезеге таш ыргытышса, кээси үнүнүн болушунча кыйкырып чакырышат. Мөөржан төрт кыз менен бир бөлмөдө жашайт. Жакын курбусу жердеши Калбү жана өтө эле токтоо тартып аз сүйлөгөн көлдүк кыз Ырыс, дагы Таластык Имиш, ал тескерисинче бир ордунда тынч алып тура албаган, ойноок, сүйлөөк кыз. Кечкурун чай ичип, столду тегеректеп отурушту.

– Бу памил чайдан Ош жыттанат ко, киминер демдединер эле, Мөөржан сен го кыясы? - деди Имиш шакылыктай.

– Жок, мен демдегем, - Ырыс жайбаракат унчукту.

– Жаныңды жебе, сен демдеген чай көл даамданып турат, а бу Ош жыттанып атпайбы, - эми Ырыска тийишип айтты.

– Демек, чай биздин Оштон, суусу көлдөн келген, сенин эмнең бар? – Калбү да сөзгө аралашты.

– Энди, оозуңа карап сүйлөң – Имиш чычалагандай Оштун диалектиси менен айтты, - тетиги бели ийри чоң кашык, алдагы сен чай ичип жаткан кетик чыны меники. – Имиштин чындап чычалаганына баары каткырып күлүп жиберишти, аларга өзү да кошулду.

Аңгыча терезеге «так» этип таш тийди.

- Айн момент, отура бергиле, бул мага келген ковалердин ташы, - деп Имиш ыргып туруп терезеге жетти: - Окей, азыр чыгам, шаша-буша халатын оңдоно тышка чыга жөнөдү,- жагамбы?

- Жагасың, жагасың, - жабыла жооп беришти, - сен жакпаганда анан...

- Эмесе, жаксам азыр жигиттин гүлү келет. Кыздар менен тааныштырам дегем, үстөл үстү жайында болсун, чау, - деп чыгып кетти. Айтканындай эле көп өтпөй бир жигитти эрчитип келди.

- Саламатсыңарбы? – жигит бош унчукту. Кыздар жооп айтып, орун бошотушту.

- Таанышып койгула, бул менин жердешбегим, - Имиш койкоңдоп койду. Кыздар күлүп, кезектеше кол сунуп таанышышты. Жигит да оңой неме көрүнбөйт, чай коюу менен алек болуп калган Мөөржанга жакындай:

- А сиздин атыңызчы бийкеч? – деп калды.

- Кечириңиз, Мөөржан меники, - деди колун сүлгүгө аарчый.

- Охоо, кадимки эле Акмөөр турбайсызбы, мойнуңуздун узундугуна караганда көлдүк болсоңуз керек?

- Жок, жаңылып калдыңыз, тилекке каршы Оштукмун.

- Ай-ай, өкүнүчтүү мен ойлогондой болбой калганы.

- Сага эмне көлдүк кыз эле керекпи, же Ошто ак куулар жок бекен? – Имиш шакылдады.

- Жо-жок, дегинкисин айтам да, көлдүк кыздар Мөөргө окшоп сулуу келет эмеспи.

- Көлдүк деле өрдөктөй кыздарды көрүп жүрбөйбүзбү, - Имила жемин жегизчүдөй эмес.

- Эмне эле көлдүктөргө асылып калдыңар ыя, жөн койсо,- баятан унчукпай отурган Ырыс сөзгө аралашты. Тамаша сөздөр улана берди. Бөлмөдө көпкө дейре күлкү жаңырып турду.

Чай эбак эле ичилип бүткөн. Ильяс эки көзүн Мөөржандан алган жок. Анын улам карап жатканын сезип, Мөөржан да тартынып отурду. Аңгыча Имила:

– Эми жердешбегим, кел демек бар, кет демек жок дегенде[й] каршы болбосоң узатып келейин, вахтер мени кара эсебин[е] каттап албасын.

– Сыйың менен жолго түш дейсиңби? – Ильяс күлө карады.

– Ыя де, жөн койсо анан жатып калгың бар ээ, - Имиш ку[ш] каткырык салды. Ильяс жайдары коштошо, Мөөржанды[н] колун коё бербей:

– Келип турсак болобу? – деди.

– Келип тургула, - деди эч нерсе ойлобой Мөөржан. Имиш Ильясты узатып чыгып, кеч кайтты. Бөлмөгө кирери менен Мөөржанга тийише кетти.

–Ийе, улуу урматтуу бийкеч, ошентип жигиттин жүрөгүн[ө] чок салып койдук дечи, ка-ап карабайсыңбы эркек болуп калбаганымды, көрүнгөн жигиттин көзүн күйдүрбөй өзүм эл[е] алып алмак экенмин.

– Охо-де, сымбаттуу ханыша, сиз эркек болуп мени алып алган күндө деле, күйчү жигиттин көзү күйө берет, анын эмнеси бар экен?

– Мен сени алып алгандан кийин кайсы жигиттин көзү күйсө, ал жигиттин көзүн оймокмун, - Имиш билегин түрүн[ө] Мөөржанды көздөй келатты эле, Мөөржандын итиркейи кел[е] кыйкырып ийди. Кыздар жыргап күлүп калышты.

– Сөздүн ачыгына келгенде, - деди Имиш бир кезде күлкүсүн тыйып, - тиги жигит эртеңден баштап сага келе турган болду.

– Убара болуп келбей эле койсун, мага бирөө эле жетет, - Мөөржан мостоё жооп берди.

– Ии ошондой де, ал ким экен жашыруун болбосо?

– Бир жигит.

– Ошондойбу, жашырып жүргөм де, мен тигиге сенин күйгөн-сүйгөнүң жок деп айтып койбодумбу. Эми азабын өзүн тарт, - деди Имиш ачуусу келгендей.

– Кандай азабын?

– Кандай болмок эле, эми артыңан жүгүрөт да, сүйүп калды окшойт шордуу.

– Койсоңчу кайдагыны жобурабай, - Мөөржан жактыр-багандай кол шилтеди.

- Коросуң го, - Имиш терс бурулуп кетти.

Ошондон кийин чын эле Имиш айткандай Ильяс Мөөржанга такай келчү болуп калды. Мөөржан сүйлөшмөк тургай, жанына жакын басып барбайт. Мөөрдү торуна түшүрүш үчүн Ильяс кандай гана аракеттерди жасабады дейсиң. Кудайдын кутту күнү келе берип жадатып жиберди. Имиш менен Мөөржандын мамилелери да кескин өзгөрдү. Имиш орой сүйлөп, Мөөржан сүйлөсө жооп бербей, чогу отуруп чай ичпей, өзүнчө эле бөлүнө баштады.

***

Күн ачык. Каныбек Мөөржанга эрте келди. Адегенде кечки драмтеатрга билет алып, андан кийин киного кирип, айтор дем алыш күнүн көңүлдүү өткөрүштү. Театрдан чыкканда ай жарык эле. Асманда төгүлгөн жылдыздар гана жымыңдап, жөөнү узата көз кысып жаткандай. Кубулуп түшчүдөй болгон жылдыздарга Каныбек чалкалай карады.

- Жамгырдын жаашын күтүп жатасыңбы? – Мөөржан жылмайып койду.

- Жок балакайым, жамгырды деле күткөн жокмун. Андан көрө айтчы, сага кайсы жылдыз жагат?

- Магабы, билбейм деле, таң чолпон го, өзүңөчү?

- Мага жаккан жылдыз асманда эмес…

- Таң калыштуу асманда болбосо кайда анан?

- Жерде, болгондо да ушул жерде жанымда, бирок аны асмандан да бийик сезем.

- Койчу деги, - кыз кылыктана кымырылды. Каныбек Мөөржанды жерден тап-так көтөрүп алып, чарк айланта, кучагына бекем-бекем кыса жанатан магдыраткан кыз жытын кандыгынча искеди. Мөөржан да жигиттин мойнунан бекем кучактап анын оюнан чыкпай өбүшүп атты. «Экөөбүздөн өткөн бактылуу түгөй жок» деген ой экөөнүн тең оюнда турду. Жайдын жылуу түнүн бульварда кучакташып өбүшүп өткөрүштү. Мындай ширин түндөр далай жолу өттү. Мезгил канат кагып билинбей ортодон жай, күз, кыш өтүп кетти.

Күнүгө келип турган Каныбек күндөрдүн биринде бир жума келбей калды. Мөөржан да кыз кылыгы кылып телефон чалган жок. Бирок, ичи уйгу-туйгу болуп тынчсыздана баштады. Эмне болду, командировкага кеттиби, ооруп калбады бекен, келбей коюуга эмне себеп болушу мүмкүн деп ойлоп отуруп, акыры телефон чалууга мажбур болду. Каныбек баштагыдай эмес, өтө эле суз сүйлөштү да акырында:

– Мөөржан, экөөбүз сүйлөшө турган сөз бар, эртең кечинде барам, - деп телефонду коюп койду. Мөөржан түшүнө албай айран-таң. Трубканы илип, телмире ойго батты. «Бу эмнеси капырай? Же көпкө телефон чалбай калганга ушинтип жатабы? Андай деле болбосо керек, жөн эле бейтап болуп турган го, же эмне...»

Ушинтип ойун бир жерге токтото албай телефон-автоматка башын жөлөгөн бойдон туруп калды. Аңгыча «Кандай Мөөр?» - деген тааныш добуш чыкты.

– Эмне? – Мөөржан жылан көргөндөй денесин жыйрып алды.

– Саламатсыңбы деп жатам?

Мөөржан жаман көзү менен карап, унчуккан жок.

– Эмне сүйлөшкүң келбейби?

– Ооба таап айттың, - Мөөржан шыпылдай басып жөнөдү.

– Токто Мөөр, токтой турсаң эми, - Ильяс алдын тороп калды.

– Жогол дейм, экинчи көзүмө көрүнчү болбо! Мен деген такыр бөтөн адаммын, - Мөөржандын эриндери дирилдеп, көзүн жаш чайып, чуркаган бойдон жатаканага кирип кетти.

– Ары жок десе, көрсөтөм сага жоголгонду,- Ильяс кекердүү ызырынып алды.

Мөөржан ошол бойдон бөлмөдөн чыккан жок. Тез эле түн кирип, таңдын атышын, анан кайра тез эле кечтин киришин тилеп жатты. Түндө көзү ирмелсе эле ызы-чуу түштөрдү көрө берди. Бир туруп Ильяс менен Имишти көрсө, бир туруп Каныбегин көрөт. Айтор «иши бузулгандын түшү бузулат» болуп, түшү чалды-куйду, баш-аламан. Күткөн таңы атып, кеч да кирди. Бөлмөгө бир кыз баш багып:

- Мөөржан сени чакырып жатат, - деди. Ушул эле кабарды күтүп араң турган Мөөржан сыртка шашты. Эшиктин алдында кыз-жигит топ-топ болуп сүйлөшүп турушкан экен. Ал көздөрү менен Каныбегин издеп жатты. Жанындай көргөн сүйгөнүн азыр ушул кыз-жигиттердин алдында кучактап өөп алгандан да кайра тартпайт эле. Бирок, тилекке каршы ал Ильяс эле.

- Мен келдим Мөөр, - деген Ильястын үнүн укканда Мөөржандын өңү бузула түштү.

- Ильяс, сага эмне керек менден, айтчы?

- Эмне эмес, ким де, сен керексиң! – Муну уккан Мөөржан бурулуп жөнөй берерде Ильяс аны шап билектен алды.

- Коё бер, уятсыз.

- Эми эч кайда кете албайсың. Жетишет ушунча мышыкчычкан ойнотконуң…

Мөөржан колун чыгарууга аракет кылып жатты. Ушинтип турганыбызды Каныбек көрбөсө экен деп тызылдайт ичинде.

- Коё бер дейм, сабак даярдашым керек. Жамгыр да жааганы турабы үшүп кеттим. – Эми тигини жоошута жай сүйлөдү.

- Сени жамгырды жакшы көрөт деп уктук ко, - Ильяс какшыктуу жылмайды.

- Таш боор, колум ооруп кетти, коё бер, - Мөөржан ыйлап жибере жаздады.

Аларды көздөй бир караан келатты. Ал Мөөржан күткөн, болгондо да күнкү-түнкү жамгырларда күткөн эң кымбат адамы эле. Мөөржан сүйгөнү менен ушундай ахыбалда көрүшөм деп ойлогон эмес. Аны көрө коюп, эмне кыларын билбей чебеленип жиберди.

- Бол тез, коё бер, уятсыз!

- Саламатсыңарбы? – аларга чукул келген Каныбек мүмкүн болушунча токтоо саламдашты. Ильяс Мөөржандан колун ошондо гана бошото, Каныбектин саламын алик алуунун ордуна:

- Качканда күтүп атканың ушу беле? Эртең мени күт, калган сөзүбүздү ошондо сүйлөшөбүз, - деди да тез-тез басып кетип калды.

Мындайды күтпөгөн Мөөржандын көзү караңгылай түштү. Ортодо ыңгайсыз абал өкүм сүрүп турду бир окумга чейин. Каныбек бир нерсе айтмакчы болуп барып, кайра жерди карап туруп калды. Андан сөз чыкпасын билген Мөөржан:

– Каныбек билесиңби… - деп келатканда тиги сөзүн бузду:

– Билем, көрбөдүмбү.

– Эмнени көрдүң? – Мөөржандын көздөрү алсыздана түштү.

– Баарын билем, Мөөржан, баарын…

Мөөржан жаш баладай ызаланып, ыйлагысы келди. Эки алаканы менен бетин басып, эмне айтарын билбей туруп калды. Бир тынымдан кийин  Каныбек акырын Мөөржандын колун колуна алып, жүзүнөн сылай:

– Сен аябай сулуусуң, - деди сырдуу, биринчи жолу көрүп жаткандай. Анын минтип сүйлөгөнүнө Мөөржан таң калды. Буга чейин минтип айткан эмес эле. Анан жаңыдан себелей баштаган жаанга алаканын тосуп:

– Эртең Нарынга командировкага кетип баратам, - деди Каныбек.

– Канчага?

– Өзүм да билбейм.

– Демек жалгыз тосот экем да, - Мөөржан оор улутунду.

– Кимди?

– Кимдиби? Жыйырманчы жазды.

– Баса унутуп кала жаздаган турбаймынбы, туулган күнүң менен куттуктайм, - Каныбек эңкейип Мөөржандын бетинен өптү да: - Сага чексиз бакыт каалайм, - деп кошумчалап койду. Мөөржан саамай чачын сөөмөйүнө орой, табышмактуу тиктеп калды. Ортону кайрадан тунжуроо бийлеп, бири-бирине карашат.

– Мен кетейин, - деди Каныбек бир маалда.

– Демек ушундай экен да… Эч нерсе айтпайм дечи. Мейли эмесе аман барып кел, - Мөөржан ызалуу сүйлөдү.

– Кош бол Мөөржан, бара гой, - Каныбектин үнү каргылдана түштү.

Ошол түнү Мөөржан таң аткыча уктай албай, ары-бери ооналактап кыйналып чыкты. Эмне болуп жатканына акылы

жетпеди. Каныбекке жоолукканына да ишене албай бушайман боло берди. Эртеси сабакка барбай койду. Кыздарга табым болбой турат демиш болуп, узунду күнү кечке наар албастан төшөктө жатты. Кеч курун гана курбу кыздары гүл көтөрүп кирип келишти. Мөөржанды турбаган оюна коюшпады. Үстөл үстүнө нан, торт, шампанский, чай-чамектерди жайнатып жиберишти. Ай төгөрөк тартып отурушту. Мөөржанга аруу, жакшы тилектер айтылып жатты…

- Мөөржан, сени чакырып жатат, - деди эшиктен кирген кыз. Мөөржан селт эте түштү. «Болду, болбоду Ильяс болуш керек», - деп ойлоду.

- Калбү, сен барып келчи, эгер Ильяс болсо, мен жокмун, - деди Мөөржан курбусуна.

- Түшүндүм, түшүндүм, - Калбү күлмүңдөй тамаша жуутту: - Эгер аяшбек болсо, унчукпай жетелеп келе бермей, э?

- Ал келбейт, - Мөөржан буулукканын жашыра албады.

- Эмне үчүн?

- Командировкага кеткен…

Калбү чыгып кетти. Курбусу азыр бир жаман кабар алып келчүдөй ансыз да көңүлү түпөйүл отурган Мөөржандын жүрөгү алеп-желеп. Калбү тез эле кайтты, колунда кармаган бир тутам гүлү бар.

- Аяштын өзү келбесе да гүлү келди. – деди ал күлүп.

- Кандайча? – Мөөржан тынчы кете сурап ийди.

- Бир кыз алып келиптир… - деди гүлдү Мөөржанга узатып.

- Бир кыз?…

Ал бир эсе Каныбектин гүл берип жибергенине кубанса, бир эсе кыздан берип ийгенине айраңтаң. Гүлдүн арасында алакандай кагаз жүрүптүр. Кат өңдөндү. Аны окугуча шашты. «Мөөр, жыйырманчы жазың кут болсун! Бактылуу бол. Бу гүлдү алпарган кыз болочок колуктум, мени кечир, Каныбек» деп жазыптыр анда. Мөөржан шалдая түштү. Өз көзүнө өзү ишене бербей, муундары калтырап чыкты, Кат менен кошо гүл жерге түштү. Жер жайнаган гүлдү кайра ала коюп жыйгылап, тытып кирди. Кыздар эмне болуп кеткенине

түшүнө алышпай нес болуп туруп калышты. Мөөржан алкымына кысылган жашты жашыра албай, эчкирип барып керебетке кулады.

***

Каныбек менен айрылуу Мөөржан үчүн кыйынга турду. Ал түнт тартып, көп сүйлөбөс болуп калды. Акыры ошентип жүрүп окуусун бүтөр күн да келди. Кез-кез Каныбекке телефон чалып коюп жүрдү. Бирок, бир да ирет үндөгөн жок. «Угуп жатам, ало, ало-о. Сизди уккан жокмун, кайра чалсаңыз» - деген тааныш үн жаңырат. Мөөржан акырын телефон трубкасын коюп коёт. Телефонду деле тек гана анын үнүн угуш үчүн чалат. Үнүн уккандан кийин бир аз дем байлап калса да, көпкө чейин өзүнө келе албай, деңдароо тартып эңгиреп жүрөт. Көп нерсени ачык айтып, ак сүйлөшкүсү келет, бирок кыз намысы кармайт. Окуусун бүтөр бүткүчө саргайып жол карап жүрдү. Бирок, Каныбек бир да жолу басып келген жок. Окууну бүтүп жатып, «шаарда калып иштесемби» деп да ойлонду. «Эгер Каныбекти көрүп калсамчы? Жок, мен аны унутушум керек, айылга эле кетем» дейт кайра чечкиндүү. Айтор, кыйлага ушундай эки анжы ойдо жүрдү. Баарынан да бөлмөлөш кыздар менен коштошуу кыйын болду. Ошондо Мөөржандын ыйлаганы ай. Ыйлабаган кыз калган эмес. «Ыйлабачы Мөөр, суранам, жашоо деген али алдыда да» деп Калбү куру кайрат берген менен өзү да көз жашын жашыралбады.

– Кантип ыйлабайм Калбү, - Мөөржан жашка толгон көздөрүн жалдырата боздоду - Мен эми силерди да, силер менен аны да жоготуп кетемби? Кайдан, качан, кантип көрөм. А мүмкүн такыр эле кездешпейбиз. Өмүр бою анын жамгырын түгөй кылып, медер тутуп каламбы? Мага жамгырынан башка белек кылаары жок беле?

– Койсоңчу эми болбогон кепти, тирүүлүктө мындайда канчасы болбойт дейсиң?... - Ошентип ар бири бирден дипломун чемодандарына салып алып ар тарапка жөнө кетишти. Вокзалдан мурун жөнөгөндөргө кийинкилери ко булгалап узатып жатышты.

***

Мөөржан туулуп өскөн айлына келип иштеп калды. Жүргөн турганы түнт, басмырт. Эсинде дале болсо Каныбеги. Аны бир күн да эсинен чыгаргысы келбейт. Андай адам бул дүйнөдө экинчи кездешпесине ишенип алган. Апасы менен да баштагыдай сырдашпайт. Жамгыр жааганда сыртка чыгып, суу болуп кайра кирет. Кызынын мындай мүнөзүнө апасы дегенде таң калып жүрсө да кийин көнүп кетти. Бир ирет Мөөржанды жанына чакырып алып кепке тартты, акыл-насаатын айтты: «Кызым, айланайын, окуйм дедиң эле окудуң, эми минтип өкмөт ишине жарап жүрөсүң. Бойго жеткен кыздын бой жүргөнү жарашпайт. Өзүң теңдүү бирөө менен кол кармашып, турмуш курсаң... элге окшоп неберелүү болгум келет... Айткан сөзүмдү жаман көрбө, сени мен жаман болсун дебейм, балам». Мөөржан анда деле адатынча унчукпай кутулган. Анан ошондон көп өтпөй бир күнү иштен келсе, эшик алдында эки машина токтоп туруптур. Ирегедеги меште казан асылып, эт кайнап жатат. Апасы кирип-чыгып күйпөлөктөп конок камын көрүп жүргөнсүйт. Ичкери кирсе чоочун кишилер, анан бир кемпир отурган экен. Апасынан «булар кимдер?» деп сураса, «мындайыраак тайкелериң болот». – деп койгон.

Эгер тайкелериңе күйөөгө берип жатам деп ачык айтса, Мөөржан токтотуп коймок. Мен силерден күйөө сурадым беле деп ороңдомок.

Мөөржандын эки ата өткөн тайжеси Кетмен-Төбөгө күйөгө тийсе да, Аксыга байма-бай каттап турчу. Тайжесинин көзү барда минткен эле:

– Тууганчылыгыбыз да алыстап баратат. Катташыбыз да үзүлүп калды, карыдык. Бүгүнкү бар дүйнө, эртең жок дүйнө. Неберелерибиздин бирөө жарымын кудалашып, сөөк жаңыртып коёлук – дегенде тайнеси: Туура айтасың, [illegible]бүлдүн көзүбүз өтсө балдарыбыз катташпай деле калышат ко. Бирок, неберелерибиз чоңойгуча качан? Аман-эсен чоңойушка беришсинчи анан көрөбүз – деген эле. Анан көргүчө эле тайнеси жүрөгүнөн ооруп каза болуп калды. Мөөржан анда

13тө эле. Мөөржанды окуну бүтүп, борбордо окуп жатат деп уккан тайжеси Кетмен-Төбөдөн эки курдай келген. Ал окууда болгондуктан көрүшпөй калган. Ошондо Мөөржандын апасына кулак какты кылып каңкуулап кеткен.

Эртеси жаштар отурган машинага Мөөржан жеңеси экөө отуруп тайкелерин узатышмак болду. Кайдан узатмак эле ошо бойдон Кетмен-Төбөгө чейин барып, тайжесинин үйүнө келин болуп кирди.

Убакыт токтобой өтө берди. Ал Каныбегин дагы деле унуткан жок. Күйөөсүн Каныбектей сүйбөсө да, сыйлоочу. Сен-мен дешпей, арадан бир жыл өттү.

Мөөржандын денеси улам оорлоп, ай күнү жетип баратты. Күйөөсү аны төрөт үйүнө алып келгенде күн чылк бүркөө эле.Мөөржан аман-эсен көз жарды. Уулду болду. Наристе ыңаалап жарык дүйнөгө келгенде, күн күркүрөп, чагылган чартылдап, жамгыр төгүп турду… Мөөржан ымыркайын алгач ирет колуна алып, «Жамгырым менин», - деди да бооруна кысты. Эненин көзүнөн аккан жаш жүзүн жууп, дүйнөгө жаңы келген наристенин бетине тамып жатты…

***

Убакыт деген учкан куш экен, арадан билинбей жылдар өтүп кетти. Уулу Жамгыр аскерден келип, айылда бир жыл иштеди. Кийинки жылы айыл чарба институтуна окууга кирди. Атасынын бир тууган иниси шаарда болсо да, Жамгыр жатаканада жашайт эле. Агасыныкына тынбай барып турчу. Бүгүн да ошол агасыныкына жөнөдү. Жаздын жели эркелеп, ага аралаш мелүүн жамгыр себелеп турду. Жамгыр агасынын үйүнө кире берерде ичкериден атып чыгышкан эки кыз: «Ай-ий, жамгыр» - дешти жарыша. Эч нерседен капарсыз келаткан Жамгыр:

– Мага сүйлөдүңүзбү? – деди чоочуган түрдө.

– Эмне, сизди чоочутуп алдыкпы? – деди кыздардын бири, кол чатырын ачып жатып.

– Андай деле эмес, менин атымды айтып чакыргандай болгонуңардан эле…

- Сиздин атыңыз ким эле? Кыздардыкындайбы?

Аңгыча сыртта ойноп жүргөн Руслан агасын көрө коюп:

- Жамгыр байке, Жамгыр байке, - деп тигилерди көздөй алыраңдап чуркап келди.

- Жамгыр дейби? – Кыздар бири-бирине таңдана карашты.

- Коңшуна жашайт турбайлыбы, кыздар, таанышып коёлу, менин атым Жамгыр.

- А меники Мира, - деп шакылыктады чачы кесилүүсү.

- Мөөржан - деди экинчи кыз.

- Эмне? Мөөржан?

- Аябай чоочуп кеттиңиз го? Сүйгөн кызыңыздын атына окшош бекен?– деди Мира.

- Жок, апамдын атына…

- Анда апа деп жүр, - деди Мира Русланга момпосуй берип жатып.

- Жамгыр. Жакшы ат экен. Менин папам жамгырды аябай жакшы көрөт. Жамгыр жаап турганда төрөлсөңүз керек, - деди Мөөржан.

- Балким, - Жамгыр ийнин куушуруп койду.

Ошондон баштап булар такай жолукчу болушту. Жамгыр Мөөржанды көрүш үчүн эле агасыныкына адаттагысынан көп келчү болду. Таанышкандарына бир жылдан ашуун убакыт өттү. Мөөржан Жамгырды такай үйүнө чакырат. Анын сүрөтүн атасына көрсөткөнүн, атасы жактырганын, анан дагы үйүнө чакырганын айта берет. Бүгүн да Мөөржан Жамгырды атасы күтүп жатканын айтты. «Барса барайынчы» деп чечти Жамгыр. Эшикти ачкан ак чач, жашы элүүлөрдөгү, толугураак кишиге салам айтты Жамгыр.

- Папа, бул Жамгыр, - деди Мөөржан атасын кучактай.

- Эң жакшы, кел, кире кой, Менин ысымым Каныбек, - деп колун сунду тиги киши. Мөөржан бөлмөсүнө кирип кетти.

- Сүйлөп отур балам, кайсы жерликсиң, канча бир туугансың?

- Кетмен-Төбөлүкмүн, беш бир тууганмын – деди Жамгыр ыптыйсыздана.

- Ата-энең кайда иштейт?

– Атам Рыскул совхоздо, апам мектепте, аты Мөөржан, бөлмөсүнөн чыккан Мөөржан экөө тиктеше күлүп коюшту.

– Апаңдын туулган жери да Кетмен-Төбөбү?

– Жок, Аксыдан. Турмушка чыккан жери Кетмен-Төбө Атам ала качып келген экен.

– Сен апаңа окшош болсоң керек? – тиги киши ойлоно калып олдоксон суроо берип алды.

– Ооба, кантип билдиңиз?

– Мен… мен жөн эле болжоп… Ыя кызым, мейманга чай алып кел, мен азыр, - ал тамагын кырымыш болуп, жаш баланын уурусун карматкандай ордунан тура качты. Ички бөлмөгө кирип, көзүнүн кычыгына пайда боло калган жашты сүртүп жатып күбүрөндү: «Айтпадым беле, өзү, куюп койгондой окшош, ушундай да жолугушуу болот экен э, тобоо кылдым. Энесинин эле өзү. Таң каларлык… Өткөн өттү. Эми ушул жалгыз кызым Жамгырга баш кошуп, ылайым бактылуу жашаса экен, биз аздектей албай калган махабаттын учугун экөө улантса экен»…

Өткөн окуя азыр болуп жаткандай көз алдына тартылып Каныбектин денеси бир башкача чымырап чыкты.

***

Каныбек Мөөржанга жолугуп келгендин эртеси ишинде аябай көңүлдүү отурган. Бир маалда каалга акырын тыкылдады.

– Ачык кире бериңиз, - деди Каныбек. Ууру мышыктай жымжырт басып Имиш баш бакты:

– Саламатсызбы?

– Ой келгиле, саламатчылык. Кел Имиш отур, келип калыпсың, тынччылыкпы деги, сүйлөй гой?

– Тынччылык эле, бир болбогон иш менен, - ал сөздү эмнеден баштарын билбей буйдалып калды.

– Айта гой, айта бер.

– Каныбек, - бир аздан соң кабагын чытый - Сиз эң жакшы адамсыз, мен сизди сыйлайм, бирок… сиз… алданып жүрөсүз мен…

– Эмне дейсиң, ким ал, мени алдап жүргөн? – Каныбек эчтемкеге түшүнө бербеди.
– Мөөржан...
– Мүмкүн эмес, ал мени кандайча алдап жүрөт?
– Кудай урсун сизди алдасам... өмүрүмдө эч кимге жалган сүйлөгөн эмесмин, - Имиш аптыга, аптыга сүйлөп жатты, - сизди начар кыз менен байланышып, жаман атка конушуңузду каалабайм...
– Болбогон кеп, деги эмне айтмаксың муну менен мага. Мөөржан сен ойлогондой кыз эмес, мен аны жакшы билем. Болбосо мени кандайча алдап жүрөт, кана айтчы? – Каныбектин ачуусу келе түштү.
– Эмесе угуп туруңуз... Ильясты билесизби? – Имиш бозоро түштү.
– Мөөржанга сөз айтып жүргөн жигитпи?
– Сөз айтып жүрөт дедиби уялбай? Кезинде өзү сөз айтып, мени ортого салган.
– Койчу? – Каныбек уккан кулагына ишене бербей чочуп кетти.
– Чын айтам - Имиш өктөм сүйлөдү - кудай урсун, ошо кудай ушу.
– И-и, анан, дагы эмне болду, айта бер?
– Ананбы? – Имиш кайра-кайра тамагын кырына сөзүн улады, - анан экөө жүрүштү, кийин эле сизди таап алып, Ильясты жээрип, жанына жолотпой уруша баштады. Ушул күздө тойлору өтмөк болчу, сиз алардын ортосуна сайылган тикенек бодуңуз да калдыңыз...
Каныбек бир нерсе демекчи болуп баратып, акырына дейре баарын угайынчы дегенчеликте токтоп калды. Имила жебирей берди.
– Мөөржан сизди деле анча сүйбөйт, Ильясты деле. Ал ар кимди сүйөм дей берип көнүп калган. Ал өз өңүнө, чырайына ишенет. Кайсы жигитти болбосун имерип алам деп ойлойт. Эгер ишенбесеңиз мына, азыр, - Имиш сумкасынан бир нерсе издей баштады. Анан эки сүрөт, бир катты алып чыгып,

Каныбекке сунду. Мөөржандын сүрөтүнүн артында: «Өмүрлү
сүйгөнүм А…га, Мөөржан», - деген жазуу жүрөт. Каныбекти
өңү кубара түштү. Экинчи сүрөттө Мөөржан менен Ильяс эл
«Алдамчы» - деди Каныбек ичинен сүрөттөрдөн көз албай. Ка
болсо анын айылдагы курбу кызына жазган дубай салам
болуп чыкты. Анын аягында: «Курбум, мен азыр мындагы
жигит сөрөйлөрдүн баарын чаныіп, Каныбек аттуусун торг
түшүргөм» - деп жүрөт. Каныбектин беттери чымырап кетти
Кыжыры келе:

– Сен буларды кайдан алдың? – деп корс этти.

Имиш коркуп кетти. Бирок, анысын билгизбеске арак
кыла:

– Билесизби, бул катты ал почтого салам деп унутуп коюпту
сүрөттү болсо жигитине берем деп жүрүп бербей калган, берк
дагы альбомунда жүрүптүр - деди бейкүнөө түр күтө.

– Мага калтырып кет, бардыгын. Аны менен өзүм сүйлөшөм

– Жок! – Имиш секирип кетти, - сиз анда мени өлтүрөсү
мен сизди деп, сизди аяп, сиз үчүн алдыңызга келип отурам
сизден бөлөк бирөө болгондо эмне болсоң ошо бол демекми
анын үстүнө буларды андан уруксатсыз алып алдым, кайр
алпарып ордуна коюп коюшум керек, издеп кала электе. Бу
кылганымды билсе, ал мени тытып жейт, мен баарын сиз үчү
жасап атам, сыр бербей жүрө берсеңиз, сиз деле акыры ө
көзүңүз менен көрөсүз, эгер колуңуздан келсе мен тууралуу ос
ачпай эле коюңуз.

Аягында булар жөнүндө айтпасаңыз экен, - деп жалбары
кирди. Каныбек аргасыз бул шартка да макул болду…

Каныбек ушундан кийин бир жума өзүнө келалба
кыйналып жүрдү. Тамакка да табити тартпай койду. Ишин
да көңүлсүз келип кетет. Жап-жаш кызга алданып жүргөнүн
арданып, жанына барып жаакка чаап, уяткарып салгысы келе
Бирок, мончоктой кызды чапканга колу барбайт. Ээрчиши
жүргөнүн, кучакташып күлгөнүн эстеген сайын ичи эзиле
Баргысы келет, бирок, Имила айткандар жалган болсо, эм
үчүн Мөөржан телефон чалбайт деп ойлойт.

Ушинтип ой басып жүргөндө Мөөржан телефон чалып калат. Эртең барам деген себеби да ушу, эртеңге чейин оюн жыйынтыктап, Имиш айткандардын чын-төгүнүн кантип аныктап алышты ойлонуп атты.

Бирок, тилекке каршы ой басып келатып эле өйдө карай келсе Мөөржан менен Ильяс кол кармашып туруптур. Алыстан көрүп экөөнүн жулкулдашып атканын байкаса Каныбек да башкача чечимге келет беле, ким билет?

Имиш андан чыгып култуңдай сүйүнө, Ильяска барды, жалган кат, сүрөттөргө Каныбектин ишенгенин айтты. Алардын эмки максаты Мөөржандын туулган күнүнө Каныбектин атынан гүл берүү эле.

Экөө ээрчишип университеттин жатаканасында жашаган таанышыныкына келишти. Ал таанышын араң көндүрүп, туулган күн болгондо гүл бере турган кылышты. Гүлдүн ичиндеги катты Ильяс кооздоп жазды.

***

Бир топ жыл өткөндөн кийин Каныбек Калбүнү капысынан жолуктурду. Экөө эски тааныштардай ал-жай сурашып, көпкө турушту. Мөөржан жөнүндө эчтеме укпасын билген Каныбек сөз баштады:

– Мөөржан менен кат алышып турасыңбы, балалуу болгондур?

– Кат алышпай эле күндө көрүшүп турабыз, экөөбүз тең Кетмен-Төбөгө турмушка чыкканбыз, бир мектепте иштейбиз, жакында уулду болгон…

– Эмне таластык жигитке чыкпай калды беле? – Каныбек таңгала сурады.

– Ага эмнеге чыкмак эле? Мөөржан сиз ойлогондой кыз эмес болчу.

– Экөөнү сүйлөшүп жүрүшөт дебеди беле?
– Ким?
– Имиш. Ал дагы көп нерселерди айткан, мен…
– Имишке ишенсеңиз… жыргаган экенсиз…

– Имиш ошондой кыз беле?

– Жакшы болчу, бирок, сизге гана, - Калбү ыза болуп кетт
–Эми түшүндүм бардыгын, биз үчүн сиз табышмак бойдо калгансыз. Көрсө Имиш… - андан аркы сөзүн айта албай, чыккынчы, - деп жиберди көзүнө жаш имере.

– Имишке бекер эле доо коюп жатасың. Ал Мөөржан мен Ильястын бирге түшкөн сүрөтүн көрсөткөн…

– Ах, сүрөтүнбү? – Калбү сөзүн бөлүп кетти, - анын колуна эмне гана келбеген, кимдердин гана убалына калбады? Анда көрө окуусун бүттү беле деп сурабайсызбы? Акыркы курс көчкөндө Имиштин ичи билинип калды, көрүнгөн доктур барып, боюман алып бергиле деп жалынат, бирок кимиси барбасын өтүп кетиптир, андан көрө аман-эсен көз жарып деп кеңеш беришет. Мугалимдер билип калып, боюңа кимд бүтсө ошого тий дешет. Ал уялбай туруп Ильястан дейт. анысы мойнуна албайт, анан Имишиңиз сотко берет, окуус таштап кеткен, калганын билбейм эмне болгонун, а с болсо,бирөөнүн тилине кирип алып, Мөөржанга кат береси

– Кандай кат?

– Мөөржандын туулган күнүндө гүл берип жиберген болоч жарыңызды унутуп койдуңузбу?

– Түшүнсөм буйрубасын, эч кандай гүл берген эмесмин.

– Демек, ал да Имиштин колунан келген экен да…

– Билбейм садагаң, ишенсең башым айлан-көчөк бол турат… Өткөн күндөр мени шылдың кылып, каткырып к берген турбайбы? Кайдагы ушакка уюп…- Каныбек о үшкүрүп башын жерге салды.

– Сизди көрдүм деп айтсам, Мөөржан кандай болоор эк

– Жок, Калбү садага, мени көрдүм деп Мөөржанга айтп эле кой, мунун баары биригип келип - буйрукта, экөөбү бир үйдүн тузун буйрубаптыр да… - Каныбек жалдыр тиктеди.

– Бүгүн качанкы бир чечилбей калган табышмактын түйү чечилди. Ортого ким чок ыргытканын Мөөржан да билүү тийиш. Демек, сизди көрдүм деп айтуу менин милдетим…

***

Өткөндү эстеп көңүлүнө дүрбөлөң түшкөн Каныбек кантер айласын таппай. бөлмөдө жалгыз отурду. Качандыр бир кезде кучагында туйлап турган узун чач, кара көз, суп-сулуу Мөөржанды эстеген сайын ичи эңшерилет. Маңдайындагы күзгүнү карап, ак аралаган күмүш чачтарын салаалары менен сылап койду.

Ашканада өздөрүнчө бактылуу жобурашкан Жамгыр менен жалгыз кызы Мөөржан да аны унутуп калышкандай...

## КҮНӨӨСҮЗ КҮНӨӨКӨРҮМ...

Качан да болсо жазыксыз адамымды эстейм. Ар качан анын көз алдымда турганы турган. Аттиң, ал кайра төрөлсө, балким баары башкача... ооба баарын башкача баштамак. Жанагы эки жылдык аскердик кызматтан баш тартмак. Ооба, үйлөнтмөк... Качан, кайда болбосун, анын айыпсыз көздөрү мени күнөөлүүдөй тиктейт да турат, тиктейт да турат. Эмне үчүн?

Алегенде мага ал өзү ашык болбой эле, апасы ашык болбоду беле? «Назгүлүмдү келин кылып алам, кудай буйруса» деген сөз оозунан түшчү эмес. Бирок, кудай буйруган жок.

...О менин күнөөсүз күнөөкөрүм! Бир ирет апаң сенин паспортуңу алып келип: «Мына менин уулум, экөөңдү кантип тааныштырсам экен?» деген эле. «Кана бериңизчи...- деп паспортту колума алып көрүп,- ой-ийий, отузда турбайбы, менден он жаш улуу экен, коюңузчу мунуңуз менен кантип таанышайын», дегем. Апаң анткениме таарынгандай деле болгон жок, сыягы. «Жаш да» деп көңүлүнө албаса керек. Андан кийин деле бир айтып бир, эки айтып эки койбой койду. Акыры апаң чындап чыгына баштады, экөөбүздү тааныштырууга. Мен үйүңөргө барууга аргасыз болдум. Ушул жерде апаң бир чети абдан акылдуулук, бир чети куулук кылды. Базардан тамак-аш, жашылча- жемиш, дагы бир кыйла буюм-

тайымдарды сатып алып, жеткизишип коюшумду суранды
Ансыз деле апаң экөөбүздүн жакындыгыбыз артып, көпкө
көрүшпөй калсак кадимкидей сагынышып калчубуз. Сен
болбогондо балким биз мурдагыдай эле эже-синди болуп
катташып калмак белек, ким билет?...

Үйүңөргө барып, карындаштарың менен шыңкылдашып отурганымда, сен кирдиң үйгө. Мени көрүп салам айттың да, көп буйдалбастан эле өз бөлмөңө өтүп кеттиң. Чыбыктай солкулдаган чырайлуу сени көрүп, отузга келгениңе ишене бербедим. Сен келгенче жалаң эле сен тууралу кеп кылып отурганбыз. Отузга чыккыча кыз менен сүйлөшпөгөнүңдү, кыздар келсе үйдөн качып кетериңди жомоктошкон карындаштарың абдан курсант эле. Сен бат эле биз отурган бөлмөгө кайра чыктың. «Эми дагы качат турбайбы шайтан көргөнсүп, бая эле кетип калбай, ка-ап», деп ичимден бушайман чектим. Сен чыгып кетер менен карындаштарыңын каткырып күлүшөрүн ойлодум.

Жок. Жаңылыпмын. Сен качкан жоксуң. Тескерисинче, мага жакын келип отурдуң да, «апа, тамак жокпу? Конокту тамак бербей отургузуп койгонсуң го» - дедиң. «Айланайын десе, берем тамак, берем кагылайын, бербей анан курсагы ачкан тура садага кетейинимдин, мынакей жегиле, өпкөмдү чабайындарым...» - деги койчу, эженин ошондогу чарк көпөлөк айланганын, сары секелектей жеңил чуркап, тамак ташып жатканын эстесем, азыр да ичим элжирейт. Сенден мындай чечкиндүүлүктү күтпөгөнгөбү, эже кубанычка алдырып койду. Буга чейин сен жөнүндө көп уккан мен да, тез эле ачылып кеткениңе ишене албай турдум. Балким менин өңү-түсүм сени жипсиз тушап койгондур. Анда-санда сүйлөмүш болуп, чай ичип, телевизор көрүп отуруп кеч да кирди. Оо, бая эле кетмек болгом. Отуз жылдан бери ачылбаган жигиттин түнттүгүн көшөгөдөй сыйрып салганыма курсант боло ичимен жымыңдап, кетем дебей тим отурдум.

Сыртка чыкканымда айлана-чөйрө, ал тургай аалам жүзү өзгөрө түшкөнсүп, түнкү жарык чакчайып, күлүп туруптур

Алтын апакеңдин «калып кал» - деп жалынганына болбой, кетүүгө ашыктым. «Караңгы, коркосуң» - бар тапкан шылтоосу ушул. «Апа, мен узатып коём». Ооба, апаң ошону гана күтүп турган сенден. Ал тургай карындаштарың да сүйлөшүп алышкансып, жым-жым боло житип кетишти.

Ошентип сен өмүрүңдө биринчи жолу кыз узаттың. Жолго чыкканда биринчи болуп мен унчуктум. «Убара кылып койдум го, кайсы жерге чейин узатасыз?». «Жатаканага». «Жатаканада жашаганымды кайдан билесиз?» Олдо, менин олдоксондугум ай, кайдан бере салдым эле бул суроону. Кызарып-татара жер тиктеп, унчукпай калдың. Билип туруп антип сурап не кылам дейм да. Экөөбүздүн сыртыбыздан таанышканыбызга деле бир топ болуп калбады беле? Үйүңдө илинип турган менин сүрөтүмү күнүнө нечен жолу сук артып тиктедиң экен? Сенин томсоруп жерден көзүң албай, чылым түтөтүп келе бергениңен улам, кайрадан сөздү өзүм баштадым...

***

Оо, мен андан кийин да канча жолу келдим экен силердикине. Эсеп жеткис. Ортобузда анча байкала бербеген акактай сезим акыры жүрүп отуруп тутана баштады. Ал тургай алоолоп. Күйүп баратты. Бири-бирибизди көрбөсөк, бир орунда жай таап тура албай калчу болдук. Эки күн келбей калсаң, кыз затына шайкеш келбеген кылыгымды карматып, үйүңө издеп барам. Мунумду үйүңдөгүлөр эрөөн албай да калган. Андан чыгып экөөбүз эгиз козудай ээрчишип театр, кино, сейил бак... деги койчу кайда гана барган жокпуз. Биз барбаган жер да калган жок. Ошондонбу көп эле көчөлөгөндүн да кунары кача баштады. Зеригип бүттүк.

Мен окууму аяктар жылга келдим. Биздин байланышыбызды апакеңдин бир гана кеби бузду. Бир күнү вахтасына чакырып алып, чай берди, өзү аябай ойлуу отурду. Ары ойдолоп, бери ойдолоп отуруп, акыры кеп төркүнүн айтты. «Балам бу силер качан той өткөрөлү деп жатасыңар?. Окууңу да бүтмөй болдуң. Убакыт деген немең кой-айды билбеген ташкын дайра белем,

кечээ эле тааныштыңар эле, минтип беш жыл билинбей өтүп кетиптир, тойдун камын көрөйүн, дипломуңду да жууйбуз».

Эженин бул сөзү мени олуттуу түрдө ойлондуруп салды. Кызык! Чын эле, эмне үчүн ушунча убактан бери үйлөнүү тууралуу кеп козгободуң? Мени окуусун бүтсүн деп жүрдүң бекен? Мына эми бүткөнү калбадымбы. Бүгүн-эртең бөлүштүрүү башталат. Мен кайда бөлүнөрүмү да билбейм.

Эртеси күнү кечке ушу ой менен алпуруштум. Эмнегедир өзүмдү бейтап сезип, буулугуп эле чакан бөлмөгө батпай койдум. Сенин таксиңин үнүн тыңшайм. Студенттер мамлекеттик экзаменге даярданышууда. Мен болсо терезеде жалдырап, тентек кыздан таяк жеген баладай ызалуу отурам. Ушул саам сенин келишиң жылга айлангандай, узаргандан узарып баратты. Мынакей, аңгыча таксиңин тааныш үнүн уктум. Ансыз да чыдамым калбай араң отурган жаным атып чыктым. Адатыңча бош кучактап, пешенемен өөп койдуң. Мойнуңа артылып сыга-сыга кучактадым. Бу көрүнүш көнүмүш адат болуп калган. Иште жүргөндө күнүгө бир маал ушинтип кайрылып кетчүсүң. Биртке кобурашып отуруп, мен да жатаканама кирип кетчүмүн. Азыр анткен жокмун. «Кеттик» дедим. «Кеч болуп калды, жатаканаңа киргизбей коёт». Мен болгон жокмун. «Мейли, кирбейм, сеникине барам». Жалт бир карап алдың да таксиңди от алдыра баштадың...

Түнкү саат он экиде таксиңи базага коюп, үйүңдү көздөй жөө жөнөдүк. Ай нуру биз бараткан тар көчөгө төгүлө, адашпагыла дегенсип алды жактагы жолубузду жаркыратып келатты. Бул түндө мындай сүттөй жарыктын бизге эмне кереги бар эле? Анда-санда чыйрыккансыган балапандардын чыйп-чыйпы угулат. Экөөбүз тең өз, өз ойлорубуз менен алекпиз. Бири-бирибизге билгизбей улутунуп коёбуз. «Эмне унчукпайсың?» дедим. «Нази, сен кандай сулуусуң, эч кимге ээ кылбай энчилеп жүрдүм. Кечир мени.» «Ал эмне дегениң?» - чоочуп кеттим. «Жүрө кой күчүгүм, үйдөн сүйлөшөбүз, эстүү кызсың, баарын түшүнөсүң», тилиң күрмөөгө келбей, кара терге түшүп кеттиң. «Анчалык сырың болсо азыр угам,

барбайм үйүңө». Жинимдин келгенин жашыра албадым. Эмнени эле айталбай кыйналып турат деп ойлодум. Деги жаман сөздү угуза көрбө кудайым деп, кудайга жалынам ичимен.

Мен токтоп калдым, сен « жүрчү эми, үшүп кеттиң» дедиң. «Барбайм, демек тек гана ойнотком дечи», көктүгүмү кармятып туруп алдым. Ошондо да татынакай көздөрүң жалооруп тиктесе ичим эзилип, боюңа боюму таштагым келип турду. Колумдан тартып өкүм үн менен «кеттик» дедиң.

Эмнегедир ушул саам чечкиндүү болуп чыйрала калдың. Тартышып, жетелешип отуруп акыры үйүңө да жеттик. Далиске чечинип, сенин бөлмөңө өттүк. Термостогу чайдан куртап коюп, бир топко үнсүз отурдук. Тунжуроодон кулак тунат. Ортодогу жымжырттыкты бузуп «Назгүл, турчу жатып эс ал», - дедиң. «Кереги жок, чарчаганым жок», - деп колуңу түрттүм. Төшөгүңү ачып коюп дагы сурандың. Аныңа деле көнбөдүм. Эркке койбой, көйнөгүмүн түймөсүн бошотуп жиберип, жарыкты өчүрдүң да, мени көтөрүп керебетке таштадың. Өзүң жайма жай чечине баштадың. Мен чочуладым. Эмелеки бала кыялым өзүнөн-өзү алыстап, бир укмуш дүйнөгө сүңгүп кирип бараткандай алеп-жалеп болуп турдум. Аңгыча дене бойду үркүтүп, койнума сойлоп кирдиң. Боло турган иш эле, эми болду да деп ойлодум. Бүгүн эмне болсо да макул болуп, баарына кайыл болуп, унчукпадым.

Кучактап чала-була өбүмүш болдуң. Көңүл кош мамилеңе ичим жылыган жок. Белимди бош кармап турган колуңан чыккан жылуулук өчүп тутанган кызыл оттой жалындап баратты. Урушуп элдешкен балача колум менен жүзүңү сыладым. «Назгүл, мени кечирип койчу, күнүм, - дедиң бир маалда, - мен болбосом эмдигиче бир үйдүн куту болот элең, ал затына жолобошум керек эле… аскерден жарты жан болуп келгем», - үнүң аянычтуу чыгып жатты. Үшкүрүгүңөн үйдү туман каптап бараткандай сезилди. «Эмнени эле дөөрүгүсү келип жатат», - дейм ичимде, дагы деле эч нерсеге түшүнбөй. Далыма түшкөн чачымы буурдай кармап, көкүрөгүңө жаа

оодарылып, денемди денеңдин жарымына таштадым. Кучагыма кысайын деп баратып, ок тийгендей тык токтодум. Эми гана түшүнгөнсүдүм окшойт. Жүрөктөрдүн тынымсыз согушу даана угулат. Аба жетпегенсип, оор-оор дем алабыз. Ушул көз ирмемдин ичинде башымы туңгуюк ой тепкилеп жиберди:

«Чын эле жансыз турбайбы?, кантип эле ушундай болсун, о-оо шордум», - деп бакырып үстүңө жыгылгым келди. Жаным ачып, көмөкөйгө тыгылган ызамды жашырууга алым жетпей калды. Үнүмү чыгарбай бышактап ыйладым, көзүмдөгү жаш чууруп көкүрөгүңө тыпылдап тамып турду. Мага кошулуп сен да ыйладың. Жүзүм жүзүңө тийгенде ачуу көз жаштарыбыз аралашып кетти. О, жараткан! Жанымдай жакшы көргөн сүйгөнүмүн көз жашын көргөзбөй койсоң эмне болмок? Эмнеден жазды, эмнеден жаңылды, кудайдын тузун уурдады беле бу кургур?... Тагдыр ай, кайсы күнөөсүнө мынча жазаладың...Эми эмне кылам. Кантип жүзүн карайм. Кантип ордуман туруп кетем. Кандай сөз менен жубатам, көңүлүн оорутпаш үчүн кайсы сөздү сүйлөйм деген ойлор мээмде чачылып- сапырылып атты. Дагы деле катуу кучакташкан бойдон ыйлап жаттык...

Таң супа салды. Үйүңдөгүлөр ойгонуп басып жүрүштү. Экөөбүз биринчи болуп турууштан айбыгып, көзүбүздүн жашы кургап калгыча жата бердик. Акыры башыңы көтөрүп:

«Кечир мени, алтыным», - дедиң да, түрүлбөй калган ич көйнөгүмү колуң менен акырын жумшак сылап, ордуңдан козголдуң. Какшып калгансып такыр сөз таппайм, эмне дээрими билбейм, башымды жерден албай, үнсүз отуруп кийиндим. Көздөрүбүз аябай шишиген. Жетелешип чыгып баратсак карындаштарың, апаң үнсүз таң калган көздөрү менен узатып калышты. Эч кандай саламга келбестен бетими жаап чыгып кеткиче шаштым. Бирөө мени куугунтукка алгандай шыпылдап бараттым. Не деген гана ойго кабылбадым дейсиң ошондо. Эже кандай ойдо калды экен? Биз чыгарыбыз менен күбүр-шыбыр кеп жүрөт. Дарбазага жетип-жете элегибизде

алар сенин бөлмөңө киришет, төшөгүңү ачышат. Ак шейшептин аппак бойдон турганын көрүшүп көңүлдөрү сууйт. Мурда деле бирөөлөр менен түнөп-конуп жүргөн неме болсо керек дешет. Чачымды мыжый кармап, башымды койгулагым келет…

… О, менин күнөөсүз күнөөкөрүм! Андан бери арадан канча жыл өттү дейсиң? Окуумду бүтөрүм менен айылга которулуп кеткем. Мөлтүрөгөн жаштыгымы сага жана борбор шаарга калтырып келип, бүгүн минтип отуздан ашып, турмушка чыкпай элден айбыгып жүргөн кезим. Сенден болсо дарек жок… Эстеген сайын ичим ачышат. Бассам-турсам сенин кыймылың, суз тиктеген көз карашың, чала тармал чачың, оор мүнөзүң, ойлонуп сүйлөгөн сөзүң, өңү-түсүң… койчу деги бүт баары көз алдыма элестеп, эсимди эки кылып , карттана албай жаткан жүрөктүн жаратын ырбатат да турат… Күн өткөн сайын сары оорудай саргайып, жалгызсырап жапа чегип, өчүп барам…Эч ким, жана эч ким сендей боло алган жок. Сенин ордуң эч ким баса албады. Мен сени эч кимге алмаштырбай ыйык кармап көкүрөгүмүн бийик төрүндө сактап келатам, сактап эле келатам. Кандай болуп калдың экенсиң? Өзгөрдүңбү же ошол эле бойдонсуңбу? О, менин күнөөсүзүм, эми сага бир жолуксам, калган жашоому армансыз сүрөт элем. Сага деген таза, аруу сезимимди, сага окшогон аппак, таза кагазга төгүп салып ыйлап жатам. Ыйлап эле келатам…

## УБАЛЫМ ЖЕЗДЕМЕ ЖЕТСИН

Мейиз менин журналист экенимди билгенден кийин башынан өткөн каргашалуу окуяны жашырып айткан эмес. Бир күнү эле куду вулкандай «тарс» жарылды да, төмөнкү окуяны төгүп салды. Сүйлөй да берди, ыйлай да берди. Мен өөн бузбай, тымпыйып угуп отура бердим. Эмесе, Мейиздин кайгысын бөлүшүп көрүңүз.

… Биз 10-класста жүргөндө пахтага алып кетти. Пахтага барыш майрам эле. Желибиз чыккыча оюнга тоймой. Анча-

мынча жактырган балдар менен кучакташып, пахтанын арасында бекинип, өбүшүп алабыз. Үйдө балээниби? Ата-эне деген бар. Бир күнү оюн койдук, шаардыктар дискотека дешет экен го? Местный балдар да катышып калышты. Ошолордун арасында солдат формасын кийген, узун бойлуу, кара тору бала көзүмө сонун көрүндү. Мен эле эмес, берки кыздар да ошол баланы тооруп калышты. Эптеп амалын таап, аны менен бийледим. Белимен кармап, жай музыкага чайпалып атты. «Сен мага жагасың, оюн бүткүчө мени менен болчу» деди. Көктөн тилегеним жерден табылып, «макул» дедим. Ал тургай кыздарга эрдемсип карап койдум. Өзбек бийин да катырып бийледик. Оюн бүткөндө «мен сени сүйүп калдым» деди. Башта мындай сөздү укпаганга эмне дээримди билбей калдым. Эртеси пахта аянтынан жолугушмай болуп, макулдаштык да, тарап кеттик.

Бир көргөн немени өлөрчө сагынып аттым. Кеч киришин зарыгып күттүм. Жеңил кирген сүйүү, жеңил чыгарын билбепмин. Күткөн убакта жолуктук. Сүйлөштүк. Өбүштүк. «Мен сени алам» деди. «Мектепти бүткүчө күтөсүзбү?» десем, «күтөм» деди. Башта эч ким менен мындай темада сүйлөшүп көрбөгөн жаным алам десе эле алат турбайбы деп ойлопмун. Маккам кучактап отурду. Дагы өбө баштады, кантип жөөкко жатып калганыбызды да сезбей калыпмын. Турайын деп аракет кылсам, тамагымды бөлкүлдөтүп өбө баштады. Улам эле эрип кетем. «Коюң, уят, ушунчасы жетет, туруң эми" дедим. Алтыным, антпечи, экөөбүз эми бир адамбыз да, түшүнсөң эрди-катынбыз, сени башка бирөө алып кетишин каалабайм. Сени мага гана буйруган. Бүгүндөн баштап менин ак никелүү аялым болосуң, эртең апамдар үйүңө барып, сага сөйкө салып келишет. Апама сен жөнүндө айтсам, ошентип айткан. Экөөбүз жолуккан сайын кошулуп турабыз, окууну бүтөрүң менен киргизип алам үйгө, - деди да этегими түрдү. Шамал түрө элек көйнөгүм ошентип түрүлдү. Кыз доорум кантип жандан суурулуп чыгып баратканын да байкабай калдым. Кыйкырган жокмун. Ыйлаган жокмун. Болгону аял болуш ушунча батпы деп аламды карадым. Кан жыттанып кетти. Ал бет аарчысын

берип атып: «Этек кириң келип атты беле?» - деди. «Жок» дедим. Экөөбүз эки жакты карап отуруп калдык. Эми мекиренип өппөй калды. Мен эмне болуп кеткенине акылым жетпей калды.

– Бир убак болуп калды, сени издешпейби? - деди.

– Издешет.

– Жүр анда, жеткизип коёюн.

«О, бая эзилишип атып такташпай калыппыз. Кап! -деп ичим ачышып кетти. Кайсы бетим менен барам, кыздардын бетин кантип карайм, үйүнө эле алып кетпейби?» - деп таза бушайман чектим. Эртең келмей болду. Эптеп кыздарга аралаштым. Эртеси келген жок. Биздин үйгө кетсе керек деп, өзүмү соороттум. Эки күн... беш күн... он күн... келген жок. Таң калдым. Бул эмнеси? Анан ыйлаганга өттүм. Ыйлап жүрүп, нормамды толтура албай аттым.

Уятты жыйыштырып коюп, аны издеп жөнөдүм. Жашаган көчөсүн сурамжылап таптым. Үч бала тамеки чегип, бир үйдүн алдында гитара чертип отурушуптур.

– Биз пахтага жаңы келгенде менден китеп алып кетти эле, эми биз жөнөп жатабыз, китебими ала кетейин деген элем - дедим.

– Ал аскерге кетти. Отпускага келген. Силер келгенден бир жумадан кийин кетти го, мынабу бала бир тууган укаси, - деди. Башка балта чапкандай кайра тарттым. «Алдамчы, жүзүкара, пас, жексур, ылайым аскерден кайтпай кал » деп каргап да, ыйлап да келаттым. Аскердик мөөнөтүм бүтө элек деп айткан жок эле. Алдап кеткен турбайбы, шерменде! Эми кантчүмүн? Эми эптеп мектепти бүтүп, окуйм деп шаарга качыш керек деп ойлоп жүрдүм кийин. Шаардыктар төшөк текшеришпейт имиш ко. Шаар тарапка эптеп күйөгө тийиш керек деп жүрбөймбү келесоо жаным, дагы кайсы кырсык күтүп турганын билбей. Этек кирим келбей калды. Курсагым бөрсөйүп баратат, эч ким байкай элек. Бир күнү төркү үйгө кирип, курсагымы күзгүдөн карадым, трико кийип алгам.

Артыман да карайм, алдыман да карайм. Ичими тартам, кайра чыгарам. «Жок, бул соо курсак эмес, эмнеге бөрсөйөт? Эмне үчүн этек кирим келбейт? Бир эле жолу тигинткенге кантип ушинтсин?» Жүрөгүм «шуу» дей түштү, «чын эле боюмда барбы, кудай сакта, о кудай, баарына макулмун, өлтүрсөң да, бирок боюма кыла көрбө!» Түшүнүп, түшүнө албай санаага батып турсам, бирөөнүн оор дем алганы угулду. Карасам, каргаша болуп, жездем карап туруптур. Коркуп кеттим, кантип кирип келди? Дымын чыгарбай менин кыймыл-аракетими көрүп-багып туруптур. Демек, сезип жүргөн, байкоо салып жүргөн экен да, куу тайган, эми өлдүм дедим.

Бул жезде сөрөйүм апамдарга да, эже-акаларыма да жакпайт. Дайыма чырдын үстүндө. Коңшу-колоңдун да көрөйүн деген көзү жок. Эжемин башы келтектен арылбайт. Каргаша жездем дагы чыр чыгарат. Эжем адатынча сүйлөнөт.

– Эй, сен койчу, тилиңи кыскартып, сиңдиңин тыягын тыйып алчы, - дейт жездем.

Эртеси күндөгүдөй эле мектепке жөнөөр алдында эжем келди, кабагы салыңкы. Кирип келатып эле ичими карады.

– Мектепке барбайсың, чечин - деди.

Коркконуман өңүм бузулуп кеткенин көрүп, эжем саал жибий түштү. Семейный разборка башталды. Апам, эки эжем, таежем төртөө, ортодо мен шордуу. Тепкилеп өлтүрүшөт деп ойлодум. «Жер жарыл, жер жарыл, мен түшүп кетейин!» деп тиледим. Суракка ала башташты. Ыйлагандан башка эмне дейм? «Ошо баланы айт, сотко беребиз, айтпасаң өзүңдү сүйрөп барып, мектепке чогулушка салдырабыз!» «Жатып өлгүчө, атып өл» деген чечимге келип, чыйрала түштүм да:

– Пахтада жүргөндө үч кыз болуп кечинде келатсак, бандит балдар аңдып жатышкан экен, кармап алып үчөөбүздү тең зордоп салышты. Мугалимге айтып же сотко берели десек, бирөөсүн да таанybай калдык. Анын үстүнө элге да шермендe болот элек. Ошон үчүн үчөөбүз шерттешкенбиз, эч кимге оозубуздан чыгарбайбыз деп. Эми мен силерди да, берки кыздарды

да жер каратпайм, бүгүн өзүмдү өзүм жок кылам, кудай мага он алты жашты гана берген турбайбы, менин өлүмүмө эч ким күнөөлүү эмес деп тилкат жазып кетем. Силер мындан ары жамандык көрбөй тынч, аман болсоңор болду, жамандыктын баары мени менен кетсин, - деп боздоп ыйласам, кысмакка алып аткан төртөө тең кошулуп ыйлап киришти.

Кыскасы, мени элден көмүскө жакка алпарып, курсактагымы жок кылмай болуп чечишиптир. Катуу ооруп калды деп, мектепке жөнөтпөй коюшту. Курсактагыны алдырганга кеч болуп калыптыр дешип, башка шаарга жер котортушту. Жаз келди. Мени табыштап кеткен гинеколог - орус киши: «Наристени операция жолу менен алабыз, антпесек тигил жагы разрыв болсо, кийин билинип калат, курсагындагы шрамды апендицит болгон деп коесуңар, төрөп алган соң кыздыгын бүтөп берели» деп акчаны ченебей айткан экен, апам менен эжелерим болгон малын сатышып, эптеп кутулушту.

Операция болду, балканактай уул төрөдүм. Туруп басып калганда эжемдер келишти:

- Кандай? - дешти.

- Эркек экен, - деп ийипмин.

- Кокуй шерменде, эмизе көрбө, - деди эжем. Аны төрөй электе эле кулагыма куюп коюшкан.

- Эмизген жокмун, сүт чыкпай атып, бүгүн араң чыкты.

- Баланы көрдүңбү?

- Ооба, күндө алып келишет, сүт чыкпаганынан кайра алып кетишет.

- Ошол ийри жылан түбүңө жетип атпайбы, алба колуңа, айт жанагы кишиге, алып келишпесин, мыногу жоолук менен эмчегиңи сүт чыкпай турган кылып катуу таң. Өзүң оңолуп кетсең болду. Жез тумшукту тиктебе, мекиренбе, элдин бетин караштьы ойло, - деп кетти эжем.

Палатада отурам. Кечинде бардыгынын баласын алып келишти. Меники жок. Жүрөгүм кысылып чыкты. Сүт чыкканда алып келбегенин карасаң? Барып баланы сурасам, бербей коюшту. Көрсө эжем гинекологко катуу дайындап

кетиптир. Эмчегим ийип чыкты. Сүт диркиреп агып атты. Балдарды чогултуп жүрүп, нянка көрүп калды.

– Жүр, - деп мени ээрчитип балам жаткан жерге алып келди.

– Эмизгиң келеби?

– Келет.

– Только никому ни слова, уктуңбу, эч ким көрбөсүн, ушул жерде эмиз.

Сүйүнүп кеттим. Биринчи жолу бала эмиздим. Оозун чормойтуп, эмип атат, мусапырым, ачка экен, эртең чыгып кетем, бул шордуу кимге калат? Ыйлагым келип кетти. Адегенде куурчак ойногонсуп жөн эле кызыкчылык үчүн эмизип көргүм келген. Көрсө боор этимен чыккан наристем турбайбы! Эмип баратып магдырап уктап кетет, мен эмчегими тартымыш болуп койсом, ойгонуп кетип, кайра соро баштайт. Анан өз энесин билгендей, эч капарсыз мемиреп калат, кучактап шуу-шуу жыттадым. Жытына тоер эмесмин. Койчу, кантип таштайм ушуну? Ичимен кан кетип атты. «Орус кемпирге болгон сырымы айтып, баламы көтөрүп качып кетсемби» деп ойлодум.

– Эмне ыйлап атасың? - деди нянка. Мен болгонун божурап келатсам:

– Ооба, мен баарын билем, бирок, бул балаң да сатылып кетти өзбектерге, сени кошо алып кетти кылып, баланы да чыгарышат эртең -деди.

Мен ого бетер ыйладым. Баламы боорума бекем кысып отурдум, магдырап уктап атат, эч нерсе менен иши жок, мусапырым, энеси таштап качарын кайдан сезсин? Нянка баланы ордуна жаткызып атып:

– Баланы эмиздим деп айтпа, өзүңө да, мага да тил тиет. Кумардан чыгып алсын дедим. Жүр эми палатаңа, - деди. Мен балама аттап жетип, дагы жыттагыладым. Кемпир боор ооруп карап:

– Нечедесин? - деди.

– Жакында он жети...

– Ничего, дагы төрөп аласың,.

Таӊ аткыча уктаган жокмун. Көзүмү жумсам эле баламын ыйлаган үнү угулат. Ооруп атам деп, эртеӊ чыкпай коеюн деп ойлодум. Бир күн болсо да баламын жанында болоюн. Көз ирмебей таӊ атырдым. Балдардын бирин-серин ыйлаган үнү угула баштады. Жетип бардым. Нянка жалаяктарын которуп атыптыр.

– Эмизип алайынчы, - дедим.

– Сеники уктап атат.

– Сиз смен өткөрүп кетсеӊиз, мага бербей коюшат.

– Азыр балдарды апарганда сеникин да ала барам. Кызым, сен энеӊ менен ачык сүйлөш, минтип чайналба, ал кечирет, баламы таштабайм десеӊ эне да, кантип жок десин.

– Биз башка райондон келгенбиз. Ушул баланы таштатыш үчүн мени ушул шаарга алып келип төрөтүшпөдүбү!

– Баланы алып кеткиӊ келип атабы?

– Алып кетким келип атат, - деп эчкирип ыйлап жибердим.

– Ыйлаба, андан көрө азыр балдарды эмизип бүткөндө келчи мага, сүйлөшөбүз.

Сүйүнүп, ичими ишеним аралап кетти. Чымчыктын балапанындай чыйпылдаган жаныбарларым ай! Тигине, нянка керебетке баарын салып, улам палата сайын таратып келатат. Кээ бир энелер мага окшоп, босогодо күзөттө турушат баласын күтүп. Бизге кезек эми жетейин дегенде медсестра келип:

– Жүр, - деди.

Ийне саят ко деп ээрчип баратсам, алдыӊкы кабатка жетеледи.

– Кайда? - дедим.

– Доктур чакырып атат.

«Кара баскыр, ал эмне, таӊ атпай суутуп койгонсуп... Баламы эмизгиче өлүп баратыптырбы, кое турса болбойт беле. Ырылжыӊ болуп, алдыӊкы кабатка түшүп келдим. Жактырбай турганымы көрүп:

– Жүрө гой, - деп сыртка жетеледи.

– Кайда?

– Эжеӊе.

Куйту жездем кечээ балага боор тартып калганымы байкап, эжемин кулагына кумдай куюптур. «Эми сиңдиң баланы да ала чыгам дейт, анан элди кантип тиктейсиңер, андан көрө таң атпай алып кетип калалы» деп, гинекологду уктап жаткан жеринен ойготуп келгендеги кербези экен. Сыртка чыгарым менен машинага отургузуп, жездем от алдыра баштады.

– Кайда? - дедим дагы.

– Үйгө - деп эжем таң калып карады. Мени минтип күтүүсүздөн уурдап кетишерин ойлогон эмесмин. Ичиме өрт таштап жибергендей болду.

– Токтогула! - дедим.

– И-и?

– Баламы бир көрүп алайын.

– Көрүп эмне кылат элең? - деди жездем шылдыңдуу.

– Буюмдарымы да алган жокмун, - деп шылтоолодум жандалбастап. Ичим ачышканынан ыйлагым келип атат.

– Башы-көзүңөн садага буюмдарың, - дешти.

– Эже, - дедим жалооруп, - токто деӊ жездеми, болоор иш болду да эми, уялганга деле менде бет калбады, баланы бир көрүп чыгайын, колуман келсе таштабайт элем, эми кантейин, бешенем ушундай экен, токтотуң жезде, коштошуп калайын?..

Эмчегим ийип кеттиби, айтор, сүт агып кетти, эки колум менен эки эмчегимди кармап калдым. Халатым шөмтүрөп, эмчек тушу суу болуп калганын көрүп:

– Эмиздиң беле? - деди эжем.

– Бечара ымыркайым, ак сүтүмдөн кечтим, сен да мени кечир, убалыбыз башка бирөөлөргө жетсин! - дедим да, озоңдоп кирдим. Эжем жаакка бир салды. Мен экинчи жаагымды тостум: - Ме, чап, дагы чап, көрдүм гестапо экениңерди, таң ата электе келип туткундадыңар, бир-эки сааттан кийин балам экөөбүздү таппай калмаксыңар. Гестапо бар экенин билбей калбадыкпы, жок дегенде атыңы коюп өлсөмчү!

Эми менин бар-жогум баары бир болуп калды. Бетим ачылып калганга уялган дагы жокмун. Сөйрүк жездем бирдеңкелерди бежиреп, эжемин кыжырына тийип келатты.

Менин кордугуман да жездемин заары өтүп турду эжеме. Башка шаарга алпарып төрөткөндү, баланы таштап качканды баарын жездем үйрөтүп, жакшы көрүнөм дегени. Апамдар иши кылып эле элге угулбаса болгону деп, келесоо күйөө баланын айтканынан чыга алышпады.

Бүгүн үч күн болду наар татпаганыма. Эмчегим үйлөп койгондой шишип кетти. Балам эмчек эмем деп келип, мени таппай калганын эстесем жинди болуп кетким келет. Температурам көтөрүлүп, жөөлүй баштаганымда доктур чакыртышыптыр. Доктур «абалы начар» дептир. Мен эсиме келгенде эжем:

– Роддомго барып, баланды алабыз, - деди. Мен сүйүнүп кеттим. Эмчегими саап сүт жаңырттым. «Тамак жебесең, сүт чыкпай калат» деп биртке тамактандырышты. Ооруган эмчегим басыла түштү. Таң атышы тозок болду. Кыйналып атып, таң да атты. Роддомго да келдик. Эжем гинекологго киргенде, босогодо аңдып турдум.

– Иштер чатак, - деди эжем, - кызыбыздын абалы начар, жөөлүп атат, баланы кайра алып кетпесек болбой калды.

Врач чоочуп кетти:

– Эмне деп атасыңар, бала ошол эле күнү кеткен ата-энесине.

– Баягы өзбектергеби?

– Ал силердин ишиңер эмес.

– Эрдик кылып ошолордун адресин бериңизчи, бай болгур, биз баарын түшүндүрүп айтабыз, кызыбыз болбой калды.

– «Врачебная тайна» деген болот, сырды катуу сактайбыз, жок минте берчү болсоңор, «баласын төрөп, таштап кеткен» деп кызыңарды сот жообуна тартабыз... - врач күпүлдөй баштаганда кулагым тунуп, көзүм караңгылап кетти. Сотко бермектен, отко берсин! Үстүнө чуркадым. Нянкага жолуктум. Колун кармап өөп-өөп жибердим:

– Айланайын энеке, уулум кайда?

– А курган кыз, кайра келдиңби, ошол күнү качып кеткениң чын беле?

– Жок, энеке, мени уурдап кетишти. Айтыңызчы, апакебай, балам кана? - көзүмөн жаш төгүлүп атты.

Кемпир башын чайкады. Көзүндөгү жашты жеңинин учу менен сүртүп:

– Сен жашсың балам, дагы көптү төрөйсүң, ата-энеңи, эжелериңи азапка салба, болор иш болду, эми баланы сен эмес, биз да таппай калдык,

– Ж-о-о-ок! - үнүмүн барынча чыңырдым, эч нерсе укпай, кулагым чылк бүтүп калды. Башым тегеренип, кускум келди, анан магдырап бараткандай болгом, калганын билбейм.

Көзүмү ачсам, ооруканада жатам. Энем жанымда ыйлап отуруптур.

– Жогол! - дедим кайра баарын эстегенден кийин, - балам деп коет, бала керек бекен, кандай болот экен бала! Баарыңар жоголгула, мага балам болсо болду, мен барып эмизип келем, кеткиле, тигине, балам келатат, келе гой күчүгүм, ой жаным десе, мага таарынып калган турбайбы, эми сени таштап эч кайда кетпейм, келе гой, мамак берем...

Эмеле алдымда турган балам заматта жок болуп кетти.

– Кайда балам, ба-а-а-алам?! Болгон үнүм менен кыйкырып тура калып, артынан чуркадым. Албуут күч мени бекем кармап алды, мен дагы чыңырдым, жер тепкиледим, жулундум, баламы кууп жетпей калып аттым.

Ушул ооруу менен бир жыл оорудум.

– Уулум, кел мага, кечир мени, кайда кеттиң, ак сүтүм ыраазы, - деп жөөлүйм. Ичимдеги тигиш айрылып кетип, кайра тигип отурушуп, көрбөгөн азапты көрүптүрмүн. Айылга келгенде он сегизге чыгып калгам. Курбу, тели-теңтуш менен кайра аралашып алаксып, баламы акырындан унута баштагам. Он тогузга чыкканымда күйөөгө беришти. Ага кыз болуп тийдим. Үч балалуу болдум. «Жоголгон бычактын сабы алтын» демекчи, бирөө да жоготкон балама окшобойт. Эбегейим эзилип сүйбөйм. Өзбектердин балдарын көп аңдыйм, ушу менин балам болуп калбасын деп. Кара баскыр жездем болбосо, баары башкача кетет беле, ким билет? Ушул убакка чейин жездеми көрөйүн деген көзүм жок. Убалым ошого жетсин! Ымыркайым быйыл онго чыкмак. Деги аман-эсен бар бекен, кимге гана бала болуп жүрөт? Кантейин, эстеген сайын эмчегим сыздайт...

# АЙЖАМАЛ

Бир күнү ырчы бала келип, конок болду биздикине. Сүйлөшүп отуруп эле кеп ортодо:

– Эже, мен бирөөнү сүйүп калдым, -десе болобу.

– Ок! - деп чочуп кетипмин, -балдардын көзүнчө да ушундай дейби?

– Балдарыңыз башка бөлмөгө кирип, сабак даярдап турушсунчу, эже. Мен сырымды айтып, жеңилдеп алайын.

– «Сууну сиңген жерге чач, кепти уккан кишиге айт» дегендей, сырдаш жоро-жолдошторуңа айт, мага кантип айтмак элең? Кой, укпай эле койдум, -дедим жактырбай.

– Эже, анда кулагыңызды жаап угумуш болуп отура бериңизчи, мен айта берейин.

Аңгыча балдарым да башка бөлмөгө кирип кетишти, Ошондогу ой-боюма койбой айтып берген Айдардын аңгемесин тыңдаң.

«... Концерт коюп түштүккө баргам. Эми түштүктүн элинен айланса гана болот ко. Ырчылар үчүн акыркы дүйнөсүн сапырат, коноктогону өзгөчө. Түштүктөн башка жерде антишпейт. Болжогон убактан ашыкча жүрүп калдым. Бир күнү айылдаш кызым чакырды үйүнө. Жалгыз бардым. Ал бир курбусу менен экен. Курбусу Айжамал биздин райондон болорун, күйөөсү, баласы барын айтып, эртесине ал үйүнө чакырып кетти. Айжамалга анча деле назар салган жокмун, бирок аябай сулуу экен. Биздин райондон канча кыз же эжелер менен тааныштым, баары эле сулуу келишет, Көбү өз районунан сыртта, «чоочун жерде шак ийип, мөмө төгөм» деген ырдай, бөтөн жерге мөмө төккөнү кетишсе керек.

Эртеси Нурзат экөөбүз Айжамалдыкына бардык. Күйөөсү аябай бапырандап тосуп алды. Аты Болот. Дасторкон үстүн жайнатышыптыр. Жүдаа саз отурдук. Ичкилик ичилди. Сырлар айтылды. Болот «сени менен аккан дос болом» деп кол берди. Экөөбүз кызуулуктан аккан дос болуп, кучакташып аттык. Айжамалдын күлкүсү менен кылыгы мени кытыгылайт. Бирок, оюмда арам жок эле. Бир маалда Болот отурган эле жеринде

уктап калды. Биз кухняга барып дагы ичтик. Ичкилик дегенде билесиз го, оозу-мурдубуздан, дагы башка жагынан чыгып кеткиче ичебиз. Айжамал мас болуп калып, арманын айтып ыйлай баштады.

Мен сооротуп атып, өпкүлөй баштапмын.

– Жүр, эс ал, - деп колунан жетелесем, баса алчудай түрү жок, так көтөрүп алып спальныйга жөнөдүм, эри залда уктап жатат. Чечинтип жаткызып өпкүлөсөм, кошо өбүшүп кирди. Эрининин ысыгын айтың! Кантип үстүмдөгү кийимими сыйрып ийгеними да сезбей калдым. Көл тартып баратканда жандалбастайт ко, ошентип далбастап кулач урумуш этип чөгүп кеттим. Өчүп калыпмын. Бирөөнүн колу жонуман түрткүлөгөндө ойгонуп кеттим. «Күйөөсү келип калган турбайбы» деп коркуп, жамына калайын десем, үстүбүздөгү жууркан жок. Эми былкылдасам эле башыма балта менен чаап ийет, ошондуктан «шак» тура калайын десем, саздакка батып калгандай туралбайм, араң зорго суурулуп чыга баштадым.

– Коркпо, мен эле, - деп Нурзат үн салганда гана эсими жыйдым, көрсө калтырап калыпмын да.

– Кечирип койчу Нурзат, ит болуп көзүм илинип кеткенин карабайсыңбы, эри ойгондубу?

– Ал ичкенде башына балта соксоң да ойгонбойт. Анын жанына сага төшөк салып койдум. Мен муну кийинтейин да, жанына жатып калайын. Эрте менен кеч ойгонуп, эрине колго түшүп калбасын.

– Мен ваннага жуунуп келип, салынган төшөккө жатып калдым. Кайдагы уйку. Тирмийип жатам. Эси-дартымын баары Айжамалда. Эринен да кызгана баштадым. Мунусу курулдап уктап жатат. Мен эмне иш бүтүрүп келгеним менен иши жок. Ойлонуп жатып, уктап кетипмин.

Эрте менен Айжамал ойготту мени. «Алар кайда?» десем:

– Качан эле ишке кетишкен, экөөбүз эле калдык, мен да эжемкинен баламы алып келишим керек, - дейт. «Экөөбүз эле калдык» деген ишаратынан улам колунан тартып төшөккө жаткырсам:

- Апей, кой уят болот, - демиш этти.

- Кечинде эле бетибиз ачылып калбадыбы, - дедим да, өпкүлөп кирдим. Суута «түшкөн экен, жыпар жыты буркурайт. Эки саатча жаттык. Дегеле эзилишип бүтчүдөй эмеспиз.Сүйлөшөйлү десек, өбүшүүдөн оозубуз бошободу. Аңгыча эшик чырылдап калды. Айжамал ыргып турду да:

- Уктамыш болуп кал, - деди шашып чачын, халатын оңдонуп барып ачты.

- Айдар ойгондубу? - деди эри кирери менен.

- Жок. Анын уйкучу окшойт, тамак бышырып алып күтүп эле отурам, турбайт.

Мен болсо коңурукту кош тартып калдым, кантсе да артисмин да. Ал мени ой бойума койбой ойготту:

- Тур дос, чай ичели, тамак да бышып калыптыр, шаар көрсөтөм, природага алып чыгам, - деди эбелектеп.

Ваннадан чыксам, төшөктү жыйып, үйдү заматта мизилдетип коюптур, тамагы да даамдуу. Жүрөгүмө тамак баспайт. Уурудай болуп Айжамалдын кыймылына көз чуркатып отурам. Ушундай жарга жеткен күйөөсү кандай бактылуу. Эмне үчүн мурда жолуккан жокмун? Сүйүп калдымбы кашайып? Ушунча бой кыздар жүрсө, күйөөсү бар келинди сүйүп...

- Ке, Айдар, эмне тамак жебей атасың, башыңды жазып алчы, - деп арак куя баштады. Шаарды көрсөтүп, кечинде театрга келем деп кетти. Концерттен чыксам, үчөө тең күтүп туруптур. Болоттукуна келдик. Дагы эле кечээги көрүнүш. Бирок, Болот уктап калган жок.

Кайра:

- Нурзат менен Айдарга залга төшөк салып бер, - деп атпайбы.

- Койгулачы, - деп Нурзат чоочуп кетти. Нурзат турмушка чыга элек болсо, экөө сүйлөшүп жүрөт ко деп ойлосо керек. Нурзат таарынгандай түр кылып койду эле күнөөсүн тартып, Айжамал баласы менен Нурзат үчөө залга, өзү спальныйга, мен балконго жатмай болдук. «Кудай жалга» деп сүйүнүп

кеттим. Жаттык. Менде кайдагы уйку. Түн оогондо жылып Айжамалымын койнуна кирдим. Өзү да күтүп жаткан экен. Нурзат уктап калгандыр деп көзгө илбей, өз ишибизге кириштик . Деги тургум жок.

– Мындай ишти абайлаш керек, этият бололу, колго түшүп калбайлы, - дейт шыбырап. Анан: - Эрте туруп экөө тең кетет, - деп кошумчалап койду.

Эртеси экөө тең кетери менен дагы жылып Айжамалга жеттим. Ал эркелеп колдорун мойнума артып, өпкүлөй баштаганда:

– Айжамал, мен сени алып кетем шаарга. Үйлөнөбүз, күйөөң менен ажыраша аласыңбы? - деп сурадым.

– Мунуң күтүлбөгөн суроо экен, - деди да, саамга ойлоно калып, - күйөөмүн жаманчылыгы деле жок, көрүп атасың го. Бирок, мына үч жылдан ашты жашаганыбызга, төшөктө рахат алуу эмне экенин билбейт элем, эки күндөн бери сенден көрүп атам, ошон үчүнбү, айтор, сени сүйдүм да калдым, эми сен кетсең кантем - билбейм.

– Алып кетем сени, балаңды да. Балаңа ата болом. Эртең эле кетебиз. Канчоосу менен болдум, бирок сендейди жолуктура элек элем. Макул де, жаным, кетели.

– Шашылба, биз болгону эки эле күн чогуу болуп атабыз. Артистердин турмушун билем го, эртең алып барып, талаага таштап кетсең, кайда барам? - деп ал сөзүнүн аягына чыга электе күтүүсүздөн эшик шыңгырап калды.

– Күйөөм окшойт, - деп коркуп кетти, - эрте келбейт эле, уктамыш болуп жата бер.

Ордума баратып балконду жаап салыпмын байкабай.

Алар кухняда кыжылдашып эле атышты. Шекшип калды окшойт. Анын үстүнө ал атайын белги кылыл кеткен балконду мен жаап салып атпайымбы? Болот келип мени «ойготкон» жок. Айтор, эшик тарса-турс болду да, үндөрү чыкпай калды. Балкондун тилкелеринен жаткан калыбымдан карасам, Болот чыгып бaратат. Көрсө балкондон баары көрүнөт турбайбы, ал ишке кетпей эле мени аңдып турган окшойт, мен аялынын койнуна кирерим менен беш мүнөт өтпөй келип атпайбы. Айжамал көзүн жашылдантып бир топтон кийин келди.

- Эмне болду?

- Эч нерсе деле. Бир нерсе шекшип калса керек, кетсин дейт сени, эми келбешиң керек биздикине, ал келгиче кетип кал.

- Сенчи? Сен каласыңбы? Мен кантем?.. Кийингиле балаң экөөң, азыр эле алып кетип калайын.

- Болбойт да. Турмуш куруп кеталбай калсак эмне болот?

- Демек, сен мени сүйбөйт экенсиң да?

- Экөөбүз бир жылдан бери ушинтип жүрсөк ишенет элем.

- Азыр ишенбейсиңби?

- Жок!

- Анда мен кеттим, - деп шапа-шуп кийине баштадым, ал мени таарынып калды деди окшойт, отура калып ыйлап жиберди. Каалганын туткасын кармап туруп:

- Мен кетпейм, дагы сынап көр, кокус сыныңа толбой калсам, анан кетем шаарыма. Нурзат аркылуу кабар берем, жакшы тур, - дедим да чыгып кеттим.

Түнү менен ыр жазып чыгып, «ырды Айжамалга берип кой» деп Нурзатка бердим, Айжамалды ээрчитип кел дедим. Көпкө күткөн жокмун, тез эле келишти. Эки жашар баласынан тартынып жакшы көрүшө албадык. Шампан ичилип бүткөндө Нурзатка акча берип, баланы базарга апарып келчи дедим. Алар чыгары менен Айжамалым мени көздөй кулачын таштады. Эсибиз оогончо өбүштүк. Кийимибизди башаламан ыргытып, шырдактын үстүндө сойлоп жаттык.

- Менин булбулум экен деп жүрсөм, акын дагы турбайсыңбы? - деп башымдан сылап эркелетти.

- Ошол булбул гүлгө келип конуп, балын соруп атпайбы, - дедим да, эмелеки сатып келген саатты колуна тактым.

- Ой-ий, укмуш го, бул магабы, биринчи жолу ушундай кымбат белек алып атам!

Эртең да жолукмак болуп коштоштук. Эртеси жолдошторума жолугуп, такыр бошой албай аттым, эмнеси болсо да болсун деп телефон чалдым, биртке ичип да алгам.

- Алло, Нурзат, мен Айдармын, - дегенде эле:

- Ой, Айдар кандайсың, эмне жок болуп кеттиң, каяктан чалып атасың, шаарга кете элексиңби, жакын жердесиңби, анда кел, сюприз бар, кел, анан айтам, сөзсүз кел, күтөм. – деп

трубканы коюп койду. Жанында тигилер бар экенин дароо түшүндүм, такси кармап жетип келдим. Болот сыр бербей канатын жайып:

– Ой, дос кандайсың, сени кетип калды дешпеди беле? Эмне келбейсиң? - деди.

– Сырткы райондордо концерт коюп жүрдүк - деп койдум.

Нурзат менен да көптөн бери көрүшпөгөндөй болуп кол алыштык.

Конокко болбогон оюма койбой алып кетишти. Машинада баратып эч кимге көрсөтпөй Айжамалдын колун кармасам, чымчып алды.

Бүгүнкү конокто мен көңүлсүз отурдум. Кичине ээн боло калсам эле, Нурзаттын кулагына эңкейип Айжамал жөнүндө сүйлөшөбүз. Эси дартымын баары эле кантип ээн-эркин жолугуу. Кашайып улам эле ыр-кесе сунушат. Ар кандай шылтоо менен ырдабай аткам. Үй ээси төш чөнтөгүмө 100 сом салып «бул оштуктардын салты экен, өзүңө жаккан ырыңдан ырдап кой» деди. Ыңгайсыз боло түштүм:

– Ансыз деле ырдайм, акчанын кереги жок, -десем:

– Ой, андай болбойт, ал, ал - жапырт хор менен айтып ийишти. Чөнтөккө салып койдум. Улам ырдаган сайын Болотко арак ичирип аттым. Өзүм «ырдай албай калам» деп, анда-санда бир алып коем. Акыры ойлогон оюм ишке ашып, Болотту мас кылдым. Адатынча отурган жеринде уктап калды, түн ооп калган.

– Биз да эс алалы, эртең жол жүрөм - дедим үй ээсине. Төшөктү баарыбызга чогуу Болоттун жанына салдырттык. Досум менен берки четте, ортодо Нурзат, ары четте Айжамал эринин жанына жатты. Үй ээси «жакшы жаткыла» деп эшикти жаап кетер менен аттап-буттап Айжамалга жеттим. Колдорубуз оролуп шап эле жупташа түштүк. Аябай сагынышыпбыз, аны өбүшүү, сүйүшүү менен гана далилдедик. Эри ойгонуп кетсе эмне болот деген коркунуч экөбүздө тең болгон жок. Эгер кокус ойгонуп кетип, бизди колго түшүрүп алса, Айжамал экөөбүз кол кармашып ээрчишип кетишке даяр элек. Ал килтейип коңурукту кош тартып жаныбызда жатат.

Аялы эмес, дүйнө түшүп кетсе да бейкапар. Ак никелүү, ак келиндин никесин бузуп, бактысына беш манжамды матырып тургандан айбыккан да жокмун. Аны ушунча сүйүпмүн, ал тургай никелешкен жарынан кызганып, ичим күйүп, өзүмдүн гана энчимдей алдымда басып жаттым. Теңирдин закону экен өз кезегин алып таң сүрүп келатты.

- Эми кетип каласыңбы? - деди алтыным муңайып.

- Жок, кетпейм. Кетпей калдым. Сен көнсөң алып кетмекмин. Дагы ойлон, 2-3 күндөн кийин сөзсүз кетем. Түш ченде Нурзаттын үйүнөн жолугалы.

- Чын эле бүгүн кетпейсиңби? Анда биз менен чогуу кет. Үч күндөн кийин айылга барабыз. Азыр ойготкондо турбай кой. Бир шылтоону айтып, 1-2 күндөн кийин кетет окшоймун де. Эрим да уксун. Машинада бир орун бош - деди Айжамал шаркылдап.

Макулдаштык. Ордума өтүп жатарда бекем кучакташып сүйүүгө балкыдык. Жаңы эле ордума өтүп жатканда аркы бөлмөдөн саат шыңгырап калды. Үй ээси саатты беш жарымга койгон. Чала уйкусу менен кышылдап биз жаткан бөлмөгө кирди. Ал мени ойготкону келатат. Себеби биздин районго автобус алты жарымда гана жөнөмөк. Демимди чыгарбай жымып калдым. Адегенде акырын айтты «Айдар, Айдар» деп. Болбой эле катуу уктап атам. Анан түрткүлөп кирди. Өлө катуу уктаган экенмин тескери бурулуп жатып алдым. Болбойт деди окшойт, жулкулдатып кирди.

- Ой, эмне? - деп койдум калптан.

- Тур, саат алтыга карады, автобуска кечигесиң, - деди күнөөлүүдөй.

- Мейли кечиксем, эртең деле кетем, уктап алайынчы.

- Кудай жалгасын андай болсо, бизге сенин кетпегениң жакшы. Уйкуң канганча уктай бер, бүгүн апамдардыкына конок болосуң, - деди да үстүмү жаап, сүйүнгөнүн билдирип чыгып кетти.

Айжамал экөөбүздүн тилегибиз ишке ашты. Алар менен чогуу кетмей болдум. Көздөгөн максатымы, ойлогон оюму бүт унуттум. Өзүмө ээ боло албай бараттым. Мага

Айжамалдан башка эч кимдин кереги жок болуп көрүндү. Бир аял үчүн башымы сайдым. Адегенде баары түшүмдөгүдөй сезилген. Түшүм өңүм болду. Жомок дедим эле, жомогум чындык болду. Никелүү аялды күтүп жүрүп өмүрүм өтүп кетерин эстесем ыйлагым келет...

Адам ниет кылса жасайм дегенин жасайт экен. Үч күнү тең эбин таап Нурзаттын үйүнөн жолугуп аттык. Катуу сүйгөнүмү далилдеш үчүн бир күнү өтүк сатып бердим, эртеси лама пальто, айтор ырдап жүрүп думанадай чогулткан акчамы бүт сарптадым. Ага чейинки жолуккан кыз-келиндерге бир нерсе сатып бермек түгүл, тескерисинче аларды какточумун, такыр болбоду дегенде арак алдыртып иччүмүн. Көрсө мен дөөлөткө мас болуп жүргөндө, алардын көзүнө чөп салып жүргөн турбайымбы? Бир барган келинге кайра жолочу эмесмин.

Кетер күн да келди. Айжамал эжеси , сиңдиси мен бешөөбүз болуп жөнөп калдык. Коңшу районго чейин Айжамал алдыда отуруп келди. Ал жерден баарыбыз жерге түшүп, биртке эс алымыш эттик. Болот машинасын чукулап аткандан пайдаланып, Айжамал экөөбүз сырдашып ала койдук. Аны артка отур дедим. Ал эжесинин кош кат экенин айтып, аны алдыга отур деп көндүрдү. Эжеси экөөбүздүн мамилебизди билчү:

– Макул, отурайын. Бирок, этиет сүйлөшкүлө, Болот муну аябай кызганат - деди. Анткени баятан бери күлкүлүү сөздөрдү айтып, кээде колуму Айжамалдын ийнине коюп, мойну-башын эрине көрсөтпөй кармалап келаткам. Эжеси ошону эскертти азыр. Машинага жеткенде алдыңкы кабинаны ачып:

– Келиңиз эже, олтуруңуз - дедим. Болоттун көзү чакчайып аялын карап: «сенчи?» деди булкунуп.

– Мен артка эле отурайын, эжем кыйналып калыптыр -деди кабагын бүркөп..

– Күүгүм кирип баратат.Токтоп калган сөздүн учугун оо бир топтон кийин уланттык. Тамаша, куйкум, күйдүргү сөздөрдү сүйлөп атып баарынын көңүлүн көтөрдүм. Айжамалдын балтырын кармап келаткам. Ыңгайлаштырып белинен кучактап отурдум. Же колун же бутун кармалайм, же эки бутун

үн ортосуна колум салып, айтор эбин таап анын делебесин козгоп келаттым. Баласын уктата турган болуп мага ооп отурду. Мен ийнине колуму артып алдым. Болот кыйч эткирип тормозун тепти да артка карап:

– Эмне экөөңөрдүн бетиңер ачылып калдыбы? «Көрбөйт деп ууру кылба», же мени эч нерсе туйбаган эшек деп ойлоп келетасыңарбы?-деди түгү бетине чыгып.

– Эмне болду? - деди Айжамал.

– Атаңдын башы болду!

– Э дос, сабыр кыл.

– Достон айланасыңбы, энеңди... түш жерге - десе болобу сөгүнүп.

– Түшсө түшөм, бирок, жөнү жок ачуулана бербе? - деп кабинаны ачтым.

– Жогол көзүмө көрүнбөй- деп машинасын жүргүзө турган болгондо Айжамал ыргып түштү менин артыман.

– Эрдик кылып кой союп, иттик кылып төш тартпа. Ээн талаа, эрме чөлгө түшүрүп салгыдай эмне кылды сага? Болот машинадан атып чыгып, Айжамалды жаакка тартып-тартып ийди. Ары жагынан эжеси чуркап келди.

– Айбан болбогула, эсиңерге келгиле, бул жер үйүңөр эмес - дегиче арытан эки милиционер чуркап келатыптыр.

– Эже отур, бул экөө кала берсин -Болот шак отуруп машинаны жүргүзүп калганда, эжеси Айжамалды түртүп киргизип, менин ордума өзү отуруп, мени «алдыга өт» деди. Аңгыча машина жүрүп кетти.

Болгону «акма-ак, токто-от» деген Айжамалдын гана үнү угулуп калды. Чуркап келген эки милиционер мени эки колдон жулкулдатып калышты:

– Эмне болуп атат, качып кеткендер кимдер, эмне мушташтыңар? Аты-жөнүң ким, наркомансыңбы? Эмне болүштүрө албай аттыңар, машинанын номери, шофердун аты-жөнү ким? - деп толгон-токой суроолорду бергиче, «лам» деп ооз ача албай калдым. Көз ачып, жумгуча болуп өткөн окуя мени селейтип салды. Отделге алпарып милициялар суракка алып, тепкилерин эстеп эсимди жыйдым. Бар күчүмү жыйып:

– Эч кандай наркоман эмеспиз, болгону кичине түшүнбөстүк болуп кетти - деп ким экендигимди айттым.

– Э, сен Айдар ырчысыңбы?

– Койчу? - деди экинчиси.

– Биз сени телевизордон эле көрчүбүз - деди биринчиси.

– Бирок, ал болбой калсаңчы - дейт кайра беркиси. Мен төш чөнтөгүмдөн паспортуму алып чыгып сундум. Алар канатын жайып, кайра баштан көрүшүп, кучакташты.

– Эми эмне кыласың? - дешти.

– Такси кармап айлыма кетем.

– Сени биз өзүбүз жеткиребиз, жүр биздикине - дешти.

Бирөөсү чуркап өтүп жолдун аркы өйүзүндөгү машинасын айдап келди. Машинага отурар менен «ырдап койчу» дешти. Ичимдеги бугумду чыгарып, эски обондорго салып, төгүп ийдим. Үйлөрүнө алпарып аябай коноктошту. Коңшулары бүт чогулду, мени көргөнү. Акча кыстырмай кылып атышып, чөнтөгүм бир аз дөмпөйүп калды. Айлыма да жеткирип келишти.

Атама берген убада боюнча бир ай үйдө жүрүп, дыйканчылык иштерге каралашмакмын. Бирок кайдан? Көпкө жүрө алган жокмун. Жүрөгүмө тамак баспайт, көңүлүм ачылбайт, эч ким менен сүйлөшкүм келбейт, «жегеним желим, ичкеним ириң», эси-дартымын баары эле түштүктө калды. Көз ирмегиче болуп өткөн чырга алигиче акылым айраң. Дагы эле өзүмө келе элекмин. Нурзатка телефон чалып билдим. Тынч эле экен. «Болот Айжамалды койнунан көрүп калса да кечирмек» дейт. Аябай сүйөт экен. Ансыз жашабайм дейт экен. Айжамал да кыйналып жүрөт, сени унута албай дейт. Ал тургай өткөндө эри менен урушканда, ыйлап, «мен Айдарды сүйөм» деп айткан имиш.

Арадан бир ай өттү. Ушул убакка чейин өзүмдү коерго жер таппай келдим эже. Көрдүңүзбү арыктаганымы. Эми гана кичине унутууга аракет кыла баштадым -деп сөзүн бүтүрдү Айдар.

Жоругуң жолдо калгыр ай, сүйбөй сүмүрөн калгыр эй! - деп ордуман туруп кеттим.

## БОМЖдор

***Газетанын тапшырмасы боюнча мен «бомж» болуп кетип баратам. Улам эле «бомж» боло бересиңби?-деп күйөм сүйлөнүп калды. Себеби башта да күйөөм экөөбүз ушинтип бомждорго барып келгенбиз. Азыркысы кандай болот, билбейм.***

Качан болсо ушул жерде, ушул чуңкурда өңдүү-түстүү, эски ак калпак кийген узун бойлуу бала, кебете-кешпири келишкен жаш катын, орус аял үчөө айласын таппай теңселип, ынтыгып, көздөрү айланчыктап, тилдери күрмөөгө келбей ылжып отургандары отурган. Кантип, качан, кандай абалда сөзгө тартсам экен деп жүргөм, бүгүн ондой берди болду, себеби өтө мас эмес экен.

Келе патиңкеңи-деп жигит аялдын бутундагы айрык сандалын чечип алып, бир жакка кетти.

-Чоң кыз, бул жерде көптөн бери отурасыңбы?-дедим учурдан пайдаланып.

- А эмне экен?-деп жактырбады башы ооруп турган неме.

- Бирөөнү издеп жүрөт элем, жардам бере албайсыңбы?

- Кимди?

- Бир атаны, аты Самыйбек, ушул жерден кездешчү элек, көптөн бери табалбай жүрөм.

- Атаң болобу?

- Ошондой десе да болот.

- Мен билбейт экем, тиги орус аял эле билбесе?

- Рыжий что ли?-деди орус.

- Да рыжеватый, ростом маленький.

- Борода тоже маленький?

- Да тот самый.

- Он появляется иногда, но три дня прошла, не приходит, может болеет?

- Жакшынакай эле экенсиз, ошол бир чалды батырып эле албайт белеңиз? – деди бомж катын мага.

- Тагдыр да сиңдим. Мынча болду, кел, таанышып алалы, менин атым Бурул.

- Меники Гүлбара.

- Жакшы ат экен, өзүң да сулуу экенсиң, кезинде «мисс красавица» болсоң керек а?-деп кара күчкө мактап койсом жактырбай аткан келин ачылып кетти.

- Ошону айтсаңыз, каралашар эч кимим жок, жетиммин, детдомскийбиз. Детдомдон окуп бүтүп талаада калдык. Эч ким биз жөнүндө кам көргөн жок. Эптеп бир эрге тийсем, кыз төрөгөндөн кийин ал таштап кетти.

- Кызың билеби бул жерде экениңи?

- Кызым менин, мен кызымын каякта экенин билишпейбиз.

- Азыр деле кеч эместир, артыңа кайтпайсыңбы?

- Кантип? Кайтып алып кайда барам?

- Азыр кайда барып жүрөсүң?

- Ар кайсы бурчка, подвалдарга, подъездерге. Боору ооругандар каткан нанын таштап кетет. Жалап-жуктап жейбиз-дегиче, алиги ак калпакчан келди:

- Ме патиңкеңи, тааныштар жок экен, беркилер тикпей коюшту-деп сандалын колуна карматты.

- Бул жигит ким?

- Күйөөм, аты Рахат.

- Кызыңдын атасыбы?

- Жок, бомж болуп жүрүп үйлөнүп алганбыз.

- Бомж деген сөздөн арданбайсыңарбы?

- Эмнеге арданат элек, бомж болсок бомжбуз дейбиз да.

- Сиз кимсиз эже?-деп күйөөсү сөзгө аралашты.

- Мен ушул жакын жерден кафе алып иштеткени аткам. Курсагын тойгузсам, жатканга үй берсем, ошого ынап айлык албай иштеп бере турган өзүңдөй жигиттер, мына бу аялыңдай келиндер керек эле.

- Анда бизди алыңыз, биз иштеп беребиз. Кыш келгенде эле бара турган жер таппай кыйналабыз. Кээ бирөөлөр боор ачып жылуу, эски-уску кийимдерин беришет. Баш зыңылдап чыдабай атканда дурусураак кийимдерди залогго берип баш жазабыз. Мени иштетип адам кылып алам десеңиз, капельница сайдырышыңыз керек. Азыр запойдобуз, токтотуш кыйын.

Мага капельница сайдырып оңоп-түзөп алып, кеминдик Капал деген киши Чоң-Кеминге картошка айдатып, жыйнатып иштетип бүтүп, акча бербей кууп жиберди. Аябай наараазы болуп жүрсөм, кечээ жакында кырсыктан каза болуп калыптыр. А дүйнөдө кыйналбасын деп мен кечирим берип койдум. Мына асман карап турат ко менин кандай адам экенимди…

Бул бомждордун жытына адам чыдап туралбайт. Сасыгын айтпа. Сүйлөшкүчө эсимди эки кылды. Мен булардын жанына келгенде эле ары стоянка жактан бир киши бери кел деп ымдап чакырган. Мен сөзгө алаксып атып ага жооп бере албадым. Кайра-кайра ымдап, кол булгалай берди. Менин көңүл бөлбөй, кызуу сөзгө кирип алганымы байкап жакыныраак келип «бери келсең» деди. «Мени бирөө улам эле чакырып атат, токтой турсаң» деп тигинин сөзүн токтотуп коюп, жакын бардым.

- Айнура, привет-деди тигил.

- Мен Айнура эмесмин.

- Ой, баса ким элең, унутуп атпаймбы-дейт экиленип.

- Мени тааныйт белеңиз?

- Бир жолу жеткирбедим беле?

- Мениби? Жок, деги эмне керек сизге, ошону айтыңчы.

- Тигилердин жанына олтурба деп эле айтайын дегем.

- Эмне экен отурса, алар деле адамдар да?

- Жок, алар деген бомждор.

- Рахмат эскерткениңизге, дагы эмне айтасыз-дедим.

- Жүр бир жакка алпарып келейин, анан үйүңө жеткирип коем.

- Жеткиртиш керек болсо тигине күйөөм, артыңызда турат машинасы менен…

- А.. кечирип коюңуз, мен сизди бирөөгө окшоштуруп алдым-деп пызып жөнөдү.

Кайра ордума келдим. Бомж келиндин эки бети тең жара. Улам түкүрүнүп, какырынып коет. Орустун бети жарылып когала. Өтүп бараткан элдер булардын жанына жеткенде мурундарын бекем кыпчып кармап алып өтүп баратышат. Өлгөн иттин жытындай жыттанып кетишиптир. Өмүрү сууга түшүшпөсө кантишсин анан.

Эртеси көзү ачыктар отурган жерге келип, Алима эженин Ак Ордосуна кирип кийим алмаштырдык.

- Бомждон башкалар түгөнүп калыптырбы, башкаларды жазбайсыңбы, качан болсо «бомж» болуп жүргөнүң жүргөн- деп тилдеген бойдон калды Алима эже.

«Пьянный аллеяга» өтсөк бирөөлөр тамак жеп отурушуптур. Баягы «шахматтын президентимин» деген бомж карып калыптыр. Жүдөп, арыктай түшүптүр. Азыркыда соо экен. Башын эки колу менен бекем мыжыгып кармап алып үңүлүп шахмат ойноп отурат.

- Мен Чүйдүн Кемининенмин. Мектепте шахмат кружогун ачып балдарды үйрөтчүмүн. Шахматтык турда дайыма биринчиликти алып, районумдун намысына жарачумун. Мактоону көтөрө албай койдум. Айлыгыман сырткары тапкан акчаларды бүт ичтим. «Ичпе» деп урушкан аялымы тепкилей баштадым. Тууган-уруктарым, кайындарым келип акыл айтып, ичпе деп сураныштьы.

- Ичпе дегениңердей мен эмне артынан кууп кетиптирминби? Бүгүн ичсем, эртең токтотом да. Кичине ичип койсом эле көрө албай баарың тең аарыдай жабыласыңар да?-деп аларды жаман көрдүм. Анан уруштум, сөктүм. Чогулуп келишип аялымы, балдарымы алып кетип калышты.

Мен ичип кетсем деле мени мектептегилер сыйлачу. Шахматты менчелик эч ким ойной алчу эмес. Бир эмес бир нече жолу эскертүү беришти. Үйүмө жетпей мектепте жатып калчу болдум. Мектепте жатып жүргөнүмү билген директор «кой, эми, болбой калды, сыйлаган менче болот, бар эми жөнө» деди. Ошентип мектептен куулдум. Айылды түрө кыдырып иччү болдум. Тааныштар менден арак алып берип кутулушчу. Арак алып бербесе ашата сөгүп, айласын алты жерден кетирчүмүн.

Ушундайымды өзүм сезип калдым да, «кой дедим, шаарга барайын, ичпей, үй бүлө курайын, ишке орношойун да тынч жашайын» дедим. Бул жерде эч кимди таанырбасам, ким менен ичмек элем, токтотуп коем да деп ойлоптурмун. Ичпей коймок белем, ичкичтердин кени Ош базарда экен. Досторум море. Ош

базарга кызматка келгендей, ишке бараткандай болуп келебиз. Бул базарды жаза берсең роман болот. Көрдүңбү, сен да бомждорду жазарыңда мага келесиң. Демек, мен да жөнөкөй адам эмес бекенмин? Аял алам десем мына бу айланамда жаткан аялдар жан деп тиет. Ош базары жок болсо каякка барат элек. Ичи кенен, сырты кенен, катынга бай, алкашка бай, ойдаа Ош базары.

Бул шахматтын «президентин» көп жылдан бери тааныйбыз. Мындан алты, жети жыл мурда «үйлөрү жок болсо, булар кайда барып жан сактап, каякка барып баш калкалашат» деген ой менен барып, жазып келгем. Бомждорду жазууда тажрыйбамын жоктугунан шахматист кайра менден интервью алып, кайда жашаганыман бери сураган. Мен «Туңгуч» тарапта жашаганымы, кооробуздун кенендигин, 2 сарай бар экендигине чейин айтып салыптырмын. Кийин көп өтпөй эле дарбазадан кире бериштеги сарайдын ичинде көп өзгөрүүлөр болуп калып атты. Бир күнү чөптөр пайда болуп калыптыр. Нурбектен сурасам киргизген эмесмин деди. Бирде куурайлар же дөңгөлөк, ящик, айтор бир ай бою сарайдын ичиндеги окуяга таң калып, приведение келип жүрөт ко деп ойлодум. Нурбекти барып карап кел десем, тынч эле экен, эч ким жок деп бир топтон кийин келет. Анын көзүнө көрүнбөй атса керек деп өзүм түндө 2де туруп, жалгыз бардым. Мен жетелекте эле коңуруктун үнү угулду. Ким келип укташы мүмкүн эле деп аябай таң калдым. Коңурук аралаш сүйлөнүп, анан орусча сөгүнүп атты. Эгер приведение болсо минтип сөгүнбөйт эле, алар орусчаны кайдан билишсин деп ичкери кирдим. Кичине эркек мүнөз жаным бар эле, коркпой жанына келдим. Жыты тим эле буруксуйт. Туңгучта жүргөн алкаштар турбайбы деп ойлоп, ала келген кагазымы күкүрт жагып күйгүзүп, отту жакындатып карасам, бетинин баарын сакал баскан аюудай неме экен. Ал жарыктан чоочуп ойгонуп кетип, «аа» деп бакырса, коркуп кетип мен да «аа» деп үнүмүн болушунча кыйкырып эшикке качсам, ал да эшикке качып экөөбүз сүзүшүп эшик талашып калдык. Эшикке батпай бир маалда ошо

бакырышкан бойдон чапчышып калдык. Мен Нурбек уксун деп үнүмүн болушунча чыңырсам, ал да үнүнүн болушунча айкырды. Жулмалашкан бойдон, сүйрөшүп эшикке чыксак, «эй, эй» деп чуркап келген жылаңач кишини көрүп, ал чалкасынан кетти.

Жылаңач киши Нурбек экен. Катуу ызы-чуудан ойгонуп кетсе эле мен жок экенмин. Болду-болбоду кыйкырган ушул жинди болуш керек деп трусачан чуркап келиптир. Менде тил жок. Калтырап атам. Колуму кармап, кучактай калган Нурбек:

- Эй жинди эмне келдиң жети түндө?-дейт. Мен сүйлөй албай жерде сулап жаткан немени көрсөтүп:

- Аюу-дедим.

- Жөн кой аны, эптеп оокатын кылып жүргөн бечераны. Ал баягы сен өзүң жазган шахматист, андай болгондон кийин адресиңи бербей койбойт белең?-десе оозум ачылып калыптыр.

- Байке, туруңуз, бул мен эле коркпоңуз.

- Нурбексиңби?

- Ооба, мен, жата бериңиз.

- Нурбек, мага азыр эле от көтөргөн шайтан келди. Мени алып кетем деп келиптир, мен кетпейм деп кыйкырсам сүйрөбөдүбү. Жүр, атаң, апаң жаткан жерге алпарам деп келиптир, мен болбой койдум. Туура кылыптырмынбы?

- Ооба, туура кылыптырсыз, эми эч ким келе албайт, мен сизди кайтарып турам, уктай бериңиз. Бир нерсе болсо мага айтып коюңуз -деп аны жаткызып чыкты.

- Сен эмне билет белең, ушул бомж түнөп жүргөнүн, эмне айткан жок элең-деп Нурбекти аябай урушкам.

***

Мен бомждордун арасында отурсам бир кыз келип жаныма туруп калды. Өңүмдү көрсөтпөш үчүн жакшы эле жер карап аткам. Тамак саткан келинден буларга тамак, анан 100 грамм алып берип, кана эми алып жибергиле десем, жанагы кыз «аяш апа» деп чакырды. Карай салсам Жээнайым досумдун кызы.

- Бул жерде эмне жүрөсүз, жүрүңүз үйгө-дейт. Мен ары бар деп кол булгаласам да түшүнбөйт.

- Жүрүңүз дейм аяш апа, айбан болуп калдыңызбы бомждор менен тамак ичип-дегиче далдаада турган күйөөм жете келип:

- Бас бери, жөн кой, интервью алып атат-деп кызды тарткыласа болбой:

- Жөнүңүзчү аяш ата, интервьюну сиз албайсызбы апама алдыртып коюп жашынып турбай-деп урушуп, аяш атасын түртө салып мени сүйрөп кетти.

- Базарда «бомж» болуп жүрөт дешкенинен Ош базардын ичи-тышын түрө кыдырдым. Сиз биякта «бомж» болуп жүрөсүз, Азамат Казакстанда бомж болуп жүрөт. Азаматтын тагдырын ойлонуп да койбойсуңар Жээнайым досуңар экөөңөр, же казакка бербей койбойсуз…

Бул аяш кызым өзүнүн иниси жөнүндө айтып атат. Булардын үйүндө отурсам Курдайдан Берик деген казак жаш бала келген, машинасы менен. Азамат бул баланын кафесинде мурда да иштеп акча алып келген. Аяш уулумду мен башка ишке орноштуруп койгом. «Менин апам болот» деп тааныштырды казакка. Ал Азаматты алып кетейин деп келиптир. Үстүнө үй берем, астына машина берем, койнуна кыз берем, сураганын бүт берем деди.

- Тилиң таттуу бала экенсиң, дилиң катуу болуп жүрбөсүн, айланайын. Ишке да орноштуруп койдум эле, күздө үйлөнтөйүн деп аткам, бара албайт-деп какылыктасам да болбой, бир жума сыноо менен алып кетейин деп баланын башын айлантып салыптыр, болбой ээрчип кетип калды. Бир жума эмес эки айдын жүзү болуп баратат аяш уулуман кабар жок. Казак үйүмдүн телефону деп номер жазып калтырган, ал үйгө чалсак такыр башка болуп чыкты. Эми Курдайга кетип баратам.

Нурбекке пакетими калтырып коюп эски вокзалга келип, Бишкек-Кордай-Барыс II деген маршруткага отурдук. Шопур мени карап, паспортуң барбы деп сурады. Мен «бар» дедим. Чегарадан паспортсуз өткөрбөйт билесиңби-деп койду кайра. Билем дедим.

Бишкектин өңгүл-дөңгүл тартипсиз жолдорунан секирип өтүп чегарага жеттик. Кайран биздин чегарачылар үргүлөп коюп отурушат. Казактын чегарасына жеткенде элдер өздөрү билип эле түшө башташты. Шопур мени карап түш деди. Түшүп баратсам «паспортуң бар да э?» деп дагы сурады. Мен күлүп түшүп кеттим. Бланкасын жазып толтуруп печать койдуруп атсам, «бери караңызчы»деди постто отурган кыз. Мен карадым.

- Э, телпейбей кепкаңы алып койчу-деп аяш кызым башыман кепканы жулуп алды.

- И эми өтө бериңиз-деди казак чегарачы.

- Эмне эле баары мени минтип карайт десем, селсаяк деп атышкан турбайбы-десем, аяш кыз рубашкамы түзөп койду, минтип Ош базарына барганда кийесиз, азыр түз эле кийип баса бериң -деп.

- Курдайдан түшкүлө-дейт шоопур.

- Жок, биз Барыс II ге барабыз.

Барыска жеткенде бейишке келгендей болдук. Тазалыгын сураба. Айтса тил жеткис. Тил менен жалагандай таза. Аябай чоң базар салышкан экен, бирок бирин-серин гана контейнер ачык турат. Сатып алуучулар жокко эсе. Көрсө Дордойду бул жакка көчүрөбүз деген аракеттери текке кеткен турбайбы.

Базардын ал учунан бул учу көрүнбөйт,өтө кенен. Туалетке кирсең акча албайт, эл жок болсо кимден алмак эле. Контейнердин орду да бекер. Бир жалбырак учуп түшсө да чуркап барып шыпырып коюп атышты. Шыпыргычтардын айлыгы сом менен үч миң экен. Бирин-серин соодагер кыздар зериккенден тамеки тартып турушат.

Кафелерине кирсең биздегидей болуп келиңиздер деп тосуп алышпайт. Өтө копол, корс кыздар иштешет экен.

Бериктин кафесин издей берип суй жыгылдык. Кафелердин ээси жана анда иштегендер «жок, билбейбиз» дегенден башканы айтышкан жок. Администрациясына барсак жол тоскуч бала киргизбейт. Келген максатыбызды айтсак араң ынанып Барыс базарынын вице-президенти дунган балага айтып, анын макулдугун алып араң киргизди. Дунган бала базардын эң

четиндеги кафенин дарегин берди. Ал кафенин ээси башка Берик болуп чыкты.

Кафелердин ичинде элди күтө берип суусаган араң жан музыкалардан башка эч ким жок, ичи бош. Сиркелери суу көтөрбөгөн официанттар гана отурушат. Курулуп бүтө элек кафелерди кыдырып жүрүп, Чүйлүк эки кыргыз баланы таап алдык. Алар Азаматты билишет экен.

- Азамат мурда кафени салып атканда келген. Кафе бүткөндөн бери көрө элекпиз. Жүргүлө көрсөтүп коелу-деп эки бала бизди кайра базардын бир учуна алып келди. Кафе тилекке каршы жабык экен, материал жетпей токтоп калыптыр. Качан иштээри белгисиз экен.

- Эже, убара болбой эле койгула, бул жерде Азамат жок, биз күндө бир маал келип кетип турабыз. Дагы бир досубуз ушул кафеде иштейт. Анын үстүнө бул кафе Бериктики эмес, алдап коюптур. Бирок жумушчуларды таап келип турат. Үйү Курдайда эмес, Алматадан келип кетет.

Муну уккан эжеси ыйлап кирди. Таза эсибиз эки болду.

- Силерге кандай төлөп атат?-дедим эсими жыйып.

- Бизди алып келгенде асманды алып бере турган болушкан. Кафе бүтөйүн деп калды, акча бере элек. Казактар көбүнчө алдап коюшат. Канчаларын ыйлатты. Ушул жерде иштеген үчүнчү досубузга казактарга берген акчанын төрттөн бирин берип койду эле Бишкектен мамасы келип ызы-чуу салып өз акысын алдыртып берди.

Айлабыз куруп кайра администрацияга келдик. Дунган «не могу помочь» дегенден башканы айтпады. Жол тоскучка журналист экеними, келгендеги себебими, Азаматтын дайынсыз болуп атканын айтып, документими көрсөттүм.

- Эртеден бери эле жүрөсүз, бая эле ошентип айтпайсызбы. Өткөндө да 12 жашар баланы Кыргызстандан уурдап келишип сатып аткан жеринен колго түшүп калышты. Жүргүлө мен силерди полицияга алпарып келейин деди. Келсек анысы да жок болуп чыкты.

- Деги эле кыргыздар барбы ушул жерде иштеген?

- Эмне кылганга?-дейт жол тоскуч.

- Жемек белем, сүйлөшөт элем да кыргызча. Машинасын от алдырып аткан бир жигитти токтотуп, «ушул жени Таалайга жеткирип койчу» деди.

Таалай Бишкекте иштеп жүрүп бул жакка которулуптур. Өзү көлдүк экен. Биздин арыз арманыбызды угуп бүтүп:

- Өткөндө Бишкектен 12 жашар бала жоголуп кетип, изи Барыска келип такалды. Биз заматта эле таап, Бишкекке өзүм жеткирип, ата-энесинин колуна салып бердим.

- Кантип таптыңар?

- Бишкектен розыска келген, сүрөтү менен. Ал баланы уурдап келген казакты, бирөөгө соодалашып сатып аткан жеринен кармадык.

- Аябай эрдик кылыпсыңар, биздин Азаматты кантебиз эми?

- Силерге берген телефондун номерин, машинасынын өңүн, аты-жөнүн жазып кеткиле, бир жумада таап жеткирип барам.

- Анда эле чоң иш кыласыз-деп жазып кирдик. Өзүнүн да сотка номерин алдык, биздин номерди бердик. Таалай байке коопсуздук кызматында иштейт экен. Дароо эле жардамчысына тапшырма берди.

- Дагы бир собол аке, сиз Бишкекти жакшы билесиз го? Бишкектин базары менен Барыс базарынын тазалыгын салыштырып болобу?

- Ой жок, кокуй-дегиче болбой шамал көтөрүлүп кетти. Аябай ысып келаттык эле кулагыбызды жаап отура калдык.

- Балыкчы го бул жер, аке.

- Ооба, шамалы айттырбай келет.

Дарактан кулаган жалбыракты шыпыргы, калак, челек көтөргөндөр чуркап чогултуп жүрүшөт.

- Акыркы маршрут кеткени жатат, үлгүрүп калгыла талаада каласыңар-деп Таалай аке маршрутту токтотту.

Эртеден кечке Барыста жүрүп бомж көргөн жокпуз.

- Бомжу жок өлкө болот экен э?-десем аяш кызым;

- Мусору жок болсо бомж болмок беле?- деп коет.

Даңгыр жол менен зыңылдап бир паста постко жеттик. Дагы түшүп, жөө басып текшерүүдөн өттүк.

- Башыңызды өйдө көтөрүңүзчү?-деди посттогу кыз. Көтөрдүм.

- Чачыңызды сылаңызчы? Сыладым.

- Кырыңыздан болсоңуз?

- Эй, эмне, шпионго окшошуп атабы, кандай немесиң, кара жерге киргирлер, шүмшүк турбайсыңарбы?- деп аяш кызым паспортуму жулуп алды.

- Көтөр десе көтөрүп, сыла десе сылап коёсуз да, сиз дагы.

- Анан эмне кылам?

Алар эмнегедир мени табышмактуу карап турушту. Мен Казакстанды чөнтөгүмө салып, уурдап бараткандай шексинип калышты. Чыны менен эле Казакстандан бир шиңгил уурдап келаткан жокмунбу?

Кыргыз постчулары аман эле болушсун.

- Паспортуңар барбы?-деди бир жигит маршруткага баш багып.

- Бар- дедик.

- Анда кете бергиле-деп эшикти жаап койду. Пейлиңен айланайын кыргызым, пейлиң сонун го. Жада калса постогуларың да өзүңдү тарткан. Казакстанды уурдап келаткан жоксуңбу деп менден эч кимиси күмөн санаган жок, карап да койгон жок.

Посттон өтөрүбүз менен кайрадан маданиятсыз жолго түшүп доңкулдап секирип жүрүп отуруп, эски вокзалга жеттик.

***

Казакстандан келатканда аяш кызымын «Мусору жок болсо бомж болмок беле»-деген сөзү көңүлүмдө уюп туруп алды. Таштандылар көп жерде бомж болорун мурда элес албаптырмын. Кыргыз мечитинин үстүндөгү кабат үйлөрдүн алдындагы таштандыга келип токтодум. Күндө келчү орус чал-кемпир бүгүн кечигип атышты. Бир сааттан ашык күттүм. Үйлөрүн жыйнап-тергендери таштандыларын алып келип төгүп атты. Бир маалда бир бала келип бир пакет толтура нан таштап кетти. Ах, кайран нандар дедим ичимде. Бирөөгө бар

дүйнө, бирөөгө зар дүйнө. Бир тилим нанга зар болуп, курсактары ачып апалап ыйлаган наристелерди ойлоп ийдим. Анан нанды калталап ыргыткан наристелерди…

Тигине экөө келатат. Мен барып нан салынган пакетти кармап калдым. Экөө келип эле жердеги таштандыны чукуп киришти. Анан аялы чалга бирдеке деди. Чал мени карап калды. Жакыныраак келип:

– Нанды таштап атасыңбы?-деди, пакеттин оозу-мурду жык болгондуктан нан көрүнүп турган.

– Алып кеткени атам.

– Анда ташта.

– Эмне үчүн?

– Бул биздин территориябыз.

– Биздин дегендер ким?

– Тиги аял экөөбүздүкү, сен кимсиң?

– Менби, бомжмун.

– Үйүң кайда?-деди чал кемшеңдеп.

– Микрорайондо.

– Ошол жердин таштандысына барбайсыңарбы?

– Мен каалаган жерге барам, азыр демократия да.

– А биз демократияңды түшүнбөйбүз, кече тувли тапканбыз, сага ошону берели, кийип алып кет, бийик такаң менен жөө баскандан кыйналасың…

– Анан жолума да беш сом бериңиз…

– Бизде кайдагы беш сом?

– Тувлиңизди сатсаңыз канча болот?

– Беш сомго алышат.

– Арзан го.

– Жыртык болсо арзан болот да.

– Анда сүйлөшөлү. Тувлиңизди албайм. Сиз өмүр баяныңызды айтып берсеңиз ушу нанды бүт берем, анан 100 грамм алып берем.

– Оо! Сизди кудай жалгасын кызым. Таня, Танюша. Кел бери, бол. Кудай берерин унутпаптыр.

Танюшасы келди, биз таштандынын үстүндө отурабыз.

***

– Мени да бир кезде жалжал көз кыздар сүйөм деп артыман ээрчиген. Кыздар менен көп жүрдүм. Аялым билип калып уруша берчү. Бир жолу катуу сабап салдым. Ал иштеген жериме көгала болуп ыйлап арызданып келди. Мен коммунист болчумун. Катуу эскертүү беришти. Аялымы жек көрө баштадым. Айлыгымы бүт ичип салып, үйгө алпарбай койсом, дагы арызданып келди. Мени партиядан чыгарып, жумуштан айдап салышты. Аялым балдарды алып кетип калды. Үч комнат үйүбүздү 2х1ге алмаштырып мени бөлүп салышты. Катуу ичип кетип запойго өттүм. Запойдон «белая горячкага» айландым. Эңги-деңги болуп өзүмдүн атымды таппай жүргөндө бир ишканада бухалтер болуп иштеген Света -сучка тийем деп келиптир. Күндө тамак алып келет да, кетип калат. Кел жаталы десем, после регистрации деп алдап койчу. Мен ишенип каттоодон өтүп, ЗАГС алдык. Рыжая-сучка дагы деле жатпай кетип калат.

– Сен эмне мени ойнотуп атасың?-десем, анда эртең келип жатайын деп коёт. Күндө бир шылтоону айтып кетип калчу. Же кызым жалгыз, же энем жалгыз, айтор бир нерселерди ойлоп тапчу, эриң өлгүр сучка. Убакыттын кантип өткөнүн билбей калыптырмын, үйлөнгөнүбүзгө алты ай болуптур, бирок бир да жолу берген жок, кудай аткыр, көрүндө өкүрсүн. Анан эле тамак-аштын түрүн, колбаса, сыр, жумуртка, сало алып келди, мен биротоло келдим деп. Ойда менин сүйүнгөнүм ай. Кичине баладай бийлеп ийдим го алаканында. 1 бөтөлкө ала келиптир, мага ичирди. Өзү ичпей койду, ооруп атам деп. Кел эми жаталы десем, улам эле алдайт, азыр, дагы сүйлөсөң эми, сен жакшы сүйлөйт экенсиң деп. А менин болсо тилим күрмөөгө келбей бараткан. Акыл-эсимин барында бир басып көрөйүн десем жатпайт. Уйку-соонун ортосунда отурсам, чыгып кеткен, дагы бир бөтөлкө алып келиптир. Кел ичели эми, мен да ичем дейт. Ичип атканымы бир билем, уктап калыптырмын.

Бирөөлөр эле ойготот, эч ойгоно албайм. Бир маалда сабап киришти, багы жок менттер экен. Же соолуга алсамчы. Катын

өлтүргөн андай болбойт мындай болот деп тепкилеп сыртка чыгарышты. Эмне болуп атасыңар дедим.

- Бул аялды тааныйсыңбы?-дешти.

- Булбу? Менин аялым.

- Аялыңы өлтүргөнгө аракет жасаганыңы билесиңби?

- Менби? Светка...- десем, аным ыйлап атат.

- Ооба аракет жасады, аз болгондо өлүп калат элем, дагы жакшы ойгонуп кеттим. Болбосо өлүп жатмакмын азыр.

- Мен эмне кылдым Светка?

- Кылып алып туруп карачы билмексен болуп атканын, камап салбасаңар бул мага жашоо бербейт. Бул экинчи аракети...

- Мурда да ушинтип үйдү думбалап, газды ачып койду беле?

- Ооба. Анан этаждан секиресиң деп кыйнаган.

- Светка эмне деп атасың?..

- Былжыраба.

- Түш астыга-деп менттер колу-бутума кишен салып айдап жөнөштү.

- Жалган айтат, ал бүгүн биринчи жолу түнөгөн үйгө-деп чыңырсам да эч ким укпай койду.

Кандай азаптарды көрдүм дейсиң бир сучканын амалынан. Психбольницага да жаттым, ал жерден психический здоров деп диагноз койгондон кийин түрмөгө жөнөтүштү. Жети жыл түрмөгө жатып үйгө келсем, бөлөктөр жашап атышыптыр, үйдү сатып качып кетиптир сучка. Жөн эле үйүң мага керек десе берип коймокмун. Ошентип бомж болуп көчөдө калдым. Ал аялды азыр көрсөм деле таанибайм, кудай бар болсо жазаласын.

- Балдарыңыз билеби, бул жерде экениңизди?

- Кайда-ан? Таанышпай калдык да. Менин мен экенимди далилдей турган документим жок. Алардын кайда экенин билбесем же? Азыр ушул аял менен жашайм бактын түбүндө, Таня айт, бол-деди орус сакалынын үстүнө кулаган ыйын токтото албай.

Таня Кузнецованын тагдыры деле башка бомждордукундай экен. Тагдыр да дешип баары эле тагдырды күнөөлөшөт. Тањянын көзү көгөргөн, бети шишиген. Сүйлөгүсү келбей,

эрди кеберсип жарылып турат. Башы тең жарылып атса керек, эки көзү жалдырап камоктон өтүп атты. Мен убада боюнча камоктон бир четок алып келип чалдын колуна карматтым. Сүйүнгөн чал калчылдаган бойдон арактын койнуна сала коюп мени алкап кирди. Жолуң ачылсын деп бата берди. Бомждун батасы тийсе анда эле жолум ачылды дей бергиле.

***

Москва көчөсүндөгү ящиктин сыртынан бери төгүлгөн таштандыдан кебете-кешпири түгөнүп бүткөн кишини карап турдум. Ал ушундай жан дили менен чукулап аңтарып атты. Мени көзгө илбей дүйнөсү бейкапар. Бир нерселерди таап жыттап же оозуна салып шимип көрөт. Тапкан майда-чүйдөсүн эски баштыгына, баклашкаларды чоң мүшөккө салып жатты. Көпкө чейин аңтарды. Мен жанына жакын келгенде гана башын көтөрдү

- Кандайсыз?-дедим.
- Сага эмне керек? -деди бомж.
- Мага баклашка керек эле, канчадан сатасыз?
- 50 тыйындан.
- Кымбат го?
- Анда 3өнү 1 сомдон берем алсаң.
- Канча бар сизде?
- Санай элекмин, 15тен ашык болуш керек. Мага 100 граммга жете тургандай берсең эле болду.
- 100 граммыңыз канча турат?
- Кантип эле билбейсиң?
- Билбесем билбейм дейм да жарыктык.
- Аласыңбы, албасаң башты оорутпа.
- Мейли анда, башыңызды жазып берейин аке, баклашкаңызды албайм.
- Койчу, кантип эле?
- Чын айтам, бирок менин бир-эки ооз сөзүмө жооп бересиз, анан менден 100 грамм.
- Журналистсиң го э капырлар. Жаман калксыңар. Оңой эле капканга илип аласыңар.

- Бул жерден эмне издеп атасыз?

- Акчаны период бер, болбосо качып кетесиң.

- Мына 5 сом, жакшы жооп берсеңиз дагы 5 сом берем.

- Өмүрүң узун болсун айланайын, барган ордуңан бак тап. Бул жерден атамын башын издеп жатат дейсиңби, эптеп күн өткөрүп атам да. Базарга жакын болгондуктан тамак-аш көп ташталат. Курсагым кудая шүгүр, тоет. Анан жанагы жүз граммга эптеп тыйын кылам. Кийимдерин, идиш-аяктарын ыргытышат. Майда-чүйдө тыйынга сатам.

- Бул территория, же таштанды ящиги сизге таандыкпы?

- Менден башкалар деле көп келет. Мен ушу Правда-Московскийден, Дзержинский, Темир жол вокзалына чейин кыдырып келип эле чарчайм. Тубикмин.

- Учетто турасызбы?

- Мени ким учетко алмак эле? Менин кимге керегим бар?

- Дарыланбасаңыз бирөөгө жуктурасыз да?

- Эч ким менен өбүшпөсөм кимге жугат? Түндө жалгыз жатсам, күндүз жалгыз жүрсөм. Темир жол вокзалындагы летний кафеден эл чала жеп, таштап кеткен тамакты жечүмүн, азыр аны да ыраа көрүшпөй куушат. Бала таап алганымы айттымбы, сага?

- Жок, кандай бала?

- Ошо вокзалдын остановкасы бар го? Ошо жерде тентиреп отургам, башым ооруп. Анан бир киши чоң сумка көтөрүп келип жерге койгон. Бир аздан кийин тиги киши көрүнбөй калды. Келеби десем келбейт. Чоң сумкасын көтөрүп алып качып жөнөдүм. Анча деле оор эмес болгондон кийин ичи толтура акча го, эми маарыйм го деп бактын түбүнө келип ачсам эле баланын өлүгү экен. Төбө чачым тик турбадыбы. Ошондо өмүрүмдө биринчи жолу корктум го. Жылаңач бала чүпүрөккө оролуптур. Муну көрсө атайын таштап кеткен экен. Бычак менен жер казып ошо бактын түбүнө көмүп, куран окуп койдум балага. Башта бир нерселерди уурдап качып кетет элем, туберкулез болгондон бери чуркай албайм.

- Сизди доктурга жаткырып даарылатайын? Жаңы кийим берейин, ушуга макулсузбу?

- Макул болгонум менен көнө албайм го? Мен азыр эркин кушмун да. Силер деген капастагы кушсуңар. Өкмөткө иштешиңер керек, бала багышыңар керек, күндө тамак жасамай, күндөлүк расписание менен жүрөсүңөр. Мен тойгом андай жашоодон. Эркинмин, эркин болгум келет.

- Балдарыңыз бар да?

- Бар болгондо алардан эмне пайда?

- Кантип эркин куш болуп учуп чыктыңыз дейм да?

- Кыйтырсыңар э журналисттер, эки суроо берем деп тобураган суроолорду бересиңер?

- Ким менен сүйлөштүм деп айтып барайын коллегаларыма.

- Түшүнбөйт экенсиң да, баятан бери эле эркин кушмун деп айтып жатпаймынбы?

- А, Эркинсизби?

- Анан эмне?

- Эркин аке! Качан келип эркин отуруп сүйлөшсөм болот. Өзүңүз жөнүндө айтып бере аласызбы?

- Көмкөрүлгөн казаным көмкөрүлгөн бойдон кала берсин. Мен кимдир бирөөлөр үчүн же балдарым үчүн эбак өлгөн адаммын. Алардын жаратын козгоп, көңүлүн оорутуп, жыртылган тешиктен жылт этип көрүнбөй эле коёюн. Жанаракта дагы 5 сом берем дедиң эле ошону эле унутпай берип кетсең болду.

- Меңиз. 10 сом берейин.

- Мени кайра тирилтип салдың...

- Өлбөңүз.

- Өркөнүң өссүн, тил билги кыз турбайсыңбы, сендей аялга жолуксам...- ыкшып жөтөлүп кирди.

***

Мынча болду эми темир жол вокзалына бир кайрылып кетейин деп келсем, поезд жөнөй турган маал окшойт, эл көп экен. Үстүндөгү багажка жүк толтуруп келген машиналарга кыргыз балдар жанталашып чуркап жетип үстүндөгү жүктү талашып киришти. Жүктүн ээси «акырын, айрыйсыңар»деп

кыйкырып кост. Апей, булар жула качып баратса деле унчукпай койгону эмнеси деп таң калып жакын келдим. Көрсө жүктөрдү ушинтип талашып жеткирип, поезддин ичине чейин салып берип тыйын кылышат экен. Суу сатам, аны сатам, муну сатам деп кыйкырып жүрөт кээси. Кээ бири «пирожки, беляши, чебуреки, манты»деп кыйкырган бойдон поезддге чыгып кетишти. Алар Пишпек станциясынан түшүп калып, бул жакка кайра поездге түшүп келишет экен.

- Күнүгө канча сом табасыңар?-деп сурадым жанагы балдардан.

- Ар кандай эже. Азыр 20 сомго иштедик экөөбүз. Күчтүүсү тартып кетип, бизге жүк деле тийбей калат. Кээде 300 сомго чейин таап койгон күндөр болот.

- Ашка да, ишке да тойбой турган кезиңер экен. Бөлөк ишке иштесеңер болбойбу?

- Кана иш? Биздин документтерибиз да жок. Билимибиз да жок. Ата-энелерибиз кембагал. Алар түштүктө, бизди укмуш иштеп жатышат деп акча күтүшөт. Биздин тапканыбыз араң нанга жетет. Силердин заманда бекер окутушчу экен го, бизди эмне үчүн ошентип бекер окутпайт. Эгер бизди бекер окута алышпаса, бага алышпаса анда эмнеге Россиянын карамагынан чыгып кетишти? Эмнеге ? Биздин алган 10 сомубузду жазгандан көрө, ушундай суроону кабыргасынан коюп ак үйгө жөнөтпөйсүзбү? Коркосуңар? Жаза албайсыңар. Азыр жалаң тантык макалалар жазылып калды. Өкмөттүн гезиттери-бакма гезиттер жыргап атабыз деп жазышат. Басып келип бизди карагандан коркушат. Биздин кайгылуу өмүрүбүздү жазса, жеген нандарынан айрылышат. Чынчылдар аз, чыныгы патриоттор бомж болуп көчөгө чыгып кетишкен. «Өзүм өлбөйүн»дегендер жан багып, баш калкалап жылуу орунда отурушат. Кыйын адамдар чылада жатып мусорный ящиктен тамактанып калышты. Баш көтөргөн чыгаандарды сулата чапмай. «Тирик койсоң, курук койбо»деп эртеңдерден үмүттөнүп жашагандан башка зыяныбыз жок...

Балдар менен коштошуп Нурбекти күтүп аялдамага келдим.

Жаштардын, бомждордун тагдырын ойлонуп отуруп кыялга батып кетиптирмин.

- Чоң кыз, жаныңа отурсам болобу?-деген үндөн селт этип кеттим.

- Отура бергиле.

- Бирөөнү күтүп аттың беле?

- Ооба.

- Келбей калдыбы?

- Ошондой го?

- Анда сүйлөшпөйлүбү?

- Макул.

- Кайсы жерге барып эс алып келели?

- Мага баары бир-дедим.

- Бошсуң да ээ, бүгүн?

- Бошмун дебедимби.

- Менин жарым саат эле убактым бар, ошон үчүн тигил жердеги вагондо досторум иштейт, кирип чыгалы-деп вагонду колу менен көрсөттү.

- Мейли. Бирок, оплата период.

- Канча сурайсың?

- Сен өзүң канча бересиң?

- 50 сомум бар.

- Аз.

- Мейли 60.

- 200.

- Өтө көп го. Кыздар бизге 20 сомго эле кирип берет.

- Ошолорду алып кирбейсиңби?

- Жок болуп жатышпайбы?

- Ал кайсы кыздар?

- Ушул жерде жүрүшөт денесин сатып. Өздөрү суранышат. Давай 80 сом берейин. А то досторума кыз алып келем деп койгом.

- Давай 150.

- Сага да эмес, мага да эмес болсун, кел 100 сом-деп атканда күйөөм келип калды.

- 100 сомду период бересиң, анан жей турган колбаса, сыр, салат, арагы суусу менен болсун-дедим.

- Анда аларды тиги балдар алышсын, 100 сомду мен берем.

- Атың ким?

- Таалай.

- Таалай, мага адегенде вагонду көрсөт? Анан презерватив колдоносуңбу?

- Жок ой, кайдагыны айтпай, мен эмне онанист белем же оорулуу белем. Коркпой эле кой тап-тазамын.

- А балким мен ооруулудурмун. Жугуп калсачы?

- Жукпайт, жүр. Резинкаң да акча турат да.

- Бербейсиңби акчаңы?

- Бүткөндө берем.

- Андай болбойт, договор боюнча период.

- Эми жүрбөйсүңбү, мен бербесем досторум берет да.

- Көптөйсүңөрбү?

- Өзүң каалагандай, айтор кандырсак болдубу ?

- Анда күйөөмү да алып алайын?-деп чөнтөгүмөн диктофонду чыгардым.

- Эмне?- дегенде Нурбек күлүп бери жылды.

- Эмне деп атасыз? Тамашага түшүнбөйсүзбү?-деп качаарда Нурбек саламдашып колун сунду.

- Эже сизди күтүп зеригип отурганынан зерикпесин деп тамашалап койдум.

- Ал журналист, жазып жүрөт, ушул «тамашаңы» газетадан окуйсуң эми -деп Нурбек күлгөндө Таалай деген чуркаган бойдон вагонго качып кетти.

Биз Совет көчөсү менен ылдый келатсак Таттыбүбүнүн элесин берген Уркуянын эстелигинин жанындагы карагайдын түбүнөн сүксүйгөн бетинин баарын жүн баскан картаң киши чыгып келди. Аюунун эле өзү.

- Аксакал, токтосоңуз, салоом алейкум, бул жерде эмне кылып жүрөсүз? -деди Нурбек.

- Эшек такалап жүрөт дейсиңби кулунум, мас болуп уктап калыптырмын да.

- Жука көйнөкчөн да экенсиз?

- Кийимдерими каякка койгонуму билбейм, үшүп атам. 100дөн басайын десем пул жок- дейт сүйсүйгөн чал. Бети сакалдан көрүнбөйт. Ириңдеп,шишиген көзү жыртайып араң эле көрүнөт, жытынан жүрөгүң айланат.

- Аюуга аябай окшош экенсиз -десем,

- Аюумун, Төкөлдөштүн аюусумун. Энем өлүп сакал мурутуму албай жүрөм -деп коет.

- Качан өлдү, канчада эле?

- Өлгөн күнү эсимде жок. 69да болчу.

- Энеңиз 69да өлсө сиз канчадасыз анда?

- Мен 59дамын.

- Энеңиз 10 жашында төрөдүбү сизди?

- Энем өлгөндө 69да болчу, азыр канчага чыгат эле билбейм.

- Ошондон бери сакалыңызды ала элексизби?

- Ала элекмин. Энемин күйүтүнө деп иче берсем аялым үйдөн айдап чыккан, Төкөлдөштө турчубуз. Кесибим повар. Мен тамак жасаганда эл бармагын кошо жеп алчу. Чоңдор заказ менен тамак жасатчу. Арак беришчү.Иччүмүн. Улутум уйгур. Атым Акрам. Сегиз тилде эркин сүйлөйм. Кыргыз, өзбек, казак, татар, орус, азербайжан, тажик, анан уйгурча. Үйдө тамактын түрү турчу. Тандап ичип, тандап жечүбүз. Дөөлөтүмү көтөрө албай койдум. Эми үйүм дарактын түбү болду. Куштар үстүнө уя салып жашаса, мен түбүнө уя салдым. Күн сууганда Покровкага кетип калам. Мага ошол жак тынч. Кызым издеп келип үйүнө алпарып сууга түшүрүп, кийинтип кетирчү эле, эми ал да менден намыстанып көптөн бери келе элек. Ушул ЦУМдун айланасын жайы менен мекендедим.

Силерге бомж керек болсо тигине берки карагайдын түбүнөн чыгып аркы карагайдын түбүнө бейшеп ушатып атпайбы, ошол да бомж аял, мени менен бактын түбүн талашып жатат. Жылуу экенсиң дейт.

Аюу чалдын тиши-тишине тийбей калчылдап кетти. Бир тыйыным жок деп кейиди.

- Ата, болгону 3 сомум калыптыр алып коюң-дедим.

- Рахмат. Сен кыз журналистсиң. Мени сүрөткө тартам деп мурда да келгенсиң. Эстедим… эстедим…

***

Редакцияга жетейин деп калганда чет элдин машинасы алдыбызга токтоп калып бипилдетти. Биз бурулуп баратып карасак шоопуру токто деп кол жаңсады.

- Нурбек сага окшойт-дедим.

- Мени ким таанымак эле, сенин культурный бомждоруңдур-деп токтобой койду. Шоопур чыга калып эжелеп чакырды.

- Ана, айтпадым беле, сенин бомж боло элек досторуң-деп күлүп калды. Шоопурду такыр тааный албай койдум. Ал машинасын айдап жаныбызга келип токтогондо арткы орундуктан эски таанышыбыз чыкты. Биз күлүп учурашып, сүйлөшүп туруп калдык.

- Мен Ошко кетип баратам, самолет менен учам, шоопурум артыман барат-деди.

- Шоопуруңуз бош кетсе бизди ала кетсе болобу?

Эмне максат менен бараткаңыбызды укканда таанышыбыз үнүнүн баарынча каткырды. Жолу болор жигиттин жолунан эмне чыкчы эле…

***

Эртеси жолуктук. Шоопур атымы Балтабай деп коюңуз деди. Нурбек барбай калып калды.

Сокулук, Москва районунун айылдарынан өтүп, Сосновкадан тоону көздөй бурулуп, тоо койнуна кирип баратканда көзүм илинип кетиптир.

- Эже Суусамырда жүрөбүз, карап баспайсызбы-дегенде көзүмү ачтым. Машинасы тим эле учуп бараткандай болду.

- Акырыныраак айдасаң болбойбу?

- Анда сиздин бомждорго качан жетебиз?

- Тапан окшойсуң?

- Жок, эже, «Балтабай жетиммин».

- Ата-энең жокпу?

- Экөө тең бар. Бизде түштүктө «жетим» деп сүйлөйт. Бул досторумун койгон аты. «Парижге» жетейин деп калдык эже. «Париждөн» түшүп эс алып, тамактанып алалы.

- Парижденби?-мен күлүп калдым. Тоонун арасына, жол жээгине салынган аппак үйлөрдүн түнкү жаркырап күйгөн жарыгынан улам бул жерди «Ночной Париж» деп алышкан.

Төө-Ашууну ашканча эки кулагым чулк эле бүтүп калды. Ала-Белден түшкөндө жаныңы оозуңа тиштеп түшөсүң. Чычканга жеткенде сергип каласың. Өзгөчө суусун айт.

Жаңы Токтогулга кирип баратып, эски Токтогулду умсунуп карап улутунуп койдум. Анткени суу астында атамдын изи, менин балалыгым калган да.... Базарга токтодук. Жол жээгинде отурган кишини көздөй бастым.

- Эй, бомжсуңбу?

- Жок. Масмын.

- Анан эмне жерди таянып отурасыз?

- Кусуп жатам. Же куспай эле коеюнбу?

- Жөн эле куса бересизби?

- Соңкөлдүн балыгын закүскө кылгам, же балыктан же арактан кетти го атаңы с...

- Өзүңөрдө балык өспөйбү?

- Ищо как өсөт-деп ордунан туруп бизге жакындады. - Менин боюм менен тең фарелдер өсөт. Аларды Ысык-Көлдөн алып келип кое берип, көбөйтүшкөн. Алар жырткыч болуп калышкан. Адамдын өлүгүн жешет. Аларды кайра биз жейбиз.

- Адамдар күндө эле ага беришеби?

- Күндө акпаса да анда-санда агышат. Токтогулга суу сактагыч жаңы курулганда суу эски райондун четине чейин эле баскан. Сууга киринебиз деп келип канчоосу өлдү. Эски мүрзөлөрдүн ылайы эзилип сөөктөр сыртка, жээкке чыгып калчу. Аксакалдар бул жаман адат деп сөөктөрдү кепиндеп көмдүртүшчү. Кээде иттерибиз сүйрөп келип кемиришчү. Адамдын этин жеп, сөөгүн кемирген иттерди аттырып салганбыз. Азыр суу Карасууга жетейин деп калганын көрдүңбү?

- Жок.

- Сен өзү кимдин кызысың?

- Таанproblem байсыз, сырттан келдим.

- Бирөөнү издеп жүрөсүңбү?-деп костюм шымын кагынып койду.

– Ооба, бомждорду издеп жүрөт элем.

– Аларды башыңа урасыңбы? Бомж керек болсо Фрунзеге бар, жайнайт тим эле жердин битиндей.

– Ошол жактан келатам.

– Бомждорго бышырып коюптурбу Токтогулда. Ачка өлүп кырылып калышпайбы? Азыр элден жугунду артпай калган кез-деп атканда жаныбызга бир киши келди.

– Ой кандайсың, оңолуп калдыңбы? О атаң оозун урайын, бир паста жүрөктү түшүрүп. Аптекага барсам марганцовка берди, ичирип кустур деп.

– Керек эмес, эс алып калдым. Мыногу кыз келип бомжсуңбу деп уяткарып салды.

– Сен кайсы кызсың?

– Бул кыз бомжу издеп Фрунзеден келатыптыр.

– Бомжу деген мусуру көп жерде болот, мусур жеп жан сакташат. Бомжу болуп бараткандын сезгендер Фрунзеге жөнөп кетишет. Ал жакта байлар көп, таштандылар көп.

– Фрунзени унута элек экенсиздер да?

– Тил көнүп калган да. Экөөбүз тең коммунистбиз. Көп жылы партиялык кызматтарда чогуу иштедик. Азыр балдарыбыз, көпчүлүк жаштар шаарга ооп кетишти. Бир жылы чечендер ооп келген. Үй-бүлө кургандары жашап тыңып, ал тургай кыргыздашып кетишти. Үй-бүлө кура албай, ичип кеткендерди колунда бардар адамдар үйлөрүнө киргизип жумшап, малай кылып алышкан. Көп жылы башкарма болуп иштеген атактуу эле киши бир чеченди көп жылдан бери малай кылып жүрчү, анысы кийин каза болуп калды.

– Аке, сиз Соңкөлдүн балыгынан жеген жоксузбу?

– Соңкөлдүн балыгын байлап коюптурбу, өзүбүздүн эле балыгыбыз турганда. Өзүбүздүн балык деп коем кыйраткансып, бытыкый-бытыкый чабактарды алып келип беришет балдар, чоңдорун кармаганга тыюу салынган…

– Чоңдору кишинин этин жегени үчүнбү?

– Аны ким айтат…

– Мен айттым жана.

- Шүмшүк болбочу, сырттан келгендерге бетибизди ачпай.

- Бетибизди ачпайбыз деп адамды жеген балыкты жей бересиңерби?

- Эми аны бир кудай билет. Мен партийный работник болчумун дебедимби бая. Токтогулдун миңдеген гектар жерин сууга бастырып салышты. Байкуш эл, жаман кыйналды. Суу жылып келе берди. Эл чачырап кача берди. «Кимди ким көрдү, Быржыбайды там басты» болдук. Кое турчу сен кайсы кыз элең?

- Ал Фрунзеден бомжу издеп келатыптыр дебедимби-деди биринчи киши.

- Атаңын башы, сен сүйлөбөй турчу. Ай сен деген Бурулсуң да?

- Жок аке, башкамын, алмаштырып алдыңыз.

- Койсоңчу ой, Бурулсуң, райком партияда чогуу иштебедик беле?-дегенде ары жактан ызы-чуу бакырык чыгып кетти. Базардын сыртына Волгасын токтотуп шоферу ачкычын албай дүкөнгө чуркап кеткенде, ичинде отурган клиенттерин башка-көзгө койгулап сыртка сүйрөп салып бир угонщик машинаны айдап качып кетти. Клиенттердин кыйкырыгынан эл топтолуп калды. «Нуржигит эле Нуржигит» деген үндөн жетип келген шопур артынан чуркады. Милициялар да жетип келип, жакын турган машиналарды айдатып кууп калышты. Балтабай «жетим» да болуң эже деп мени машинага сүйрөдү. Бардыгыбыз артынан кууп, жетейин деп калганда, угонщик теректи сүзүп, аварияга учурады.

- Каап-деди Балтабай кейип,-авария болбой кете бергенде мен биринчи кууп жетип кармап бермек экем. Жүрүңүз, кайра жанагы эки чалга баралы.

- Жок, кеттик.

- Алар сизди кантип таанып коюшту?

- Мен Токтогулдукмун да.

- Чын элеби?

- Чын эле. Азыр Оштон да таанып коюшат.

- Андачы, сиз сүйлөшүп атканда диктофонуңузду мен кармап турайынчы, макулбу эже?

- Макул.

***

Кара-Көлгө жеткиче белим уюп чарчап калдым. Таш-Көмүргө шалдырап араң жеттим.

– Эй Балтабай жетим, ушу жерде бир тууган тайкемдин үй-бүлөсү жашайт. Телефон чалайын, түнөп калалы?

– Дагы чыдаң эже бир аз. Азыр күүгүм кирди. Караңгыда каерге жетсек, ошо жерде калабыз.

Ноокенге кирип баратабыз. Башта ушу жерлерди Маданият, Андижан, Бегабад, Советабад аркылуу өтчү элек. Азыр Өзбекстанга караштуу жерлер тосулуп, чек ара менен айланып өтүп, башка жол салынып алыс болуп калыптыр. Кочкор-Ата шаарына жетип токтодук.

– Эл жокко?-дедим.

– Эл үйлөрүндө уктап жатат да эже. Сиздин келатканыңызды билишсе тосуп чыгышат эле.

– Мейманканасын издейличи-дедим күлгөнгө алым келбей.

Сары түстө салынган 3 кабаттуу 3 үйдүн тушуна келип токтодук. Айланасы коргондолгон. Чоң сары дарбазада кароолдор турат. Биз токтогондо үйдүн, коргондун сары түсүндөй өзгөчөлөнүп сары форма кийген кароолдор тосуп чыгып, эмнеге келгенибизди сурашты. Мейманкана керектигин айттык. Кароолчу Кытайдан келген кыргыз баланы чакырышты. Ошол Тургун гана тилмечсиз сүйлөшө алат экен.

Бул үч кабаттуу үч үй тең бала бакча болгон. Бала бакча кароосуз калган. Балдарды бага албай калышкан. Кытайлыктар үч мекемени тең толук жаңылап, реконструкциялап чыгып, Нефтепром ачышкан. Кочкор-Атадан чыккан нефтини иштетүү үчүн келишим менен 10 жылга сатып алышкан. Алардын айтуусуна караганда он жылдык мөөнөтү аяктагандан кийин дагы 10 жылга узартууга ниеттери бар. Нефтепромду кытайдан алынып келинген автомашиналар гана тейлешет. Коргондун ичине мекемеге тиешелүү документи бар кытайлар гана кире алат. Бейажал чымын гана кирбесе ичине эгерим кыргыз кире албайт.

Базар-Коргон районун аралап, Өзгөнгө жеттик. Өтө эрте чыккандыктан баары жымжырт. Куршабдын базарынан

бөтөлкө чогулткан чачы, сакалы аппак, көзү кып-кызыл дед Миша деген алтымыштан өткөн кыргыз бомж жүрөт. Күлкүлүү сүйлөгөнү үчүн сөз баккандар 50-100 гр арак куюп берип коюшат экен. Чайханада иштегендер бизге көп келет дешти.

- Илгери эле иччү. Ар кимдин үйүндө стройка жумушун иштеп берчү, бич болуп жүрө берчү. Ошондо эле бөтөлкө топточу, азыр дале топтоп оокат кылат-дешти чайханадагылар.

- Мындан көп жыл мурун Миша экөөбүз стройкада чогуу иштеп калдык. Буга нече иш берсең да отказ жок, иштей берет. Бир жолу жаш эки келин суу алганы келип калышты. Ошол келиндердин көзүнчө мага: «Эй Курбонали адам-падам эмес экенсиң. Главный бухгалтер болуп бир совхозду жеп жаткан жеримен бул жакка мени алдап алып келип коюп, вино ичкич болуп калдым» деди эле келиндер карап калды. Кийин главный бухгалтер болуп иштечү экен деген ушак жүрүп кетти. Бирок көзүнүн кызылынан улам келиндер жолочу эмес-деди бир аксакал.

- Эгер ошол эле чал керек болсо, отуруп чай ичкиле, азыр эле чакырып берем. Эй дед Миша бери келиң, каяктан келаттыңыз эле?-дешти чай ичип отургандар шакаба чегип.

- Э балам талаадан эмес да. Фрунзага барып институтка тапшырып араң өтүп, пешком келатам-дегенде каткырып калышты. Мындан башка да куйкум сөздөрдү сүйлөдү, тагдырын айтып берип элди муңкандырды. ЮКОС деген жерден экен. «Диктафонго мен жаздырып турайынчы» деген Балтабай тапан туура эмес басып коюп, баарын өчүрүп таштаптыр.

Бирок бул атактуу бомж дед Мишадан башка бомждорду кезиктире албадык.

***

Ош! О, кагылайын Ош! Атың да сонун, өзүң да сонунсуң! Жаманыңы жашырайын, жакшыңы чыгарайын эле деймм. Эми буйрук да!

Кыргызстан көчөсүндөгү Ош ПЭСтин жанына келдик. Анча алыс эмес жерде жашы 60дан өткөн орус жер чукулап атты.

- Эже, чо ищешь дейинби?

- Кое тур, үркүтүп алба?

Жакын келип учураштык. Орус таң калып карап калды. Акырын башын ийкегени эле болбосо корккондой түрү бар.

- Иштей бериңиз, биз тоскоол болбойбуз?-дедим.

- А силер…Силер деле иштей бергиле, баарыбызга жетет-деди да орус чал туалеттин бүктөлгөн кагаздарын ачып кирди.

- Оо-к, эже, мунуңуз айбан турбайбы, тфу, мен кеттим…-Балтабай көзүн жумуп, тамагын кармап калды.

- Келе диктафонду, сен бара бер-дедим.

- Бул жерде көптөн бери иштейсизби чоң ата?

- Качан катыным кууп жибергенден бери.

- Катыныңызды таап берейинби?

- Тапкым келсе сенсиз деле таап алам, кызым. Анын уу тилин укkандан көрө, ушинтип тынч дүйнөдө жашаганым оң.

- Ал канчада?

- Женщина в сорок пять, ягодка опять» деп көөп кетпедиби? Кырк беште болуш керек.

- Андан бери сиз алтымыштан өтүптүрсүз, аны кырк бешке байлап коюптурбу?

- Чын эле, анда канчага чыкты ал?

- Сиз билбесеңиз мен кайдан билмек элем? Сизден улуу же кичүү беле?

- Тең болчубуз.

- Анда кемпириңиз деле 60тан ашты да?

- Ошенттиби? Анда барып көрүш керек экен. Бирок ал жактан эмне жеп, эмне ичем?

- А бул жактан эмне жейсиз?

- Оо, бул жакта тамак толтура. Тамактан сырткары деле сонун буюмдарды ташташат. Кийим-кече, идиш-аяк, алтын-күмүш…

- Омий алтын, күмүштү да ташташат бекен?

- Ананчы! Алтын сөйкө, шакектерди тапканымды уктуң беле?

- Жок ай, кантип таптыңыз эле, жакшылап айтып бериңизчи, мен сизге 100 грамм алып берейин, бери чыгыңыз.

- Макул-деп таштандынын ичинен чыгып келди.

…Бир күнү арыкта жатып калсам да, эрте менен ойгонгондо

көңүлүм куунак болуп эле, ырдагым келип калыптыр. Менин акыркы жыйырма жылдан бери ырдабай калганымды билесиңби, анан каякка барсам экен деп ойлоп, көнгөн жерим эле ушул жерге келдим. Азыркыдай кылып туалеттин кагаздарын аңтарып атсам, оролгон катуу кагаз жүрүптүр. Ал кагазды ачсам..кудай сакта көргөн көзүмө ишенген жокмун, сен да ишенбейсиң айтсам…

- Эмне экен?

- Эмне болмок эле, алтын да. Эки алтын сөйкө, бириси килтейген, бирөө кичине, төрт алтын шакек, нике шакектен башкасынын баары чоң-чоң көзү бар эки цепочка, бири жоон, бири ичке алтын. Артымдан бирөө сынап карап тургандай коркуп кеттим. Качып жөнөдүм. Жанагы жаткан арыгымды барып өптүм. Кайра башынан алтындарымды ачып карап, санап, ишенбей кармалап көрдүм. Койнума салып коюп көпкө чейин жаттым. Анан бир убакта эсиме келип ойлондум, алтын курсагымды тойгуза албаса, башымды жаза албаса алтындыгын урганым барбы деп. Кайра колума кармап бир цепочканы алдым. Беркилерин жүрөк тушундагы чөнтөгүмүн түпкүрүнө бекитип койдум. Цепочканы алпарып алысыраак, беркелсең, тээ-тиги акыркы комоктун артында үй турбайбы, үйдөн 50 метр ары жактагы кызыл комокко алпарып сатып жибердим. Калп эле 300 сом деп койсом, давай 200 сом дешет. 200гө уруп ийдим, 50 сом десе деле берип жибермекмин. Ошол 200гө бир жума сайрандадым. Мусордон эмес комоктон нан сатып жеп жыргадым. Сомапал эмес чистый арак ичип деловой болуп калдым. Бир жума өткөндөн кийин кайсы комокко барсам эле, «эй дедуля сени бир киши издеп жүрөт» дешет. Корко баштадым. Эки күндүн ичинде сүрсүп кеттим. Минтип коркуп жашаган болбостугун билдим да ушул ордума кайра келдим. Мусор көөлөп жатсам бир киши шыпылдап келип кол алышып учурашты. Жийиркенип да койгон жок. Ал алтындарын издеп жүргөнүн айтып сылык сүйлөдү. Мен цепочканы сатып ийгенимди да билет экен. Цепочканы сатып алгандар менден алышканын айтып коюшуптур. Жөн айтпай цепочканы доолабайсың деп ультиматум коюп айтышыптыр.

– Цепочканын кереги жок, калганын эле берсең болду, биз ушинтип ит болуп-деп жоготкондогу жөн-жайын айткыча эле мен жүрөк тушумун тереңинде кагазга оролуп жатып алып өмүрүмө коркунуч туудуруп келаткан алтындарды чыгарсам, колумдан жулуп алып санап кирди:

– Толук экен, кудайга шүгүр, бирок бир цепочка кемип калган, жада калса мен орогон кагазы да өзү, баары түгөл, кудай бар экен-деп кудуңдап сүйүнгөн бойдон артына аттады эле тайып мусордун үстүнө кулап түштү. Кулап түшсө да, алтынды мыжыккан колу ачылган жок. Эки аттап көздөн кайым болду. Алкыш айтканга да жараган жок. «Алтынга жеткиче энемди берейин, алтынды алган соң эмнемди берейин» дейт экенсиңер го силер, камоктогулар айткандай. Тиги киши да алтынды алгыча «ата, сизге кемпир таап койдум, бүгүн эле үйлөнтөм, мощный кемпир» деп аткан.

– А сиз бербей койсоңуз болот беле?

– Болмок, бирок абийирим чыдатпады, кызым.

– Кызык экен! Бирок алтын аныкы экенин кайдан билдиңиз?

– Ошонуку эле экен. Ал киши да кичине ичип коет имиш. Бир күнү мас болуп келип аялынан аракка акча сураса бербей коет. Эртеси баш жазганга сураса да бербей коюптур. Киши мастыгы менен «сени бир коркутайын» деп аялынын жанагы алтындарын, жанагы эле кагазга ороп туалеттеги мусор чакага салып салат. Аялын  качан издейт деп күтсө издебейт. Кеч кирет, таң атат издебейт. Күйөөсү алып коем деп унутуп коет. Үч күн өткөндөн кийин караса чакадагылар төгүлгөн. Аялынан таштандылар кана деп сураса, «ии, эмне кыласың, жейсиңби» дейт аялы. Чыр чыгарган жок, демек таап алса керек деп ойлойт күйөөсү. Бир жума өткөндөн кийин тойго барышмак болушат. Аялы үйүндөгү тагынгандарын чечип, чоң алтындарын тагынмак болуп бекиткен жеринен караса жок болуп чыгат. Анан ызы-чуу башталат. Күйөөсү билбейм деп актанат. Аялы «бок жегени анан таштандыны издедиң беле, тап» деп жакалайт, акыры приступ болуп жыгылат.

***

Оштун «Манас» кичирайонунан Ош районуна чейин, Текстилдин айланасындагы таштандылар дүйнөсүн эки сүйүшкөн жаш кыдырат. Жондорунда чаар ала сумка. Эркек 55терде, аял 35ге чыга элек. Таштанды менен тамактанса деле аялдын жүзү нурлуу, кызылы кызыл, агы ак, өтө чырайлуу. Экөө кол кармашып жетелешип алышат, чогуу жүрүшүп, чогуу ичип-жешет.

Кишинин аты Вахаб ака, улуту өзбек. Бул киши бир мекеменин башчысы болуп иштечү. Астында машина, кармаганы акча, көзү чырак, сөзү булак кезинде бир кыргыз кызды сүйүп калат. Кыз да жактырып калат. Адегенде жөн эле сүйлөшүп жүрүшөт. Эл да анча назар салбайт. Нурпери атына заты жарашкан, жигитти жалт деп караткан, он гүлүнүн бири ачыла элек кыздын гүлү, сулуудан пери. Өзбек чарк айланган көпөлөктөй Нурперини айланат да калат. Бутунан башына чейин алтынга бөлөйт. Кийбегендей кийгизип атса, сүйбөгөндөй сүйгүзүп атса, атасындай экенине карабай кыз баарына кайыл болот. Экөө кошулуп алат. Барбаган жерге барышат, жатпаган жерге жатышат. Ата-энеси ичирбегенди ичирип, кийбегенди кийгизет. Айылга аңыз кетет, үйүнө ушак жетет. Бирөөнү ата-энеси сабаса, бирөөсүнүн аялы чыр салат. Тытышат, сабашат, сөгүшөт, тебишет, экөөнү такыр ажырата алышпайт. Аялын иштеген жерине барып күйөөсүнүн кыял-жоругун арызданат. Иштеген жери өзбекти кызматтан шыпырып түшөт. Кызматсыз жүрсө деле кызды машинасына салып, кабинасына отургузуп, Ошту айлантып, эркелетип ойнотуп келет. «Сен мендиксиң» десе «мен сендикмин» дейт. Экөөнү ажыратканга эч кимдин алы келбейт. Өзбектин катыны кайра чыр чыгарат. Кыздын үйүнө барып жаңжал салат.

– Кызым жаш да, башын айлантып аткан күйөөңдөн көр. Кызым экинчи Вахаб менен басканын көрсөм өлтүрүп салам. Нурпери, келип Вахабдын аялынан кечирим сура - дейт атасы.

– Эмне үчүн сурайм. Мен аны сүйөм, ал эми меники, эч кимге бербейм-дейт кызы.

Кызын өлөсөл кылып сабайт атасы. Вахабдын аялы тууган-уругун топтоп, машинасын алып калып, өзүн үйүнөн кууп чыгат. Колуна бир тыйын пул албай, үстүндөгү костюму менен эле үйүнөн биротоло чыгып кетет. Жашырынып кызга келет. Кыздын көгала болгон денесин көрүп кучактап ыйлайт.

- Мен биротоло келдим, атаңа айт үйлөнөлү, батасын берсин-дейт. Атасы экөөнү тең сабап таштайт. Кызы келтекке уугуп төшөктө жатып калат. Баары бир ыгын таап түнкүсүн жолугуп турушат. Вахабды бир да тууганы үйүнө киргизбей коет. Ал талаада калганын айтып кызга даттанат. Кыз төшөнчү уурдап чыгып жүгөрүнүн арасына алпарып берет. Төшөктүн үстүндө, жүгөрүнүн ичинде, асмандын астында таң атканча жыргашат. Үйүнөн тамак ташып келип берет. Үйдө түнөбөгөнүн байкап калган ата-эне кыздын артынан түшүп Вахабка жетип, кучакташып, өбүшүп, эми ысыгы башталганда фонарик жагып үстүнөн чыгып жүрөктөрүн түшүрүшөт. Адатынча балта-керкисин көтөрүп өлтүрөмгө түшкөн кыздын атасын Вахаб түртүп жиберет.

- Акың жок урганга. Нурпери башта 17де болсо, азыр 25те. Өз тагдырын өзү чечет-дейт.

- Туура. Ата, апа, мени 8 жыл эздиңер. Эми уруксат бергиле экөөбүз турмуш куралы. Мен деле адаммын го, малча сабап келдиңер. Башымдан жара, көзүмдөн көгала кеткен жок ата, же эрим белеңиз мени ушунча ургандай.

- Эмине деп атасыңар экөөң....с эшектер, экөөңдү тең союп таштайм-деп жулунган атасын апасы кармап калды.

- Жөн болчу. Кызым, акылыңа кел, кыргызда эркек түгөнүп калыптырбы. Бу сарттын же үйү болбосо, же кызматы болбосо...

- Апа, муну миң кыргызга теңебейм да алмашпайм.

- Жого-ол чочко, туз арамы, сарттын көтүн жалап ээрчип жүрүп өт, үйүң өрттөнсүн, кыркка жетпе, кыркка жетсең күзгө жетпе, уяң бузулсун, тукумуң кырылсын, бала көрбөй өт, ит жебеген бокту жегиле, темселеп калгыла-атасы болгон күчү менен каргап колун жайып тескери каратып бакырып жатты. Аялы, балдары, бир тууган инилери аны араң кармап турушту.

- Тур өйдө-деди өзбек ыйлап жаткан Нурпериге, турагой, ушу каргыштан кийин кантип барасың, жүр кеттик.

- Ооба, жүр, чын эле кетеличи ээ? Кетеличи, алыс алыска кетеличи. Ай дагы бизди ээрчийт, жүр. Иттер дагы уулуп, бизди жоктошот. Биз эми эч качан жерге түшпөйбүз. Биз дайыма бийик, бийиктерде жүрөбүз. Жүр жаным бейишке, тынч жашоого, кулак угуп, көз көргүс жакка, ак аюуларга, түнт токойго, бийик ашууга, агын сууларга, учтуу тоолорго, таза ойлорго, жарык жүзгө, сары күзгө, ак карларга, асмандарга... - кыз жөөлүп кирди. Туруп баратып кайра жыгылды, өзбек кармап калды. Эки колун сербейтип асманга жайды, чалынып түштү, өзбек кучактап калды.

- Менби, мен кетип баратам, жүр, жүрө гой, сени мен миң кыргызга алмашпайм дебедимби, миң, уктуңбу. Сен мени урбайсыңбы, урбайм дегенсиң ээ? Билем, урбайсың, бирок сен тепкен башымдын жарылганы айыга элек да, денемдин көгү кетелек да, анан бизди бейишке өткөрбөй койбойбу?-кызы жөөлүп кете берди, өзбек бекем кучактап баратты.

- Олдо кулунум ай, кечир сени арачалап кала албаган келесоо энеңди, кечир канкор атаңды. Сүтүмөн кечтим кулунум, кудай күнөөңү кечирсин, аман жүр, ааа, - энеси да эсинен танып чалкасынан кетти.

Андан бери он жыл өттү. Экөө дале ээрчишип жүрөт. Тигине Барпы атындагы орто мектептин жанына жакын таштандыдан бөтөлкө чогултуп жатышат-деди ушул окуяны айтып берип жаткан бала.

Менин ыйлагым келди. Экөөнү көргөндөн кийин чыдабай кеттим. Чуркап барып кучактагым келди. Бирок даабадым. Болгону ыйлап гана карап турдум. Жер чукулап бөтөлкө, баклашка таап чаар баштыктарына салышты. Нурпери таштандынын астынан бир нерсе тапты окшойт, сууруп чыга албай атканын көрүп Вахаб ака жардамга келди. Экөө дудуктай жымжырт кыймылдап атышты. Кыймылдары менен гана бири-бирине түшүнүшкөндөй. Бири - баягы кызматта иштеген бай киши. Бири-баягы жөөлүп кетип бараткан сулуу кыз.

Сүйүүңөр кут болсун! Бар болгула ак сүйүүнүн кулдары.

Бомж болуп кетсеңер да сүйүүңөрдү ыйык тутуп келатканыңарга кулдук. Миң жашагыла!

***

Жетим, таштанды балдар, энеси жок же атасы жок, кароосуз калган жана жетишпеген үй-бүлөдөн келген балдар Кыргызстан көчөсүнүн жанындагы теплотрассанын айланасында котолошот. Окубай калышкан. Тилемчи болуп, уурулук менен күн өткөрүшөт.

– Эй бала. атың ким?-деди Балтабай.

– Жээнали.

– Кайсы жерликсиң?

– Отуз-Адырдан.

– Бул жерде эмне жүрөсүң?

– Жашайм.

– Кантип ушундай жашоо болсун? Ата-энең издебейби?

– Олор ажырашып кетишкен. Апам үйдөн кууп жиберген. Өзү Курбанканада жашайт.

– Мен сени багып алсам жакшы жүрөсүңбү?

Тиги бала жооп бергиче эле жолдун жээгинде тамеки, майда-чүйдө сатып отурган келин сөзгө аралашты.

– Ака, олор үйүңүздү тоноп коюп, качып келе беришет.

– Көптөн бери соода кыласыңбы чоң кыз-дедим. Бир топ суроолоруma төмөндөгү жоопту алдым.

– Көптөн бери эже. Тамекилеримди көбүнчө ушу балдар сатып алышат. 10-12 жаштын тегерегиндегилер. Тэтиги трубанын астында жашашат. Суук түшкөндө үстүнө целофан тартып алышат. Кышында ысык трубаны кучактап жатышат. Уурулук менен күн өткөрүшөт. Ата-энелери издеп деле келишпейт. Документтери жок. Окушпайт, кээ бири такыр эле тамга таанproblemбайт. Экиге экини кошо алышпайт. 12ден ашпай жатышып ичишет, чегишет. Мен өзүм да кечке чейин соода кылып, кеч калганда ушул трубанын астында калып калам. Төшөнчүлөрүм бар, үйгө караганда бул жер тынч, үстүбүздө ачык асман экени эле болбосо үйдөн кем эмес. Кайрылып көрүп

даам ооз тийип кеткиле-дегенде ордубуздан козголуп атсак он жашар бала Балтабайга «ака, тамеки күйгүзүп бериңизчи?» деди эле бул тилдеп койду. Ал бала бизди таң калып тиктеп, тиги келиндин жаймасынан күкүрт алып күйгүзүп, кичинекей салаасына кыпчып соруп, кайра мурдунан түтүнүн чыгарып, «мени көрдүңбү» дегендей кылып жатагын көздөй басып кетти.

Эски Ноокаттан өтүп Жаңы-Ноокатка жеткенде караңгы кирип калган. Көчө тынч, эл жымжырт. Мен окуп кеткен Токтогул атындагы мектеп-интернатты сыртынан карап тим болдум. Азыр интернат башка жакка көчүп, эски орду талкаланып калыптыр. Эртерээк келсек болмок деп өкүндүк. Жол билбегендиктен көбүнчө адашып калып аттык. Балтабай да «эрте менен эрте Оштон шефке жолугуш керек» деп тызылдап атты.

Ноокаттан Бишкекке жеткиче жолдун жээктеринде заңгыраган май куюучу станциялар орногон, кафелер салынган, кичи базар, комоктор жайнайт.

Жолду ката жемиш, мөмө-чөмө, сүт, айран, бал сатып отургандар...Суусамырда, ашууларда кар жаап жатыптыр.

Үйгө жетсем эле кулайм дедим.Үйгө келсем Нурбек чыдамсыздык менен күтүп атыптыр. Чоң кызым менин каякка барып келгенимди деле билген жок. Эки тоогуму кошунанын овчаркасы жеп салыптыр. Макаланын башында бомж болуп кеткен Самыйбек акени издегенден баштабадым беле, ошол аке үйгө издеп келиптир.

– Мурда да бомждорду жазды эле, эми Ошко «бомж» болуп кетсе, бу Бурулкандын ата-бабасы бомж болсо керек, өзү да качан көрсөм бүлдүркөн жыйнап, пияз терип, малина чогултуп жүргөнүн көрөм,-дептир.

– Кука досуң ооруп атыптыр, тез келсин деп чакыртып жибериптир - деди Нурбек.

– Качан?

– Кече эрте менен.

Мен чуркаган бойдон маршруткага чыктым. Кука үйүндө ооруп жатыптыр. Аны кийинтип алып, жетелеген бойдон «Космос» жактагы ооруканага алып баратсам, «Саякат»

мейманкананын маңдайындагы 12-үйдүн артындагы таштандыда жакшынакай эле кийинген элүү жаштардагы киши кол кап кийип алып таштандыны чукулап жатат.

– Эмне кылып атасыз, аке?-деп жанына бардым.

– Оокат кылып атам да садагаң кетейин - деп сөзүн улады:

...Бир жолу уй жайып жүргөн түрк менен эрмектешип отуруп калдым. Ал мурда мусордун арасынан желим чака, сынып кете турган пластмассанын бүт түрүн, целофан мүшөктүн түрүн өткөрүп жүрүп мал сатып алганын айтып берди. Көрсө ушуларды да өткөрөт экен. Түрктөр ипподромдун жанына мини завод ачышкан экен. Азыр ал завод иштебей калып, Фучикдеги Фрунзе заводунда иштетип атышат. Желимден желим чакаларды, горшок ж.б. буюмдарды, целофандан целофан мешокторду чыгарышат. Биз өзүбүз-кыргыздар ушундай жөнөкөй нерселерге акылыбыз жетпейт. Иштеткенди билбей заводдорубузду сатып ийдик. Биз мусордон чогултуп барып бергенди билебиз, түрктөр аны кайра иштетип, бизге сатканды билишет. Желимдин килограммын 7 сомдон, целофанды 10-12 сомдон өткөрөм. Минтип иштегениме эки жыл болду. Ушул арабамды толтуруп барсам 1000 сом болот -деди. Сүйлөшүп бүтүп кайра Кукага келсем:

– Мен журналист болсом деле мусорканага барып интервью албайт элем,-деп кобурап кетип баратты.

***

Бүт өмүрү түрмөдө өткөн Жумалы байкени издеп Дордойго баратам.

– Камчыбектин түрмөсүндө көп жылы тозокто жаттым. Кантала бир жабылганда тамтыгыбыз калбайт эле. Камчыбек «мечит салып атам» дегенде энеси Курманжан Датка «жок балам, сен түрмө салып атасың» деген экен. Чын эле мечитке деп салганы кийин түрмө болуп калды. Төртүнчү жолу 146-статья менен түшкөндө Брежневдин түрмөсүндө жаттым.

– Киши өлтүрдүңүз беле?

– Ооба. Киши өлтүрдүм. Эки жолу кыз зордуктадым. Эки жолу гопстоп менен атууга кеткем.

– Анан кантип чыктыңыз?

– Иса атам чыгарды Кудайдын баласы. Иса атама сыйынып жалынсам атуудан алып калды, түрмөдөн чыгарды.

– Кыздарды кантип зордуктадыңыз эле?

– Бир жолу Токтогулдун Толугуна баргам. Бир кыз жыртактап «аке Саркамышка жеткирип коюңузчу» деди. Машинам бар, жашмын. Макул деп салып баратып көңүлүм бузулуп, согуп коеюн деп перевалга жеткенде зордуктап салдым. Кармап алып кестирип жиберди. Экинчи жолу да зордуктап түштүм. Энеңди урайын аялдар, итсиңер го, өзүңөр тийишип көз сүзөсүңөр, анан тийип койсок сотко бересиңер. Же дүүлүктүрбөй жөн турбайсыңар. Үчүнчү жолу гопстоп менен түштүм.

– Ал эмне деген?

– Крупно уурдачумун. Байыйм деп жүрбөймүнбү, келесоо жаным. Чак түштө каратып туруп машинаны айдап кетчүмүн. Түрмөдөн чыгарым менен Кара-Балтадан 4 кишиси менен кошуп уурдап качкам машинаны.

– Төртөөнүн кантип сизге алы жеткен жок?

– Өпкөсүн үзө койсом 2 саат эси ооп жатып калышчу. Машинанын ачкычын алгандан кийин айдап качыш оңой болчу. Айтор, Кыргызстанда мен жатпаган түрмө калган жок. Киши өлтүрүп атууга кеткенимде да тирүү чыктым.

Бу кишинин аты-жөну Жумалы Кубатбеков экен. Чачы аппак, тиштери жок, араң басат, колунда тилемчилик кылган баштыгы.

– Аялыңыз бар беле?

– Төрт аялым болгон. Үчөөнөн бала бар. Азыркым немка, бала жок. Түрмөдө жатсам, тамак ташып барып жүрүп мага тийип алды.

– Балдарыңыз келип турабы?

– Биринчи аялым өлүп калган. Андан төрөлгөн балдарым келип турат.

– Түрмөгө чейин кайда иштечү элеңиз?

– Жалалабадда мугалим болуп иштечүмүн. Андан Академия Наукка которулгам. Акаевдин кол алдында иштегем.

– Үйүңүз барбы?

– «Ак босогодо» кичине кепем бар. Жардам сурап Акаевге барсам кат жазып берген акимге. Бирок барган деле жокмун Кат үйдө турат, жүргүлө үйгө, катты окутайын. Мен дайыма крест тагынып жүрөм. Церковко барып кыргыздар үчүн сыйынам. Урушпасын бири-бири менен, тынч болсун дейм Мага тийбесин, боору оорусун мага деп молится этем.

– Сиз кыз зордуктап түшкөндө түрмөдөгүлөр сизди зордукташкан жокпу?

– Мени кантип зордуктасын. Ал үчүн күч керек да. Мага эч кимдин алы жетчү эмес. Мен чоң жаңылыш кетиргем, кандай өкүнүчтүү. Азыр Иса атамды жүрөгүм менен сүйөм. Иса атам аркылуу бейишке чыгам.

Жумалы байке ыйлап кирди. Колундагы бозосун жуткуча биз көздөн кайым болдук. Күн суук. Аябай үшүп кеттик. А чыныгы бомждор арак ичип алып, үшүктү тоготушпайт экен.

# СЕЛСАЯК

Нургазынын жүргөн жүрүшү, сүйлөгөн сөзү, мамилеси, баары мага табышмак боло берди. Мага эле эмес, аны тааныган жана анын атасын тааныгандарга да табышмак болчу. Ушундай аттын кашкасындай таанымал, белгилүү адамдын баласы көчөдө жашап, көчөдө жүргөнү чыны менен эле табышмак эмей эмне? Ал менин адабий ийримиме дайыма келет. Ар дайым үстүндөгү эскилиги жеткен костюм менен жүрөт. Жүдөө, бирок көздөрү жандуу, жандуу бирок муңдуу. Колуна бир алма ала келет, же бир шоколад, же пирожное.

– Ай бала, катышсаң толук кел – дедим бир күнү – келбесең такыр келбе.

Ал такай келе баштады.

– Документиңди алмайынча келбе кийинкиде – дедим. Ал паспортунун жоголуп кеткенин айтты.

– Ырды кыргызча жаз, менин тишим өтпөйт орусчага, же болбосо орус кружокторуна бар – дедим.

Күндө жумушка келатсам жолумда турат. Адегенде:

– Жолумду тоспо, аңдыба мени.- дедим. Бара-бара көнүп калдым. Көнмөк тургай ал жок болсо көчөнү карап элеңдеп, анын караанын издей баштадым. Көнүшүп калган күндөрдүн биринде ал профтехти бүткөн дипломун алып келди.

– Койчу – дедим таң калып, анын ата-тегин окуган соң – сен эмне ал кишинин никесиз туулган уулусуңбу?

– Жок. Никелүү эле уулумун – деди кебелбей. Эгер башка бирөөнү ушинтсем, тикиреңдеп урушуп кетмек.

– Анын балдарын билем да. Мурдунун учуна көз айнек илип, мерседес айдап жүрүшөт. Алар аппак, сендей капкара эмес. Бирок, анткени менен окшош экенсиңер - дегем. Биз көпкө чейин жолугуп жүрдүк. Ээрчишип келип, ээрчишип кетебиз. Ошондой күндөрдүн биринде Нургазынын өзүнөн уккандарым төмөнкүлөр болду. Анын ушул сырын укпаганымда баары башкача болмок, эч качан кол кармашып турмуштун узак-узак жолдорун чогуу басмак эмеспиз...

***

Кемпир апам, мамам үчөөбүз чогуу жашачубуз. Көбүнчө эки кемпир апам бакчу мени. Улуу кемпир апам биринчи классымда каза болуп калган. «Картаң апаң өлүп калды, жүр» деп мени мектептен жетелеп алып келишкен. Мен боздоп атып ыйлагам. «Эми мен ким менен жатам» деп шолоктогом. Уктаганда апамын аппак буттарын кучактап уктачумун. Ал апам мени түндө алып жатканы менен,күндүзү жаш кемпир апам бакчу. Бир кемпир бир кемпирдин жогун билгизбей, мени майлап сүттөп, агымы ак, кызылымы кызыл кылып бакты. Бат эле көнүшүп, экинчи апамын койнуна жатып уктап калдым.

Мамам жол кырсыгына учурап, колу ооруп жүрчү. Бир жолу комуз сатып берип, «чертип үйрөн» деди. Мен көчөгө туруп алып комузду калдыратып, мектепке бараткан кыздарды, суугa бараткан эжелерди, кемпир-чалдар өтүп баратса аларды айтып саймедиречүмүн. «Мен сени чоң окууга окутам» дечү байкуш мамам. Кийимдин түрүн кийгизчү. Экөө аябай эркелетишип, мени эркин өстүрүштү.

Мамамды 8 жашында бир тууган тайжездеси, актер Орозбек Кутманалиев багып алган. Себеби Орозбек тайтам киного да тартылып, театрда да иштеп эрте кетип, кеч келип жүргөндө келинчегине эрмек болсун деп менин тайнемин алдынан өтүп, мамамды багып алган экен. Качан күйөөгө качып кеткенде, «тий дегенге тийбей, тийбе дегенге тийесиң» деп таарынып катташпай калыптыр.

Бир күнү ойноп жүрсөм Болот тайкем: «Нургазы жүр, сенин атаң келди» деп ээрчитип келди. Ага чейин эки үйдүн эркеси болуп жүрүп, менин башка атам бар экенин билген эмесмин. Ата деген кандай болот экен деп ойлонуп, чуркап жөнөдүм. Баламын да, болбосо «кайсы атам» деп сурасам болмок, же «барбайм» деп ошондо качсам болбойт беле. Үйгө келсем костюм-шым, шляпа кийген, папка көтөргөн чоочун киши туруптур. «Ушул сенин атаң болот» дешти. Атамы биринчи жолу көрдүм. Ал мага шортик, көйнөк, шапка, конфет, шоколад алып келиптир. Мамамдын алименттен баш тартуусун сурап келгенин кийин мен чоңойгондо айтып беришкен. Партияга

өтүп атыптыр. Алимент төлөгөнү билинип калса, партиянын катарына кабыл албайт имиш. Мамам аябай сулуу, өтө жоош болчу. Сураган отказын жазып берип, жолго салыптыр. Ал киши мени шаардагы №5ке окутам деп катуу убада берип кетти.

Биз сүйүнүп калдык. Себеби мамам мени №5ке окутсам дегенде эки көзү төрт эле. «Эми уулум сен шаардан билим алып, эң жакшы деген бааларга окуйсуң. Мен сени чоң окууга өткөрөм. Атагың ааламды жара турган адам болосуң. Бар күчүмү сага арнайм» дечү кайран мамам. Мамамдын кээ бир боор ооруткан абалдарын эстесем азыр тим эле өксүп жатып ыйлагым келет. Мен да иштейм, шаардын чок ортосунан үй сатып берем дечү. Атам жөнүндө эч нерсе айтчу эмес. «Интернатка күндө барып турам, сен үйдү сагынбай, андан көрө бүт күчүңү окууга жумша кулунум» деген сөздөрү өмүр бою кулагымда жаңырып турат.

Мамам шаарга иштеп кетип эле кабарсыз болуп калды. Айылда жашагандардын көпчүлүгү шаарга барып-келип иштешчү. Кечки автобус келерде жол тосуп, кичине балдар топтолуп калчубуз. Автобус келатканда ураалап сүйүнчүбүз. Балдар баардыгы ата-энесин, эжесин, байкесин тосуп алып, ээрчишип кетип калышчу. Мен чоң жолдо калчумун. Менин мамам гана келбей калчу. Кээ бир энелер боору ооруп, көңүлүмү көтөрүп, ала келаткан момпосуюнан берип коюшчу. Караан келатса да күтчүмүн. Келген сайын жаңы көйнөк, шым, ручка, дептер алып келип берип жүргөн мамамын келүүсү азая берди. Мен жүдөй түштүм.

Көрсө мамам Маевка айылына турмушка чыгып кетиптир. 80-жылдардын башында Маевка айылынан бир автобус жүргүнчүлөрү менен катуу авария болбоду беле? Ошонун ичинде мамам да бар экен. Анын ушул экинчи жолу авария болушу эле. Ушул авария болушунда ооруканада узакка чейин жатты. Сагынганын жазсын дештиби, айтор мени тайта-тайнем мамама алпарышты. Палатасына киреерим менен «мама» деп жанына чуркап барсам, аябай таң калып мени тиктеп калды. Жайылган кучагымы түшүрүп колуна колуму

койсом, колун чоочугандай тартып алды. Таң калыштуу көз караш менен карап атты. Мен өзүмү ыңгайсыз сезип, ызаланып сыртка чуркап чыгып, ооруканадан качып бараттым.

Арадан эки ай өткөндө тайкелерим «мамаң биздикинде отурат, азыр силердикине келет» дешти. Мен кемпир апама «мамама мени жок, бир жакка кетти деп кой» деп дагы качып кеттим. Мамамы көргөнгө даабай койдум. Балким эркелигимдендир. Бирок, менде кандайдыр бир коркуу сезими пайда болуп туруп алган. Ал мени үйдө отуруп кечке чейин күттү. Кошуна турган, кадимки Какен Алмазбеков жазып жүргөн алмалуу бактын ичине кирип бекинип жаттым. Кемпир апам «ойноп кетти» деп коюптур. Кечинде келсем «азыр эле кетти» деди.

– Мени жок деп айттыңбы? – десем,

– Ооба, сенин айтканың мен үчүн закүн да, - деди кемпир апам - дагы келем деп кетти.

Кайрадан кызык боло баштадым. Алма бакка бардым, бирок отура алчудай эмесмин. Жүрөгүм опколжуп туруп алды. Автобус токтогон акыркы аялдамага чейин келсем, эч ким көрүнбөйт. Кайра чыдабай чоң жолго чуркадым. Трассага жетип келип, элеңдеп карасам да эч ким жок. Шалта менен чоң жолдун ортосу бир топ. Күйүгүп калыпмын. Өпкөмү басып эс алып отуруп калдым. Канча олтурдум билбейм… Мурда жолдун жээги жыш тигилген жүзүм болчу. Жүзүмдүн арасынан бирөө келаткандай туюлду. Тура калып карасам мамам экен. Ал да мени көрүп сүйүнүп кадамын тездетти. Кандай кылып көрүшөрүмү ойлонгонумча жүзүмдүн ичинен чыга келди. Таяк таянып чолоңдоп келатканын көрүп коркуп кеттим. Көрүшөм деген оюм заматта жоголуп, кайрадан артка көздөй качтым. Анымы күтпөгөн мамам кыйкырып жиберди «токто» деп. Бир топ узап барып артымы карасам, кол булгалап чолоңдоп чуркап келатат. Мен жеткирбей кетип калдым. Таягын көрүп кызык болуп кеткем ошондо. Баламын да, азыр ошол таягы менен сабаса да мейли эле…

…Убада боюнча 6-класска көчкөнүмдө атам шаарга алып кетти. №5де берки балдары окугандыгына байланыштуу, мени

№4кө берди. Интернаттын директоруна атам каратып туруп, мени «картаң кемпирдин баласы, энеси багалбай калды» деп айтты. Мен унчуккан жокмун. Кичине болсом да, көңүлүм ооруп, ичим ачышып калды.

Тоо-ташта ээн-эркин жүрүп, клеткага түшүп калган жырткычтай болдум. Ишемби күндөрү кээде атамдыкына барып турчумун. Мени эч ким бооруна тарткан жок. Атам жактырбай, өзүнүн иш бөлмөсүнө кирип кеткен бойдон мен кеткиче чыкчу эмес. Атамкына барганым күн өткөн сайын азая баштады. Шалтадан эч ким келип мени алып кеткен жок. Өзүм да жете албай калдым. Биринчиден автобуска төлөгөнгө акчам жок болчу, экинчиден агай-эжейлер жөнөтчү эмес. «Ай дээр агам жок, кой дээр кожом жок» өзүмүөзүм билип калдым. Балдар менен чыгып буфет, ашканалардан булочка уурдайбыз. Кээде милицияга түшөбүз. Интернатта шоктук жагынан досторум Калыгул, Никулин, мен үчөөбүз таанымал элек. Мен Оке деген атка конгом. Бир нерсе жоголсо эле келип, биздин чөнтөгүбүздү аңтарып киришчү. Үчөөбүз бир күнү жакшы окуган Байыр деген баланын чемоданын аңтарып акчасын уурдап алдык, 8 сому бар экен. Кайра өзүндөй кылып жаап салдык. Эки-үч күндөн кийин футбол ойноп атсам, Байыр чакырат. «Оке, бери келсең» деп. Алаксып ойной бердим. Дагы чакырды. Барсам, "Оке, акчамды бергиле» дейт. Кайсы акча дедим, чын эле унутуп калыптырмын. "Үчөөң чемоданыман акчамы уурдап алган турбайсыңарбы"-дейт.

– Жөн турчу, сенин 8 сомуңу уурдап алып эмне кылмак элек- деп ийиптирмин.

– Уурдабасаңар 8 сом экенин кайдан билесиң? – деди. Мен колго ушинтип түшүп калгам.

Жылдар өтө берди. Класстан класска эптеп-септеп көчүп аттым. Шалтага чейин жөө барып, анда-санда каттап калдым. Ошондой күндөрдүн бир күнүндө айылга бардым. Барган сайын ыйлап, айланып-тегеренип, жалдырап тосуп алган картаң апамын мүнөзү өзгөрө баштады. Көрсө Сагын эжекем (кызы) мени бандит, ууру, жолотпо, үйүңө киргизбе деп

коюптур. Акыркы кездерде «качан кетесиң?» деп кетиргенче шашчу. Мамамы да такыр келбейт деп айтышты.

Тайне, тайтам, тайкелерим, картаң апам, мамамдар менен билинбей эле алыстап, кол үзүшүп бараттым.

Сегизди бүткөндө атам келип, мени профтехке өткөрүп кетти. Бул турмушка да көнө баштадым. Балдар мени «поэт» деп чакырышчу. Армиядан келген байке бир жылдыкта окучу. Мени жакшы көрчү. «Бирөө тийишсе эле мага айт» дечү. Агасы болом деп чогулуштарыма катышып берчү. Мен 16га чыкканда ал байке «атаң шаарда тургандан кийин кантип туулган күнүңү белгилеп бербесин. Баргын да айт, досторум менен келем де. Эң жакын эки-үч досуңу алып барып «день рождениянңы өткөрүп кел» деп үйрөтүп, үйгө жиберди. Өгөй энем командировкага кетиптир. Атам араң көндү. «3 баладан артык келбесин» деп катуу эскертти. Сүйүнгөнүмү айтпа. Училищага учуп жетип сүйүнчүлөп, 3 досуму саат алтыга барып калгыла деп адрес таштап келдим. Атам картөшкө аарчытып, «эми кууру» деди. Эптеп эзилтип атып куурудум. Ушул жетет, жеп алып, кетип калгыла деди. Үч досум да келип калды. Жөн келишпей бирге окуган үч кызды эрчите келишиптир. Атамын итатайы тутулуп, бөлмөсүнө кирип кетти. Биз тар кухняда отуруп картөшкө жедик, алар мага белек беришти. Радиодон жеңил музыка берилип калганда бир досум «кел вальска түшөбүз» деди. Үчөөбүз туруп үч кызды бийге тарттык. Өмүрү вальска түшүп көрбөгөн жаным, кыздын белинен кучактаганга жетине албай мадырайа түштүм. Ошол тушта эшик шарт ачылып, атам чыкты сурданып. «Беркел» деди калчылдап. Баргандан корктум, бирок кыздардан уялганыман бардым. «Эмне көтүң туруп калдыбы?» деди да «чуу» эткизе жаакка бир салды. «Жогол, азыр жоголгула, сени экинчи бул үйдөн көрбөйүн селсаяк» деди. Ошондогу кыздардан уялганым ай, жети өмүрүм жерге кирген. Ыйлайын деп кыздардан уялып, ызам ичиме батпай бук болгом. Атам мага эмне үчүн ушунчалык өчүккөн билбейм. Төрөлүп калганым үчүн күнөөлүү эмес элем да. Атам ай, атам...

Профтехти бүткөндө 18ге чыктым. Армияга чакырылып, эртең кетем деген күнү атама барып айттым. Ал күнү атамкына түнөп калдым. Эртең менен таң атпай туруп үйдөн чыгып баратсам атам «кел олтур, бир мүнөт молчание» деди орусча. Берки балдары болуп чогуу бир мүнөт «молчание» кылдык. Босогого жеткенимде «жакшы бар» деп үйүндө калып калды. Бир тыйын акчам жок эле, атам менден 5 сомун аяды.

Военкоматка келсем бардыгынын ата-энеси, бир туугандары узатып, кээ бирлери ыйлап жүрүшөт. Ушундай таттуу узатып атышат. Узатат деген ушундай турбайбы дедим ичимде. Мен болсо жалгызмын. Эч ким узаткан жок. Ушу күндөн баштап жалгыздыкка үйрөндүм. Качан эле үйрөнгөм дечи, бирок мурда жанымда өзүм кырдуу балдар болуп, алар менен оюнга алаксып жүрүп мынчалык жалгыздыкты сезген эмес экенмин. «Поездге түшкүлө» деген команда болгондо гана энесинин, атасынын кучагынан бошонушту. Поезд жаңы жылып баратканда «Нурга-зы» деген кыйкырык чыкты. Айнектен мага орун тийчүдөй эмес. Мени ким издемек эле деген ой менен өзүм деле айнекке жутунган жокмун. Үн поездден калбай ээрчип келатат. «Нур-га-зы». Тайтамын үнүн тааныдым. Балдарды түртүп жиберип айнектен башымы чыгардым. Тайта, тайнемди эч нерсе дечү эмес элем. Эмне дээрими билбей «ата-а» деп кыйкырып жибердим. Тайтам ат чаап келатыптыр. Айнектин тушуна жете келип:

– Ме кулунум, ал, жолдон тамак ич, муну болсо барганда кий, Орусия суук болот. Жакшы барып кел. Мамаң жакшы болуп калды, кыздуу болгон, аты Толгонай. Картаң энең, тайнең салам айтышты. Угуп жатасыңбы? Нур-га-зы-ы, дилгирем салып жибер жеткенде, кат жаз, солдаттан келгенде түз эле үйгө кел, кулунум, айланайын ай ... – тайтамдын үнү тэ-э алыста, алыста-а калып калды. Аты да өжөр экен, поезд менен тең жарышып келатты. Тайтамын караанын үзүлгүчө кол булгап кете бердим. Колумдагы кагазды карасам 25 рубль экен. Анан жылуу өтүк. Өтүктү кучактап алып, шолоктоп ыйладым. Ыйлабайын десем да көзүмүн жашы токтобой койду. 11 жыл

өткөргөн Шалтадагы балалыгым көзүмө көрүнүп туруп алды. Айыл, суу, жол, чаң, чүкө, балдар, кыздар, мамам, кемпир апам, тайкелерим, айылдагы кемпирлер, чалдар, бардыгы көзүмдөн жаш болуп куюлуп чыгып атты.

Армияда жүргөндө бардыгына кат жаздым, бирок жооп жазышкан жок. Службамы жакшы, ойдогудай өткөрүп бүтүп поезд менен үйлөрүбүзгө кайттык. Жанымдагы балдар өз мекенине жеткендерине жетине албай сүйүнүп бири-бирин куттуктап, кучактап атышты. Менчи... Баары тескерисинче. Кайда жана кимдикине барам деген проблема турду алдымда. Армияда жок дегенде уктай турган жерим бар эле, төшөгүм бар эле, тамак иччү элем. Эми кантем?... Бешенемде не жазуу бар экенине көзүм жетпей келаттым.

Кулакты чарчаткан поезд өзү да чарчап, күшүлдөп таң супа салганда борборго жетти. Мен атамын үйүнө чейин жөө келдим. Бирок кире албадым. Кайра жөө Ош базарына келдим. Шалтанын автобусуна чыксам айылдаштарым олтуруптур. Мени көрүп таң калышты:

– Аскерден келгендер такси менен барат үйүнө. Жүр таксиге түшүп баралы, сүйүнчүлөйбүз – дешти. Болбой койдум. Мен үчүн бирөөлөрдүн сүйүнчү беришерине деле көзүм жеткен жок. Картаң апам, тайтамдар болуп бир короодо турчубуз. Мени көрүшүп, армиядан эмес, шаардан эле келаткандай кабыл алышты. Тайтам каза болуп калыптыр.

Кемпир апамын жапыз тамы менин боюм менен эле тең болуп калыптыр. Бул үй ушул айылда салынган биринчи үй. Чоң тайтам бай болгон. Жанагы мен айткан эки кемпирдин каза болгону чоң байбичеси, менин картаң апам токолу экен. Жатарда каалганын илгичин илип кой дегенде, илгичке боюм араң жетчү. Үйүмү эң чоң, бийик, айылдагы үйлөрдүн эң мыктысы деп сезип, байдын үйү болгондуктан заңгыраган ак сарай болуп көрүнчү мага. Анын үстүнө түндө жатарда картаң апам илгичти илип, анан айры менен түртүп, менин сабак даярдаган столуму сүйөп койчу.Корконунан ушинтсе керек. Элдин баардыгы үйүн ушунча бекитет экен деп ойлочумун. Тайтамын үйүнө да түнөп калчумун, бирок алар эшикти

кулпташчу эмес. Сабак даярдаган столум да аябай чоң көрүнчү, аябай кичикий экен азыр көрсөм. Тыпыйган кичине сарайыбыз бар эле. Ичинде чөп-чар, отун, көмүр турчу. Тайтамдын тоогу келип жумуртка тууп койчу. Мен жумуртканы койнума бекитип, үйгө апкелчүмүн. Картаң апам эшикти бекитип, кууруп берчү. Тамак жасабай калган күнү мен тайтамкынан тоюп келчүмүн. Картаң апам эмне жасашыптыр деп сурачу. Мен айтсам мага деле ала келбейсиңби дечү. Бербесе кантип алып келем дечүмүн. Сурабайсыңбы апама бер деп дечү эле байкуш апам. Аябай сагынган экемин үйүмү, ушунун баары көз алдыман чууруп атканда:

– Качан кетесиң? – деп сурады картаң апам баягысындай эле. Сагын эжекем менин балалык уурулугуму айта берип кемпирдин жүрөгүнүн үшүн алып койсо керек. Кечке жуук чыгып кеттим жапыс тамыман. Ошол акыркы көрүшүм болчу...

Атамкына келип звонокту бассам өгөй энем ачты эшикти. «Нургазы пришел, выходи» деди атамын атын чакырып. Атам бөлмөсүнөн чоң турсачан чыгып, «а, келдиңби?» деди колун сунуп. Пропискага туруп, атамын шымын кичирейтип кийип бир жумача туруп калдым үйдө. Атамын кабагы ачылбай, чогу отуруп тамак жебей, өз бөлмөсүнөн чыкпай калды. Үйдө мен артыкбаш экенимди сезип, эптеп бир ишке орноштум. Досторумкуна, тааныштарымкына түнөп жүрдүм.

Келерки жылы Тажикстанга кеттим. Окууга тапшырып өттүм. 2-курста акчадан кыйналдым. Заводдо ит багып иштедим. Советтер Союзу урап, завод жабылып калды. Жашоо оорлой баштады. Аргам жок атама кат жаздым 100 сом сурап. Атамын иши илгерилеп, атагы чыгып, ити чөп жеп, ташы өйдө кулап турган кези болчу. Бирок акча салгандан баш тартты. Окуумду таштап келе бердим. Ош базарынан таанышыма жолуксам «энең өлүп калды» деди. Үч энем болгондуктан «кайсынысы?» деп сурадым. «Маманың» деди. Жаман болуп кеттим. Бирок көзүмөн жаш чыккан жок. Эмне үчүндүр бардык туугандарыма балалык кыялымда, сезимимин түпкүрүндө кек калгандай туюлат. Көкүрөгүмдө өчпөс тактын изи тургандай сезилет. Алимент төлөгөндөн коркуп, атам мени алып келип,

же окуунун өтөлүнөн чыгарбай, же жашоону үйрөтпөй туруп наристе кезимде жылуу ордуман козгоп, талаага алып келип таштап салганын кантем?! Колуна папка кармап, башына шляпа кийип барган эле «чоочун кишиге» мени кармата салган тайларымы не дейм?! Тишими тишке басып атама келип:

– Мамам каза болуп калыптыр, жүрүңүз барып келели дедим.

– Мен деген энең менен сенин алты айыңда ажырашкам. Кантип бармак элем. Керекпи эне, сен бар, - деп эшигин жаап алды.

Ошол жерден Шалтага чейин жөө келдим. Түз эле мүрзөгө бардым. Мамамын мүрзөсүн тааныдым. Тайтамын жанында экен. Шаардан ала келген гүлдү койдум, куран окудум. Көзүмөн жаш чыкпай койду.

Окубагандан кийин эптеп иш таап иштеш керек болду. Бөкөнбаев-Белинский көчөсүнүн кесилишиндеги камокко спирт сатып ишке орноштум. Акчаны уучтап таптым. Логвиненко-Бөкөнбаев көчөсүндө жайгашкан бир үйдү сатып алмай болуп калдым эле, биртике акча жетпей калды. Мейли деди үй ээси, бөлүп-бөлүп төлөй бер. Бирок, мойнум жар бербей койду.Дагы чогултам деп ойлодум акчаны Акча сурагандар көбөйдү.

Ошол күндөрдүн биринде Айнура деген эски таанышым учурап калды. Ал арманын айтып сыздады. Кыздарда бир эле арман болот эмеспи жигитим таштап кетти деген. Анын да жигити таштап кетиптир. Таштап кетсе эмне экен, жигиттен көп неме жок, башкасын таап аласың деп көңүлүн жубатсам да болбой боздойт. Сен эмнени билесиң дейт. Билбесем айт да анан. Мен барып сүйлөшүп көрөм, ким ал өзү деги дедим кыйынсынып. Мен анын ким экенин билгеним менен ал кайсы жерлик экенин же каякта экенин билбейм, билсем сени убара кылбай эле өзүм издеп тапмакмын. Алданып калдым бир көргөн балага, билесиңби. Сен ошону түшүнөсүңбү. Андай боло берет да, эми андан сонунун таап аласың тигиңи унутуп каласың дедим. Такыр кепке түшүнбөгөн макоо экенсиң, менин боюма бүтүп калды деп атам. Мен селт этип кеттим. Аны аяганыман сүйлөргө сөз таппай калдым. Ошол жигитти а

дүйнөдөн таап келип бер десе да жок дебейт элем. Кантип көңүл жубатарымы билбей туруп калдым. Сенин жардамың керек мага деди. Мен баарына даярмын дедим. Кандай жардам деп да сураган жокмун. Сен эркектик кылып, мени мамамын алдына алпар. Курсагым төрт айлык болойун деп калды, байкап калса мамам өлтүрөт мени. Биз экөөбүз төрт айдан бери жашап жүрөбүз дейбиз. Анан сен кетип каласың деди. Эч нерсе ойлонбой туруп макул дедим. Мунун оюу эле эптеп апасына бетин ачып алуу болчу. А башкалары эмне дешсе ошо дешсин болчу. Менин акчама Ош базарынан белек-бечкек кылып Айнуранын апасыныкына такси менен баратабыз. Мен аны чоң азаптан куткарып жатканыма өзүмчө эле курсантмын. Апасы экөөбүздү көрсө сүйүнөт болуш керек деп култуңдап келатам. Үйүнө кирерибиз менен ай тигиниң ким деди апасы ачууланып. Мама азыр түшүндүрүп берем, таанышып койгула бул Нургазы. Кайсы Нургазы деп жулунду апасы. Ну мама, азыр айтып берем деп атпайымбы кое турсаң. Адегенде Нурик алып келген даамдан ооз тий, анан таанышып дегендей, сүйлөшөбүз. Эмнени сүйлөшмөк элем, алып кетчи алдагыңы көзүмө көрсөтпөй. Мама, биз үйлөнгөнү атабыз. Жинди болбочу? – энесинин көзү мага чачылып кетти акшырайганда. Ошондой болуп калды, мама, айтпай жүрө берсек иш чатагына айланып кетчүдөй…

Энесине эмне деди билбейм, аркы бөлмөгө кирип кетишип, иши кылып ынандырып келгендей болду. Энесинин тиштери кырчылдап мени аз-аз жерден жеп жиберейин деп, баарын токтотуп эми сөзгө өттү. Та-ак, эми эмне дейсиң, той качан жана каерде өтөт- деди. Мен тилими жутуп алгандай Айнураны тиктедим. Менин ордума ал жооп берди. Ата тегими сурады. Айттым. Астыма качан түшөт деди. Мен дагы тигини тиктедим. Атамын адресин сурады. Үйдүн номерин, телефонду жазып алды. Эртең кечке чейин күтөм, келбесеңер ташыңарды талкан кылам, бар кете бер деди. Айнура узатып чыкканда айттым, өтө татаалдашып кетти го, атама барып чатак кылбайбы деп. Коркпой эле гой, мен турам го. Анын үстүнө

сен жигиттик сөз бердиң да, эми аягына чыгып бер деди. Мен го чыгып берем, бирок атамы кийлигиштирип кереги жок деп узап кеттим.

Жаман ишке кириптер болуп алганымы сезип, чийки май жеп алгансып, кечке көңүлүм суз,ыңтайсыз абалда жүрдүм. Телефонду, адрести айтып жибергениме өкүндүм. Айтпасам деле ал жулкунган аял оңой эле таап келет болчу. Бетими ач деди эле, ачып койдум, эми энесине ыгы келгенде айтып түшүндүрөр деп ишиме мурункудай эле келип кетип иштеп жүргөм. Бир жумача өткөндө Айнура келди, менин мамам сенин атаңын үйүндө отурат, атаң сени чакыртып жиберди деп. Иш өлгөн экен деп ойлодум. Барбай койсом деле болмок, бирок Айнураны аядым. Анча болду эми барып, энесинин көзүнчө мойнума алса алып, бетин ачып коеюн, андан эмне болмок эле дедим. Жетер жеткиче Айнура колдоруму кармалап, же колтуктай коюп, айтор жалынган көз караш менен баарын билдирип келатты, ал мени мойнуна албай койбосо экен деп корккону эле. Кирип келсем, атам бул эмне шермендечилик деди. Ким булар, тааныйсыңбы? Мен Айнураны тиктедим. Айнура карегин көлгө чөктүрүп алгансып мени тиктеди. Менин бир гана сөзүм азыр анын тагдырын чечмек. Жок десем кареги чулп этип көлгө чөгүп кетмек. Ооба дедим. Дегиче болбой беймаалы энеси азыр милиция чакыртам, таш жарган атагыңы ташка чабам, эл караган бетиңи көр каратам деп жулунуп кирди. Атам эптеп жатып ал аялды көндүрдү. Ал аял менен алышып атып атам мени чапканга үлгүрбөй калды. Өгөй энем үчөө эптеп тилге келишти. Иши кылса эмне кылып кетирди билбейм, тажаал аялды кетиришип, Айнураны алып калышты. Ал экөөбүз ушул үйдө жашап калмак болдук. Ызы-чуу басылып, кеч кирип, баары бөлмөлөрүнө кирип жатып калышты. Биз Айнура экөөбүз кухняда тиктешип отурабыз. Эми эмне кыласың дедим. Жашайм сени менен деди. Кантип, андай болушу такыр мүмкүн эмес...сен деген- андан аркы сөзүмү эптештирип айта албай койдум тоого такалгансып.

Күндөр өтө берди. Мен атамкына Айнураны көрүш үчүн же мындан ары анын тагдыры эмне болорлугун ойлоп, келип

коюп жүрдүм. Өгөй энем бизге боору ачыдыбы же баласы үйлөнгөндөр ушинтип бөлүш керек үчүнбү, айтор үйүнүн ичинен кичине орун бөлүп, төшөк салып берди. Сен жата бер мен кухняда эле отура берем дедим ага. Жок андай болбойт, үй сеники да, сен жатышың керек, мен кухняда эле отура берем дейт ал мага. Ошентип атып экөөбүз тең жатмай болдук. Эми эмне кылабыз, мындан ары жагы эмне болот – дедим. Себеби бир болбогон иш үчүн күндө атамын жемесин угуп кетип жүрүп кыйналып кеттим. «Бизди баардыгы жашап атышат деп ойлоп жүрүшөт, бизди эрди катын деп эсептешет. Сен сыр бербей эле кой эми, мен сага өзүңө окшош уул төрөп берем. Экөөбүз жашай берели. Атаңкында жүрүш кыйын болуп атат мага, үйгө барсам мамам киргизбейт. Менин эми сенден башка эч кимим жок. Жакшы жашайлы, квартира тап, чыгып кетели» десе эреркеп кетип жанына жатып алдым.

Келген тааныштардын баарынан квартира билген жериңер барбы деп сураштыра бердим. Канча адамдык деп сурашканга мен, аялым экөөбүз деп теңирейем. Апей эмне аялың бар беле-дегендерге, ооба, боюнда да бар, жакында уул төрөйт деп мурдуму барбайтам. Квартира да таптым. Матрац, төшөнчү сатып алып, Айнураны киргизип койдум. Мурда иштен кийин деле Ош базарынын бир жеринде жатып калчу болсом, азыр үйгө жанталашып, тамак-аш алып, керектүү буюмдарды сатып алып квартирага барам. Досторума аялымы жууп кээде майрамдап коем. Айнура чын эле уул төрөдү. Мен жууп эле жатып калдым. Баланы бирок менин фамилияма жаздырбай койду. Себебин сурасам, бала сеники эмес да, бирөөнүн баласын эмне кыласың деди. Анын баласына өз атасындай боор тартып бараттым. Баланы жууп, майрамдап кеч келчү болдум. Сенин балаң эмес дегенде да ыза болуп ичип келчүмүн. Сен көп ичип кеттиң, экинчи келбей эле койчу дей баштады. Мен келбей койсом сен кыйналасың, жашабай койсок болот эле эми тынч жашай берели да дедим. Жок, Нургазы, убада боюнча сен менин бетими эле ачып коймоксуң, ачтың болду, эми кете бер. Мен жигитиме таарынып ушуну жасагам. Ал балалуу болгонун укса, бир күнү кирип келет, мен аны ар секундда күтөм. Сен

жигиттик кылдың, эми аягына чейин эрдик кыл. Мен сенин жакшылыгыңы өмүрү унутпайм деди.

Бул сөздөрү менин кулагымын артынан кетти, себеби аялдын кыялын, мүнөзүн түшүнүш үчүн аны менен кырк жылы жашаш керек. Жөн деле жини келгенде айтып салышы мүмкүн эле. Бирок андай болгон жок. Ажылдаак энеси мен иштеген жерге чейин келип айкырып чыр салчу болду, кызыма барчу болсоң өлөсүң деп. Үйүнө көчүрүп кетти. Барсам такыр киргизбей коюшту. Мен болбой эле анда-санда бара бердим, алар болбой эле кууй беришти. Ичип да бардым, соо да бардым, баары бир жолотушкан жок. Алардын жасаган иштери мага ушу күнгө чейин табышмак, эмне себептен мени антип көргө түртүштү, билбейм. Атам менен мамилем төрөлгөнү келишкен эмес эле. Алар ого бетер биздин ортобузду ыдыратып сөгүп салышты. Баланы бардыгы меники деп ойлоп калышты. Ал тургай өзүм да өздөй боор берип калгам. Ошол ортодон өткөн алты ай менин башымы алай-дүлөй кылып таштады. Катуу уктап калып, узакка чейин көргөн жаман түштөй болуп, ушул окуялар мээмен чыкпай, жабышып, чапталып калгандай болуп, жаман кыйнады. Көзүмү жумсам эле Айнура, баласы, энеси үчөөнүн элеси тартылат. Ансыз деле турмушум илеңсалаң болуп, чачылып, бир нугу жок өтүп келатты эле, эми ого бетер чачырандым. Энеси, атасы жок, өмүр бою балдар үйүндө тарбиялангандар деле чоңоюп, жашоосун тартипке келтирип алышат экен, мен тартипке келтире албай аттым. Сатып аткан спиртимен ичип атып, мына азыр биртике ичем, анан токтотом деген ой менен иччүмүн. Бүгүн акыркысы болот десем, эртеси бир шылтоо табылып турчу. Жыйып-терген акчам түгөндү. Аскерден түшкөн сүрөттөрүм, ала келген чемоданым баш оту менен жок. Качан, каерде калганы белгисиз.

Бара-бара катуу ичип кеттим. Түнөгөнүм дос-тааныштын үйлөрү. Ичкиликтин айынан иштен да кол жуудум. Колумдагы чоң жука пакеттин ичин толтуруп барганымда, жадырапжайнап тосуп алган досторум эми барсам эшиктерин ачпай

койчу болушту. Же жок дедиртип коюшчу. Вокзалдарда, парктарда түнөп жүрдүм. Суук түшкөндө кечинде кайда түнөйм деп бушайман боло берчүмүн. Күндүз тентип жүрүп, кеч киргенде азап болчу. Бир жолу Ала-Тоо кинотеатрына жетпей Уркуянын эстелигинин жанындагы арчанын түбүнө түнөдүм. Чыйрыгып жата берип, күн шашке болуп калыптыр. Арчанын астынан чыгып, колуму жайып эснеп, керилип атсам атам өтүп баратыптыр. «Өлдүм!» дедим ичимде. Сөгүп, урушуп жүр үйгө деп жетелеп кетет го деп турсам, тескери карап, көрмөксөн болуп өтүп кетти.

Туруктуу жашай турган квартирам жок аябай кыйналып кеттим. Башкалар деле акча төлөп квартираларда жашап жүрүшпөйбү. Мен деле күлүмү бир жерге додо кылып такай жашай турган квартира таап алайын деп ойлоп кулактандыруу боюнча квартира издеп жүрсөм, 6-микрорайондон бир эже жолугуп, өзү эле сүйлөп, таанышып кирди. Мен аты жөнүмү айтып, квартира издеп жүрөм дедим. Тигил окуядан кийин чыныгы фамилиямы жан адамга айтпас болгом өзүмө бөлөк ат, бөлөк фамилия коюп алгам. Квартира издесең жүр биздикине, мага да сага окшогон жакшы балдар керек деп үйүнө ээрчитип жөнөдү. Үйүнө жеткиче арыз арманын айтып келатты. Мен ал эженин мүнөзүнө түшүнүп-түшүнө албай, сөзүнө баш ийкеп коюп келе бердим. Мага квартиранын жарым эле пулун төлө, жарымына иш кылып бересиң деди. Жарым акчасын төлөп жашап калдым. Курсагың ачка эле жүрө берет турбайсыңбы, бирдеке жесең боло деп чай, нан берчү. Үйдө өзүнөн башка кызы, баласы дагы жакын туугандары келип-кетип турчу. Эженин аты Батмакан эле. Батмакан эже сиңдисин жоктоп эки күндүн биринде шолоктоп ыйлап калчу. Сиңдим тирүү болсо эмгиче кирип келмек, бирөө өлтүрүп кеткен болуш керек дечү. Бир дөмпөйгөн жер көрсө эле буту менен тээп калчу, ушу жерде сиңдим жаткан жокпу деп.

Мен Ош базарда тентип жүрүп, кечинде чарчап Батмакан эженин үйүнө жетерим менен суй жыгылчумун. Бир күнү эртереек келсем, эже чыдамсыздык менен күтүп отурганын айтты. Жүр кеттик дачага деди. Жол тосуп шашылыш түрдө

дачасына келдик. Ал ичкериден кетмен, күрөк алып чыкты. Ме күрөктү, мыногу домпойгон жерди каз деп, адам бою бата тургандай ченеп берди. Мен каздым. Бир метрдей казып бүтүп чарчадым. Бир нерселерди эле сүйлөнүп огородду кыдырып жүргөн. Мага келип, эч нерсе жок бекен деди.

-Эмне болуш керек эле?- дедим.

Ал жооп бергендин ордуна, бергел, мыногу жер домпоюп турат, ушу жерде болуш керек, каз деди. Дагы казып кирдим. Бир топ казып келип, чарчаганыман отуруп калдым. Жок бекен деди дагы. Жок экен дедим, эмнени казып атканымы түшүнбөсөм деле.

-Точно мына бул жерде, ушу жерди казып көр, бол-деди. Казып кирдим, бирок күүгүм кирип кетти, анын үстүнө өлө чарчадым.

- Казбайсыңбы- деди. Чарчадым дедим. Анда жүр эс ал, тамак же, укта. Эрте менен эрте туруп дагы казабыз. Сиңдимин сөөгүн тапмайынча кетпейм, жакын эле бир жерде жатат. Өлтүргөн киши алыс эмес ушу эле жерге жашырган-дейт.

-Эмне деп атасыз?- дедим - сиз баятан бери сиңдиңиздин сөөгүн издеп аттыңыз беле? Денеме суу куюп жибергендей ичиркенип кеттим. Мен катып койгон алтынын кайсы жерге көмгөнүн таппай издеп жаткан экен деп ойлогом.

Дачасы шаардан анча деле алыс эмес болчу. Сөөк издеп атканын укканыман кийин каяктагы уйку. Сөөк издеп жер казып атканым түнү менен түшүмө кирип жөөлүп чыктым. Сиңдиси келип менин сөөгүмү эмнеге издедиң деп мени муунтчудай боло берди. Шырп эткен дабыш уксам эле кыйкырып жибергенге даяр турдум. Батмакан эже кечинде колуман күрөк, кетменди алып атып, эртең эрте туруп мына бу жерди, дагы биерди, анан биерди казасың деп колун сайып көрсөткөн. Сиңдиси дайынсыз жоголуп кеткен үчүн эже ушинтип калса керек, же мурда эле ушундайдыр, а балким сиңдиси тирүүдүр. Жөн гана айтпай дебей бир жакка кетип калгандыр. Эч нерсе ойлонгум келбейт, ойлонсом эле бир окуя болуп кетчүдөй боло берди. Таң атпай турдум да жөө-жаландап

шаарды көздөй качып келе бердим. Кайра кайрылып Батмакан эженин үйүнө барган жокмун.

Дагы көчөлөп калдым. Турбазада иштеген тааныш баланыкына барып, ал-абалым жөнүндө түшүндүрдүм. Квартира да кеп бекен деди, кааласаң келиндердин үстүнө киргизип коем. Аялдарды үстүңө көмүп коем дос, эч кам жебе деди. Чындап эле турбазадан мага ылайык жай таап берди, ишке да киргизди. Оңуп калдым. Сат дегенин саттым, тарт дегенин тарттым, бөрк ал десе баш алдым дегендей ишин ойдогудай аткарып берип жүрдүм. Бирок, бир күнүбүз аялсыз өткөн жок, өзү айткандай аялдардын уясы экен. Деги жалгыз келчү эмес. Бир эжени алып келип тааныштырды. Фигурасы укмуш тим эле, мурда балерина болчу экен. Арак ичип шарактап отуруп жатып калдык. Эртеси дагы, анын эртеси дагы. Ал эже эмнегедир кетем деп айтпайт, же мен кет деп айталбайм. Бир жумадан кийин гана кетейин эми дейт. Мени кошо жүр деди. Үйүнө алып кетиштин ар түркүн амалын кылды. Мен артыңыздан барам деп кетирип жиберип, артынан барбай койдум. Аны кетиргенден кийин деле бир эже келди, ал да кетпей калып калды. Дайыма эле кулагымын учу жара боло берчү, ошону көрүп калып, жараңы айыктырам деп жүрүп алды, же жарам айыкпайт. Биртке иштеп тапканым арактан ашпай калды.

Катуу ичип кеттимби, айтор билбейм, эмне үчүндүр көзүм көрбөй калды. Селсаяктык кылып жүргөн күндөрүмдүн бир күнүндө ооруканага жатып калдым. «Эми ичсең сокур болуп каласың» деди врач. Мен ичпей калдым. Адамга окшоп калган кезимде раматылык Бакытка жолуктум. Бакыт кадимки төкмө акын Токтосун Тыныбековдун баласы эле да. Үстүмө үй берип, астыма аш коюп мени эл кылып койгондо сага жолуктум. Селсаяктыктын чегине чекит койгондо Бакыт кырсыкка кабылды. Бакыттын трагедиялуу өлүмүн билесиң да. Бакыт мен үчүн атам да, энем да болчу. Мага эми Бакыттай адам эч качан жолукпайт...

Ортодо жымжырттык! Бакытка атап куран окудук. Кулакмээни чарчаткан тунжуроо. Мен ыйладым. «Кой ыйлаба» деди

Нур. Мен ыйлай бердим. Нур колуман кармап тургузду да «Ак-Өргөнү» көздөй жөө, кол кармашып кетип бараттык. Кете бердик... Кете бердик...

***

Нурду баккан кемпир апа жакында жүздөн ашып каза болду. Былтыры күздө чай-чамасын жасап берип, көрүп кел деп жөнөткөм. «Сен кимсиң?» -деп сураптыр кемпир апа. «Нургазымын» - десе, «Менин Нургазым кичине болчу. Балдар уруп койбосун деп артынан жүрчүмүн. Колум бошобой калганда балдарга момпосуй, токоч берип, баламы урбагыла деп жалдырачумун. Сонун эле жашап атканбыз, өзүнүн төрөгөн энеси да талашчу эмес, анан эле кайдан-жайдан атасы пайда боло калып, баламы алып кетип калбадыбы. Же сен ошол Нургазысыңбы? Канчага чыктың?» - деп сурап, колун кармап алып ыйлаптыр.

– Аял алдыңбы?

– Алдым.

– Анда аялыңы алып келбе, бул жак суук, үшүп калат, жазда алып кел – дептир.

Жазда барсак, кемпир тың экен. Жаш кезде аябай сулуу болгону билинип турду. Көптөн бери көрбөгөн адамын таанымбай, «Сен кимсиң?» - деп сурай берет экен. Нурдун тайнесинин үйүндө отурганбыз. Кемпир апа: «Жүргүлө, Нургазы чоңойгон үйдү көрсөтөйүн» - деп бүкчүңдөп (биз эки жагынан жөлөп), жапыс кара тамга ээрчитип келди.

– Бул төшөктөр Нургазы сийип чоңойгон төшөктөр. Булар кичикийиндеги күрмө-шымдарын сөгүп, жасаган төшөктөрүм. Мына үстөлү, китеп баштыгы, чүкөсү, жазган дептери, оюнчуктары. Чоң баштык кап алып келип салып кеткиле көзүмдүн тирүүсүндө - деди.

– Бул үйдөн үшүп каласың апа, жүр чоң үйгө – деп Нур галошун кийгизип атып бутун кучактап, колдору менен сыйпалап:

– Апа бутуң муздап калыптыр, үшүп атасыңбы? – деди.

– Ооба, үшүй эле берем, быйыл кышта жылуу маазы-кепич сатып келип берчи, макулбу? – деген эле. Бирок, кемпир апа кышка жетпеди.

***

Картаң апам тээ илгери мен колунан чыгып кеткенде эле ушундай картаң көрүнчү, көрсө анда жаш турбайбы. Бир дос кемпири улам эле үйгө келе берчү, кечке сүйлөшүп отурушчу. Мен апама, «тигиңи кетир, азыр» - дечүмүн. «Кой, антпе, келген кишини кет дебейт» - деп койчу. Бир күнү угузуп айттым. «алдагы кара кемпирди кетир» - деп. «Ой чечек, мен сага эмне кылдым, ыя?» - деп тим болду. Мен ойноп бүтүп келсем деле отурат, курсагым ачып келсем деле отурат. Апам ал менен сүйлөшүп отура берип, мага анча көңүл бурбаганына ыза болдумбу, же апамы ашыкча жүктөн бошотойун дедимби, айтор эмне себептен экенин билбейм, тиги дос кемпиринин галошунун ичин толтуруп салдым. Кеч кире баштаганда «ой, эми кетейин, балаң да сени кызганып, чырылдап атат» - деп чыгып баратып галошун кийе койду эле буту суу болуп калды.

– Ий, чечек, бул чечектин эле колунан келди – деп галоштун суусун төгүп атып – Ой, өлүгүңдү көрөйүн, сийип салган турбайбы – деди апама көрсөтүп.

Мен «ырас болду, экинчи келбейсиң» деп кампайып, короонун четинде шылдыңдап күлүп турдум. Ушул күнүм кайра кайрылып келсе, кемпир апамын колунан атам эмес таятам апкетем деп келсе кетпейт элем…

Атам адеп келгенде мамамы, мени ээрчитип, мүрзөгө алпарган. Мамам аябай ыйлаган, кичикий мүрзөнү кучактап. Кечке мүрзөдө отура берип, шаарга кете албай калган атам кайра бизди ээрчип үйгө келди. Мамам «атаң менен жат» деп, чогуу төшөк салып койду. Атам мени өпкүлөй берди. Кырылган сакалынын изи бетиме өтүп кетти. Картаң апамын тер жыттанган төшүнө көнүп калыптырмын, атамын атыр жыты жакпай калды. Уктай албай туйлай бердим. Картаң апамын кучагын сагынып, атамын муздак койнунан суурулуп чыгып, кемпир апамын жылуу төшөгүнө кирип кеттим.

– Мамам эмнеге ыйлады, картаң апа? – дедим, ал мени кучактап өпкүлөп атканда.

– Билбейм, кулунум. Жөн эле ыйласа керек – деп койду.

Эртеси дагы сурадым. Улам эле эсиме түшкөн сайын сурай бердим.

– Сен чоңойгондо айтайын деп жүрдүм эле, эми айтса айтайын. Ошо дүпүйгөн кичине мүрзөнүн астында Чыңгыз деген бир тууганың жатат. Сенден улуу болчу. Тили чыгып, буту басып калганда чарчап калган. Мамаң унута албай кыйналып жүрөт.

Ошол бир тууганым эле тирүү болуп калсачы, аттиң!

***

Селсаяк болуп жүргөндө ушул мүрзөлөргө да келип. түнөп жүрдүм, бирок картаң апама учурашканы келчү эмесмин. Мен өзүмү такыр жок болуп сууга чөгүп кеткен кемедей сезчүмүн.

Байтиктин мүрзөсүнө да көп барып түнөдүм. Бир жолку барышымда Байтиктин күмбөзүнүн ичи өзгөрүп калыптыр, шам жагышыптыр. Эч ким жок, тынч экен. Мен күмбөзгө кирдим. Куран окуп бүтөрүм менен бирөө сүйлөдү, карасам артымда бир узун киши турат. «Жакшы кыласың куран окуп, бул жерде Байтик баатыр жатат. Ары оозунда эл басып кирип аткан жети тепкичтин астында жети баласы жатат. Жакын туугандары жатат – деп эле тааныштырып кетти. Мен күмбөздөн чыгып, ал кишини ээрчидим. «Бул жерде болсо аябай бай көпөс жатат. Ушул чуңкурга пул ыргытсаң бай болосуң. Бүгүн да булардын саны бир кишиге көбөйөт. Бул жерде паланча, тиги жерде түкүнчө жатат» - деп эле таныштыра берди. Бир маалда алды жакты карасам, табыт көтөрүп, эл чубап келатат. Мен аябай коркуп кеттим. Бул киши бүгүн да бирөө өлөт дегендей кылбадыбы, тегин киши эмес окшойт деп, артымы карабай кете бердим. Бир нерсе болсо эле чуркап качайын деп ойлоп баратам. Узап барып артымды карасам, узун кара киши жок. Ого бетер жүрөгүм түшүп калды. Алды-артымы карабай учтум. Ошондон кийин мүрзөгө түнөгөнүмү койдум. Ал дагы аябай көп нерселерди айткан…

Бозоканага барып ырларымы окуп берсем, эл чогулуп калчу, кол чабышчу. Дагы-дагы деп суранышчу. Бозо алып беришчү. Мен кызып калып, кайра-кайра окучумун. Ошондо бозо ичип отурган токтолуп калган эле киши: «Балам,талантыңы

кордобой, андан көрө редакцияларга барып иштесеңчи?» - деген. Дагы бир аял: «Мыкты ырларың бар экен, кайран талант сага кор болгон» - деди.

Мен ырларымы көтөрүп алып, редакцияларга салпактадым. Кээ бири жарык көрдү. Калганын аракка алмаштырып жибердим. Азыр бирөөлөрдөн ошол ырларымы көрсөм, сөзсүз тааныйм.

Бара турган жерим калбады. Бакыттын стоянкасында айылдаш Картаңбай байкем менен аялы Айнаш эжекем иштөөчү. Алардын ордуна стоянкага туруп берчүмүн. Алар менин курсагымы тойгузушчу. Арак ичип жүрүп, көзүм көрбөй калганда Айнаш эжекем молдого алып барды. Молдонун атын ушул убакка чейин билбейм. Ала-Тоо жаңы конушта жашайт. Ал бир кара түк сатып кел деди. Сатып барсам, мага тоокту кучактатып отургузуп, «азыр аялым дуба окуйт» деп, аялын чакырды. Аялы келип, дуба окуп бүтөйүн деп калган кезде тоок титирей баштады. Дуба бүткөндө тоок жан берди. «Сенин жамандыгыңы бүт чыгардым, эми арак ичпейсиң, оңолосуң» деди аялы. Тоокту алыс алпарып көмүп келдим. Ошондон кийин арак иче албай калдым. Кээде болбой эле ичип койсом, бир рюмкага эле кеңгирей түшөм. Дубасынын күчүнө таң калам. Азыркыга чейин мени ичирбей алып келатат.

Раматылык Бакыттын стоянкасына азыр да барып турам. Байкем, Айнаш эжекем дагы деле иштеп жүрүшөт. Кара тооктун өлүмүнөн кийин намаз окуганды үйрөндүм. Бир жолу Бакыт сатып алган комбинатта намаз окуп атсам, баягы узун кара киши маңдайыма келип туруп алды.Эмне кыларымы билбей калдым. Намазды узакка чейин окуп отуруп алдым. Аягында алакан жайып бата кылып атсам, тиги киши жок болуп кетти. Дагы бир канча күндөн кийин намаз окуп бүтүп тура калсам, жанымда куран китеп жатыптыр. Бир жолкусунда жети сом жатыптыр. Жети сомдун эртеси Бакыт кырсыкка кабылбадыбы? Ошондон кийин намаз окуганды таштадым.

***

Биз Нур экөөбүз Бакытты эскердик. Аябай жакшы жигит эле, эсил кайран! Эми куранды Нур эмес, мен окудум. Ала-Тоодогу молдого барып келдик. Нурдан угуп бир курбум кара төөк ала барган, молдоке аялынан кызганып дубаны кайра-кайра өзү окуп атып өлтүрө албай койду эле, акыры аялын чакырууга айласыз мажбур болду, аялы дубаны бир эле жолу окуп, «сүф» дегенде төөк мүрт кетти.

Нур таап алган эски куранды белгилүү көзү ачык аялга сатып жибердим. Ал биз жакка көчүп келип, жашап жатат.

Нурдун окуялары түгөнбөйт, кызыгы да, кайгысы да аралаш.

Нурдун интернатта чогуу окуган бандит коллегасы Никулинди үйгө киргизбей кууп салчумун. Себеби көп иччү. Деги соо кезин көргөн жокмун ошол баланын. Бир күнү Нурдун кийимин кийип качып кетиптир мен үйдө жокто. Ошол бойдон такыр келген жок. Көрсө катуу ичип алып, көчөдө уктап калып, тоңуп калыптыр. Ал эми берки үчүнчү бала - досу Калыгул тез-тез келип турат. Келген сайын «бизди гезитке чыгарганыңы койгун экинчи» деп тамашалап кетет. Анткен себеби бир жолу уруулардын тагдырын гезитке жазсам, сүрөт жок болуп калды. Мен альбомдон Нур, Калыгул, Никулиндин интернаттагы түшкөн сүрөтүн басып ийгем. Булардын бала чагын ким таанымак эле деп ойлогом. Адегенде эле Калыгулдун аялы Чика таанып коюптур, андан кийин туугандары таанытыптыр. «Койчу эй, ааш, ушу кылганың жакшыбы эми, элдин бетин кантип карайм» деп гезитти көтөрүп келиптир болчу.

Андан бери канча убакыт өттү дейсиң. Убакыт өтүп эле атат, өтүп эле атат…

***

«Жакасы бөлөктүн жаны бөлөк» дегендей кечээ жакында эле көзү өткөн Бакыт Тыныбековду эскергенибиз азайып баратат. Тез-тез куран окуп турчубуз. Анан бир топ убакыт унутуп калдык эле Нурдун түшүнө кириптир. Ал баягы авария болгон

машинасын айдап алып, бүт коллективин салып алыс жакка алпаратыптыр. Анан эле тоого такалып калып өтө албай коет экен. Аны күтүп отура бербей жөө баса беришиптир. Бул эмне болду экен деп аябай ойго чөктү ойгонуп алып. Кайрадан куран окуп баштадык. Раматылык Бакыт Бишкектин түз, даңгыр эле жолунда авария болуп, эжеси экөө бир күндө каза болуп кете беришти. Артында отурган аялы, бала чакасы бүп-бүтүн, эсен - аман калышты. Ошондон бир күн мурун ушул эжесинин түшүнө Токтосун агай кирип, жанымда эки орун бош турат, келгиле деген экен. Ушундай жаман түш көргөнүн апасына, улуу агасына айтып куран окуталы деп Аламединдеги агасыныкына кой сойгону кетип баратышканда катуу келаткан Бакыт алдынан чыга калган ЗИЛден качам деп жолдун четиндеги тосмону сүзгөндө машинанын үстүнө стольбо кулап калыптыр. Эжеси алдыда отурган экен, күч менен катуу тийгенде мүрт кетиптир. Бакыттын буту катуу басылып калып эч ким чыгара албай коюптур. Бул окуя базар күнү болгондуктан кабардар эмес элек. Биз Туңгучта Бакыттын сатып алган комбинатында жашачубуз. Түндө уктап атсак эле бирөө эшикти күч менен тээп ачып кирди. Мен кыйкырып ийдим. Ал мен эле, мен эле, Нургазы керек деди. Көрсө Бакыттын орун басары экен, эч ким өз атынан чакырбай улутун айтып еврей дешчү. Нур тура калып, чала кийинип сыртка чыкты. Чыгып кетип эле жок. Апей, эмне азыткы азгырып кеткен жокпу деп артынан издеп чыксам, биринчи кабатта тамеки чегип капа болуп отурат. Эмне болгонун сурасам, Бакыт авария болуптур деп кейийт. Деги соо бекен дедим үрөйүм учуп. Жакшы эле экен, милиция келип текшерип калбасын, ичиндеги ичкиликтерди жок кылып коеюн деп еврей ачкычты алып астына түшүп кетти деди. А сен эмнеге түшпөдүң десем, мени түшпө, кокус милиция келсе айтасың деди дейт. Ал эмнеси экен, Бакыт кылмыш кылыппы милиция издеп келгендей деп мен баркылдап кое берсем, Нур түртүп комнатага киргизип жиберди. Өзү да кирип отурду. Эмне болуп авария болгонун айтпаптыр, бирок жанында чоочун келин бар имиш дептир.

Түнү менен чымын-куюн ой менен алпурушуп чыктык. Дегиaман соо эле болсо экен деп тиледик. Таң атпай Картаңбай акечалды, түндө саат экиде Бакыт каза болуп калды деп. Нургазыны бирөө башка чапкандай колунан трубка учуп кетти. Бакыттын авария болгонун угуп чогуу иштеген коллективинин анча мынчасы чогула калышыптыр, түндөгү еврей да бар экен. Качан гана Бакыт каза болгондон кийин еврей түндө үчкө жакын комбинатка келип, митаамдык менен Бакыттын бекитип каткан анча мынча буюмдарын, ал тургай ичкиликтерине чейин ташып кетиптир. Ал эми милиция келет дегени жөн эле оюнан чыгарган фантазиясы экен. Эмнеге ачкычты бересиң дедим Нурга, Бакыт менен эжесинин сөөгү жерге коюлгандан кийин. Сөөк чыгарда Бакыттын достору, Тыныбеков агайдын достору, коллегалары жүрөктү титиреткен сөздөрдү сүйлөп маркумдарды келбес сапарга узатышты. Айылдаш аяш атасы, эл жазуучу Төлөгөн Касымбеков «айланайын Бакыт» деп баштап алып, жашка буулуп, калган сөзүн ый менен боздоп айтып, элдин баарын ыйлатты.

Нур бир-эки айга чейин өзүнө келалбай койду. Жанагы авария болгон машинаны сүйрөтүп, биздин терезенин түбүнө алып келип койду еврей. Аны тиктеп үйгө кирип-чыгыш кыйын болуп калды. Заңгыраган чоң комбинат да томсоруп Бакытты жоктоп оор үшкүрүп турду. Анын биртке жыйнап-тергенин ар кайсы жагынан талап-тоноп киришти. Үстүңкү үч кабатын кайсы бир техникумга берип коюшту. Подвалдагы Бакыттын эс алган бөлмөсү жылаңачтанып калды. Биздин жүзүбүздү көргөндө жалтанган еврей, астындагы спальныйды алып алгыла деди. Нур болбой койду. Баягыда Бакыт сага ишенип калтырып жүргөн ачкычын эмне үчүн еврейге бересиң дедим дагы бир жолу. Бизди комнатты бошоткула деп ачык айталбай ар кайсы жагынан кысмакка ала баштады еврей.

Жүр көчүп кетеличи үйгө деди Нур бир күнү иштен келсем. Макул дедим. Көчкөнгө камынып атсак, спальныйды ала кеткиле деди еврей. Нур болбой койду. Эмнеге десем, Бакытка буйрубаган спальный мага буйрумак беле деп койду. Эч

нерсени албайбыз, ошо еврейге буйрусун деди. Биз кайра өзүбүздүн үйгө көчүп келдик. Эки күндүн биринде эле Бакытты эскеребиз. Нур жалгызсырап, жетим баладай болуп томсоруп калды. Бакыттын ар бир айткан сөзүн үлгү катары кабыл алчу. Пастортунун жоголуп кеткенин айтканда акчасын төлөп паспорт алып бергенин айта берет. Аялыңын документин, дипломун алып кел, кызмат караштырып атам деген экен бир аз эле күн мурда. Экөөбүздүн атабыз тең кесиптеш, коллега, экөөбүз тең чыгармачыл кишинин балдарыбыз. Өкүнүчтүү жери менин атамдын көзү эрте өтүп кетти, а сенин атаңын өкүнүчтүү жери сендей баланы талаага таштап салып, кененкесир дем алып жашап жүргөнү. Бирде жигит жөө жүрөт, бирде төө минет. Сенин да колуңа бир күнү бүркүт конот, алаканыңа куш уялайт.Ошон үчүн ичпе сенден суранам, колуңан келишинче иште, иштен талыкпа деген экен.

Мен Бакыттын имаратында жашап жүрүп да Бакытты жакындан көрбөгөнүмө өкүндүм. Өңүн элестете албасам да машинасы Линкольн менен короонун ичине кирип келаткан, машинасынан заңкайып чыгып келаткан элеси көз алдымда турат.

***

«Жигитим» бир күнү жөө жүрсө бир күнү төө минди. Ар кандай иште иштеди. Иштин жаманы болбойт экен, иштеген тиштейт деп, тиштегенибиз да кудайга шүгүр болуп оңолуп келаттык. Айтканга боло турган, айтканга болбой турган окуялардын күбөсү болуп аттык. Ар бир адамдын башынан өткөн көрүнүктүү окуяларын чогултса жакшынакай бир китеп чыгары чындык иш. Бирок Нурдун өткөргөн күндөрүн калтырбай барактаса эки китеп чыга тургандай. Аларды барактап олтурганга менде мүмкүнчүлүк болбой калды. Анткен себебим биз уулду болдук. Атын Кудайберген койдук.

Жашообуз эл катары уланып келет. Жол узак, жол татаал.

# БАКТЫСЫЗ БАКЫТ

Мен түрмөгө келдим. Ным жыттанган камеранын ичи. Адегенде адам өлтүргөн Айтыкул менен сүйлөшүп көрөйүн дегем. Бирок негедир ал киши менен сүйлөшкөндөн чоочуркап, өзүн «бактысыз Бакытмын» деп тааныштырган, көздөрү ботонун көзүндөй жайнаган баланы сөзгө тарттым. Ал башынан өткөргөн каргашалуу окуяны жандили менен айтып берип жатты.

...Бул окуя борбордо эле болуп өткөн эже. Шаарга биринчи жолу келишим болчу. Көчөдөн эле таанышкан бала менен жакын дос болуп кеттим. Ал досумдун досуна тез-тез барып жүрүп, алардын шайкасына кирип кеттик. Кантип кирип кеткеними өзүм да билбей калдым.

Үйлөргө уурулукка киребиз, адам тонойбуз кээде өлтүрүп коюшат, машиналарды айдап качышат. Банданын шефи арык, кичине болгону менен күчтүү болчу. Ал менин сөөк-саактуу көлөмүмү көргөндө эле сүйүнгөн. Бара-бара иштин татаал жерин мага бөлүштүрө баштады. Ушундай ыплас иштерине көңүлүм чыдабай, иренжий бердим.

Бир түнү «крупный кража» жасадык. Кражадан чыгып шефтин үйүнө келип уктап калгам. Эртең менен уурдалган буюмдарыбызды бөлүштүрүп алып, квартирама келатсам чак түштө эле милиция кармап алды. Мени эле күтүп турушкансып экөө алдыман чыга калып:

– Документиңи көрсөт – дешти.

– Эмне дейсиз, документимби? – демиш болдум.

– Түндө кража болуптур, сендей жаш балдар түрктөрдүн үйүн уурдашыптыр. Ошолорду издеп жүрөбүз.

– Аа – деп билмексен болдум, дал үстүмөн түшүштү, себеби биз киргенбиз да ал үйгө. Колумда чоң сумка, ичинде видеомагнитофон, кол саат, илинген чоң саат, жаңы туфлилер аялдыкы, эркектики. Магнитофон кассеталары менен жана алтын шакек, сөйкөлөр бар болчу. Сыр бербемиш болуп:

– Документтерим үйдө эле да – деп сумкамды жерге койгондо бирөөсү ары басып барып, дагы бирөөнүн документин текшерип калды.

– Үйүң кайда?

– Тигине, - деп ачык турган эшикти көрсөтүп койдум.

– Жүр, чогуу барабыз.

– Жо-о, өзүм эле алып келе коем, сумкамды карап туруң а? – дедим.

– Жөнө, тез кел – деди аңкоо милиционер.

Мен ачык турган чоочун дарбазадан кирип, кийинки башка көчөнү караган эшигинен «зып» койдум. Эки жагымы карасам эч ким көрүнбөйт, спутниктин ылдамдыгындай эле учтум окшойт. Бул окуя «рабочий городоктун» «Люкс» деген аялдамасында болгон.

Аңкоо милиционер ошол жердеги опорный пунктта иштейт окшойт, званиеси сержант болсо керек эле. Кайра сумкамы издеп барган жокмун, милиционер аябай таң калды болуш керек. Ичим деле ачышкан жок, эптеп кутулуп чыкканыма сүйүндүм. Люкска жакын жерде квартирада турчумун, ал жакка да барбай койдум.

Мен бул шайкадан кантип чыгып кетерими билбей башым катты. Бул жакка киргенден кийин тирүү чыкмай жок, же түрмөгө түшөсүң, же өздөрү колдуу болосуң. Аларга милицияга түшкөнүмү, мени издеп жүрүшкөнүн, айылга кетип калышым керектигин айтып кобурадым. Кээ бир иштерине катышпай, өзүмдү оолак кармаганымы байкап калышты.

... Ошол акыркы түн болчу. Операцияга баратабыз деп алпаратышкан, көрсө иш башкача экен. Алардын мага кол сала турганын баягы досумун досу шыбырап койду. Ыгын таап, токтогон жерде качмай болдум эле кармап калышты. Чоң мушташ башталды, алар бешөө, мен жалгыз. Тапур-тупур,барча-барч... башың кана, көзүң кана демей жок, кимиси туш келгени чоң муштум менен согуп же өзөртө тээп атышат. Мен моюн берген жокмун, экөөсүнүн эсин оодара жыктым, бирөөсүн сулата тептим. Мушташканды да өздөрү үйрөтүшкөн. Эптеп кутулуп чыгып качсам, кууп жөнөштү. Алардын бирөөсүнөн эле чочулап тургам, себеби ал менден күчтүүрөөк болчу, ошол гана мени катуурак муштап аткан. Оңдой берди болуп, ал машинага чуркады, машинасына

жеткиче мен бир топ узап кеттим. Бурулуштан кайрылганда бир үйдүн короосуна секирип түштүм. Артыман келатышкандар топурап өтүп кетишти. Мен бурчтагы короонун чети менен өтүп, артка чегинип үчүнчү үйдүн жыгач кепесине кирип кеттим. Алар да көп узабай токтоп калышты. «Алыс узаган жок, ушул эле арада» деп жанагы короого киришкендей болду. Иттер ажылдап, алардын шайын кетирди. Үйдүн ээси орус экен бакырып-сөгүнүп чыкты эле аны коркутуп-үркүтүп үйүн тинтип чыгышты окшойт. Айтор ызы-чуу эле болуп атты. Мен кирген кепенин ээси «милицию надо вызывать» деп аткан. Тигилер машинесин бипилдетип, үнүнүн барынча кыйкырышат: «Бака, оюн бүттү, чык, сынаганбыз сени, болду эми достошобуз» деп. Менде жан жок. Милиция келгенде булар тынчып калышты. Хозяин кепенин эшигин таңкылдатып атты, мен дымымы чыгарбай бурчка тыгылып отурам. Кеткенге болбойт, алар сөзсүз аңдышат. Таң агарып бараткандa чыгып кетейин деп эшикти түртсөм артынан бир нерсе сүйөп ачылбай тургандай кылып салыптыр. Эгер күчкө салып ачсам хозяин ойгонот да ызы-чуу башталат. Эмне кылаарды билбей башым катып отуруп уктап калыпмын. Каздын каркылдагынан ойгонуп кетсем таң атмак түгүл кеч кирейин деп калган экен. Эшик ошол бойдон жабылуу турат. Түн кирип тынчып калганда эшикти күчкө салып түртүп чыктым да кайра өзүндөй кылып устун жөлөп койдум. Дубалга чыксам сыртта тынчтык мемиреп туруптур, секирип түшүп жолго түштүм. Ал жол каякка алпарса ошол жакка кете бердим. Жолдун аягы үч кесилишке алып келип такады. Сол жагы шаарга алпарат, оң жагында эч бир таанышым жок, маңдайымдагы жол жаңы микрорайонго кетет. Ошол микрорайондо жакшы тааныган жердеш эжем жашайт. Ал өтө боорукер, жапакеч, сулуу эже эле. Эшигин тыкылдатсам ачты да мени көрүп чоочуп кетти:

– Ким менен келдиң, эмне болду,тынчпы? – деп шаштырган суроолорду берип ийди.- Кебетең кантет, каяктан келатасың, эмнеге түндөп?

Кийимимин баары кара көө болуп калганын эми көрдүм. Көрсө мен жаткан кепе көмүркана турбайбы. Бетим да көгала болуп калыптыр. Жуунуп, тазаланып, которунуп алып, чай ичип, тамак жеп отуруп эжеге бүт баарын баштан-аяк айтып бердим. Ал аябай кейип атып укту. Үйүндө жүрүп калдым. Мени эч кимге айтпай жашырып жүрдү.

***

«Нысапсызга кашык салса беш ууртайт» болуп мен эжеге ашык болуп калдым. Ал ишке кетип, кечинде келгиче тызылдап күтө берем, келер маалда көчөнү карап турам. Карааны көрүнгөндө жүрөгүм лакылдай баштайт. Кайдан келдим эле – деп кыжырым келет. Кетип да калалбайм. Эжеге жипсиз байландым да калдым. Күндүз огород иштерин жасайм. Сарайга фундамент куюп бүтүп, ылайдан бакса кирпич ура баштадым. Үйдө мени менен эженин бойго жеткен кызы калат. Жардам берет, тамак жасайт. Ардемелерди айтат, күлдүрөт, тамашалайт, тийишет. А менин көңүлүмдө анын энеси. Кызы менен сүйлөшүп атсам да оюмда энесин ойлонуп турам. Биринчи жолу сүйүү эмне экенин сездим окшойт.

Эжени өпкөнүмү, кучактап жатканымы элестете берем. Ой басып, басмырт болуп баратам. Жүрөгүмө тамак баспайт. Көөдөнүмдө эле бир сезим тыгылып чыкпай калды.

– Ооруп калган жоксуңбу? – деп эже үйрүлүп түшөт. Ансайын алдыма тамак коюп өнтөлөйт. Сарайды тургузуп, үстүнө устундарын коюп бүтүп атсам эже жумуштан келип мага бир нерсе дегендей болду. Мен нес болуп эле эжени карап тура берипмин.

– Эй Бакыт – дегенде уйкудан чочугансып карап калсам – эмне болду сага? - дейт.

– А, эч нерсе деле -деп ишимди уланта бердим. Ошо күнү кудай жалгап кызы курбусунун туулган күнүнө кеткен эле.

Кечинде тамак ичип сыртка чыккандан кийин кирбей сыртта отура бердим. Өзүмчө эле ичимден кудуңдап атам.

– Бакы, кирип жат - деди эже.

Кирген жокмун. Дагы айтты, болбодум. Акыры эже ночнушкасынын үстүнөн халатын жамынып чыгып жаныма келди. Узун чачын жазып алган. Периштенин өзү тим эле. Өзүм кырдуу же кичүү мындай сулуу көргөн эмесмин. Жүрөгүм элжиреп кетти. Көрбөйүн деп көзүмдү эки колум менен жаап алдым. «Бир азаптан качып, экинчи азапка тутулдумбу?» деймин ичимден. Эже эңкейип эки колуму жумшак кармап бетими ачты. Түнкү көйнөгүнүн ачык көкүрөгүнөн эки аппак мамагын даана көрдүм. «Чү» дегенде эле мамагынын көрүнгөнүн карасаң. Колум менен мыжыгылагым келип кетти.

– Бакыт, эмне эле болуп атасың? - деди.

– Эч нерсе - дедим.

– Сарайды жалгыз салып кыйналып калдың окшойт...

– Жок, жок, антип такыр ойлобоң, ал жасап жүргөн эле ишим.

– Жүр үйгө, эс ал, укта.

– Мен кетсем окшойт эже.

– Кайда?

– Кайда болсо деле.

– Тигилер кекенип калышыптыр, өлтүрүп салышат да.

– Сиз кире бериңизчи, эже.

– Эч качан кирбейм, бас үйдөн сүйлөшөбүз - деп булкуп колуман жетелеп, үйгө киргизди. Төшөктүн четине отургузуп, колун чекеме басып:

– Ооруп калган жоксуңбу? - деди.

– Ооруп калдым. Болгондо да... Эже, мен ит болдум...

– Бери кара – деп ээгимди өйдө көтөрүп, айт, эмне болду? – эже чекемден өөп, анан бетин бетиме тийгизди эле, шап этип эки колумду белине артып, тизесине башымды коюп ыйлап кирдим.

– Ой, айтып ыйлачы, апаңды сагындыңбы?

Өксүп атып акыры айттым:

– Мен сизди сүйүп калдым, эже.

Эже каткырып күлүп жиберди:

– Ошол элеби? Андай боло берет, ошого да ушунча болосуңбу? Ыйлаба, тур, эртең эле унутуп каласың...

– Унуткуча өлүп калам.

– Кой антчү эмес. Башка нерсеге алаксы, китеп оку. Муздак сууга жуун, башка нерселерди көп ойлон - дегенде башымы төшүнө коюп чачымы сылап аткан, көкүрөгүнөн шуу-шуу жыттап алсам – кой, тура гой, жат - деди.

Бурамаларым бошоп кетип, калдайган колум менен куурчактай эжеми кучактап өпкүлөп, төшөктүн үстүнө куладым. Эже түртүп келатып жөн жатып калды. Мени менен кошо сүрүлгөн ич көйнөгүн ылдый тартып балтырына чейин жап койдум да бетинен, мойнунан, көзүнөн өбө бердим. Көкүрөгүнө чейин сылап, өөп келип эки көзүм балтырынан өтүп атты. Бир маалда калчылдай баштадым. Оозун өпкөнгө да батынбай койдум. Эже мени аядыбы же өзү да менин абалыма келдиби:

– Аял менен болдуң беле? - деп сурады.

– Ики – деп баш чайкадым.

Эки колу менен бетимди жумшак кармап оозун оозума тийгизип, эрини менен бүлкүлдөтүп соро баштады. Андан кийинкисин айта албайм, өлүп-өлүп барып тирилдим го.

– Болор иш болду, эч кимге оозуңан чыгарба, жолуңу ачып койдум, эми экинчи жолу мындай кайталабасын – деди да, өктөм айтып туруп кетти.

Балээни кайталанбайбы! Бир убакка чейин өзүмө келалбай жаттым, түшүмдөгүгө окшоп атты. Кайра өзүмө келип, жуунуп жатып алып дагы башынан ойлоном. Кантип жатканымы, кантип түшүп кеткенин, «апа» деп бакырып ийгеними… Эже да өзүн кармай албай онтоп ийгенин. Онтоп… а демек ал деле канааттанды да. Дагы кирейин койнуна, бирок, кантип. Түн ооп баратат, тез эле таң атып кетет, эми кантсем. Бир жерим да зыңкыйып алып эсими эки кылып атты. Бар күчүмү жыйып эженин бөлмөсүнө кирдим. Ал созулуп уктап жатат. Төшөгүнүн четине чөгөлөп отуруп колуму төшүнө койсом, ойгонуп кетип, уйкусурамыш болуп колуму кармап, ары оодарылып жатып алды. Ошону эле күтүп тургансып дароо сойлоп төшөгүнө кирип кетсем, колуму бөйрөгүнө коюп алды. Мен артында жаткан бойдон желкесинен, далысынан өөп кирдим. Эже акырын онтоп оодарылганы атканда шап этип

оодара салып оозунан соруп калдым. Эми тартынбай ич көйнөгүн үстүнөн чечип ыргытып, ак мамасын оозума салдым. О бая тартынып кармай албай аткан аппак балтырына чейин өптүм. Киндигинин жака белин сыйпаладым. О бая кийимчен элек, эми энеден тумабыз жана шашып кетипмин, эми акылды пештеп шашпай, шашпай... Бирөө азыр светти жагып ийсе уялганыман качып кетмекмин. Үстүнөн акырын турдум да сыртка чыгып кеттим. О бир топто гана кирип, төшөгүнө жетип:

– Эже, мен жалгыз коркуп атам, жаныңызга жатып алайынчы - дедим.

– Чынбы, анда кел - деп төшөгүн ачып койду. Кийине элек экен.

Мен тез-тез чечинип жата калгыча кайра жамынып алды. Төшөктү үстүнөн сыйрып салдым эрдик кылгансып.

– Койчу эй, жапчы - дегенде, Мына жаптым - деп үстүнө жууркан болуп жабылып жатып калдым. Жанагыдан узагыраак өбүшүүлөр болду. Узагыраак кучакташуу, узагыраак онтоо, бардыгы узагыраак болду. Кыз кучактап жаткандай эле болдум. Азыр беш кызга алмашпайт элем эжеми.

– Бар эми, жуунуп алып укта, эртең эс ал.

– Чогуу жаталычы?

– Макул.

Экөөбүз бүгүн биринчи түн эмес бир нече түн сүйүшкөндөй болдук. Таң агарып кетти. Эжем катуу чарчаганга уктап калды. Мен кийинип сыртка чыгып сарайды бүтүргүчө шаштым. Кыңылдап ырдагым эле келип калыптыр. Саат 11 ченде шиферге мык кагып тарсылдатып атсам эжем ойгонуп кетип сыртка чыкты. Өзү да сулуу эле ого бетер сулуу болуп жашарып кетиптир. Уктабай койгонума кейимиш болду. Ал тамагын даярдап бүткөндө кызы келди.

Мен ошентип жашап калдым кетпей. Кызына билдирбей түндө чогуу жатып алабыз. Күндөн күнгө сүйүүбүз артыла берди. Катуу сүйүп калдым. Кызы болсо дагы деле сөз ыргытып тийишип жүрдү. Анысына көңүл деле бурган эмесмин. Бир күнү:

– Эркексиңби, же эмне... -дейт намысыма тийип.
– Эркекмин - дедим аны тике карап.
– Ну докажи, андай болсо - дейт келесоо.

Карасам көздөрү тунарып калыптыр. Өлгөнү калган неме го деп, кучактап иттин башындай болгон эмчегин кармап койсом мойнума чап жабышып өбүшүп кирди. Жаңы бүткөн сарайдын ичинде болчубуз. Качып кетер деп трусасын чечимиш болуп койсом, жатып атпайбы, жинди. Мындай кезде эркектер өзүбүздү башкара албай калабыз да. Эркектигимди доказать этем деп эми чындап ит болбодумбу. «Кунаажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт» болдум. «Аңгектен качсаң дөңгөккө». Банданын колунан качпасам бул жакка да келбейт элем. Же ушул ишке барбашым керек эле. Шайтан азгырып, жолдон сүйрөп чыкпадыбы. Ал шайтанга «мен сенин энеңди сүйөм» деп кантип айтам. Анда иш чатагына айланбайбы. Апам мени бактылуу болсун деп атымды Бакыт койгондур, бирок мен бактысыз Бакыт болуп, дүйнөм аңтарылып жашагым келбей кетти. Күндөр өтө берди. Кызына ичим деле жылыган жок. Аялдык назиктик деген анда жок. Өзү суранса анда-санда күндүз энеси жокто сарайдын ичинен басып койчумун. А энесине ар түндө кирем.

Күз да билинбей кирип келди. Апама телефон чалган сайын урушат, келбейсиңби деп. Ана барам, мына барам деп алдап коюп жүрдүм. Бир күнү чалсам апам мен шаарга баратам дейт. Дагы алдадым 1-2 күндө барам деп. Түндө жатып алып эжем менен сырдаштым:

– Алтыным эжем, мен эми сизсиз жашабай калдым. Уруксат берсеңиз айылга барып апамдарга учурашып келейин. Макул болушса сизге үйлөнөм. Макул болбой коюшса баса берем, нике кыйып үйлөнүп алабыз - деп тамагынан аймалап өптүм.

– Бара гой, мен сени барба дешке акым да жок, бирок... эми мен ит болдум. Менин боюмда бар - деди кирпиктери сууланып, оор үшкүрүп.

– Чынбы? - дедим сүйүнүп. – Өзүм багам - дедим кыйын болуп.

Эжем төрөмөй болду. Мен айылга кетпей дагы бир топ жүрүп калдым. Айланчыктап жанынан карыш чыкпай, аны да башка жактарга жибербей бири-бирибизге байландык да калдык. Кызына кантип айтаарыбызды билбей жүрсөк, өзү сезип калгандай болду. Апасы ишке кеткенде:

– Менин боюмда бар экен, доктур айтты - дейт, айбан кыз.

– Эмне? – чоочуганыман чалкаман кетип кала жаздадым.

– Ооба, чын. Мамама ачык айталы…

– Жоголчу ары? Эмне деп былжырап атасың? - деп ийдим апасын айтканда эсим чыгып.

Көңүлүм айнып кетти. Бул кандай шумдук. Эмне болуп атканымы түшүнбөй калдым. «Колуң менен кылганды мойнуң менен тарт» болом го. Аборт кылганга болбойт,биринчи төрөтү. Энесиники болсо төрт айга карады, демек ага да болбойт. Таза башым катты. Кандай кылар айласын таппай калдым. Энесине жасаган мамилеми кызы кантип эле сезбеди экен? Байлоодо турган жеримден жибими өзү үзбөдү беле? Өзүң ушинттиң эле деп кантип айтам? Сүйгөнүм эжеми кантем? Кечке чейин өңү бозгон чүпүрөктөй болуп жүрдүм. Түндө эжемин койнунда жатып, үйгө барып келгенге дагы жооп сурадым.

– Сөзсүз келем кайра - дедим убада кылып.

– Мен үчүн келем деп деле кыйналба, бирок, наристе аман-эсен төрөлсө бир чыгынып келип көрүп кет - дейт бечара эжем оюнда эч нерсе жок.

Таң атпай айылга жөнөп кеттим. Кызына жолуккан жокмун. Айылга келгениме үч ай болду. Ойлоно бергенгеби, башым көп ооруйт. Эжеми эстеген сайын ичими өрт аралайт, аябай сагындым. Барайын дейм, корком. Эмне болуп атышканын билбейм. Мени издешеби десем, анткен жок. Бар күчүмү жыйып шаарга бара берейин деп чечтим. «Баш кесмей бар, тил кесмей жок», көп болсо башымы алар. Малыман сатып шаарга базарлык кылып жөнөйүн деп, таң атпай чыгып бир торпогуму айдап мал базарга жөнөдүм. Жолдо баратып ээн калган таш коргондо бир жылкы, бир бээ бош жүрүптүр. Эки жагымы элеңдеп карасам эч ким көрүнбөйт. Арам лапсим ойгонуп

кетип, буларды да торпогума кошуп айдасам качпай эле жолго түшүштү. Базарга чейин айдап келсем эч ким кууп, же издеп келген жок. Ким сураса да арзан эле сатып ийип, чөнтөктү акчага толтуруп эжеме барарымы эстеп култуңдап сүйүнүп аттым. Бирок арзан баада да эч ким сураган жок. Торпогуму баалашып атсам, бирөө «бээ, жылкысы менен канча» деди. Мен айттым.

– Түшпөйсүңбү? - деди.

– А, түшөм, канча сурайсыз - дедим. Ошо тушта торпогуму сатып, акчасын санап чөнтөгүмө салып аткам. Алар баасын айтты.

– Хоп ака, болот - дедим.

– Ичиң оорубаса келе колду - деди.

Мен колуму сунсам, ал киши кайрып артка куушуруп калды. Жанындагы эки киши жардам берип колума кишен салышты. Көрсө алар милициялар экен. Түндө бирөө уурдап чыгып таш коргонго бекитип коюп, өзү далдоодо уктап жатыптыр.

«Кан кое бербейт» деген ушу болсо керек, жыйырмага чыгып чыкпай атып кандай гана каталарды жасагам. Бул да болсо чала мээлигимен, акылымын пастыгынан болду. Күнөөмү мойнума оңой эле коюп коюшту. Алып келип решеткага тыгышты. «Мен эжеми сүйөм, эжемин абалы мындай, кызынын абалы андай» деп кыйкырып, бакырып, жер чапчыгым келди. Бирок мени ким угат эле.

Ушинтип эжеме жетпей түрмөгө түшүп калдым. Түрмөдөн көп нерсени үйрөндүм. Уялганды да унуттум. Бар дараметим менен эжеме төгүп-чачпай баяндап кат жаздым. Жооп келбегенинен кайра жаздым. Кечиримди кайра-кайра сурадым. Үчүнчү катты жазганда гана жооп алдым. Катынын аягын минтип бүтүрүптүр:

«Бакыт, «бирде жигит жөө жүрөт,бирде жигит төө минет». Камалып калдым деп чүнчүбөй, башыңы жогору көтөр. Жаш башка нелер келип, нелер кетпейт. Мындай окуя боло берет.Кат жазып тур».

Же сүйүнөөрүмү билбейм же ыйларымы билбейм. Менин акмакчылыгымы алтыным эжем кечирген окшойт. Же сүйүү

деген ушунчалык жумшакпы? «Уят өлүмдөн катуу» дегендей кантип бетине карайм. Өлүп эле калсамчы ушундан көрө.

Күндөр чубала берди. Кат алышып турдук. Бирок, мен эч нерсе сурай албайм. Өзү толук жазбайт. Төрөгөн, төрөбөгөнү мага табышмак эле бойдон калып баратат. Отурганыма жыл айланып, жарым жинди, жарым эс болуп жүргөнүмдө эжемен калың конверт келди. Ичинде эки наристенин сүрөтү жүрөт. «Бул сүрөттөгү менин балдарым, эстеликке сактап ал, мөөнөтүң бүтүп, келгенде көрөрсүң» деп жазыптыр. Менин балдарым дегени кандай? Эмне үчүн экөөбүздүкү дебейт? Эгиз төрөгөнбү же эмне? Бирөө кызыныкыбы? Алтын эжем сулуулугуна жараша акылдуу жан эле. Акылга салып иш жасаган окшойт. Башыма мүшкүл иш түшсө да, бир мүнөт эсимден чыгарган эмесмин. Бул жактан бошонорум менен барып үйлөнөм. Бирок кызы эмне дейт? Деги ал каякта? Ушундай ойлордон башым тарс жарылып кете жаздайт. Акылыман ажырап калбасам экен. Күндөр жакындаган сайын жүрөгүм дүкүлдөйт. Эптеп ыгын таап бир беттешип алсам калганын көрөт элем. Эжеме эле жетсем кетирген каталыгым экинчи кайталанбайт эле.

***

Мен түрмөгө барып "бактысыз Бакытка" жолугуп келгенден бери ай алмашып, жылга айланып, заман өзгөрдү. Ош базардын ичине толгон базар ачылып, аттаган сайын арышыңын астында алып сатарлар калат. Алармандан сатарманы көп. Күндөгүдөй эле окшош күндөрдүн биринде уулума шым сатып алмак болуп, Ош базарга бардык. Шым саткан бала ары жагыбызга бир өтүп, бери жагыбызга эки өтүп атып шымын алдырды. Негедир эле ошо бала мага тааныштай сезилип туруп алды. Сен ким элең деп сураган жокмун. Үйгө келгенде да ошо баланын элеси көз алдыма тартыла берди. Туруп-туруп эле ошол баланы ойлоно берчү болуп калдым. Эки-үч күн өткөндө атайын шым саткан жерге бардым. Дагы эле эпилдеп «келиң эже, кандайынан кийесиз, тандап туруп

берем, баасы ойдогудай болот» деп алдымы тороп калды. Прилавкасынын четиндеги отургучта ак жуумал, орто жаш аял отуруптур. Тартынып кетип «мен жөн эле өтүп баратам» деп ийдим. Бир топ узап барып артымы карасам, жанагы бала отурган аялды артынан кучактап, эңкейип бетине бетин тийгизип сүйлөп атыптыр. «Апей кокуй» деп чочуп алдым, кайдан карай салдым эле, деги ким болду экен булар, тынчым кете баштады. Кийинки катарга түшүп алып кайра артка кайттым. Бир адамдын өңү тааныш болуп, бирок ким экенин эстей албай койсом, аябай кыжалат боло берчү адатым бар. Бул баланы эмне эле ушунча билгим келди, деги бул баласыз эле жашасам эмне болот, эми бир карайын да кете берейин, мээмден чийип таштайын деп ойлоп алардын тушуна келгенде эңкейип карасам, тиги бала жанагы турушунда аялды эми мойнунан өпкүлөп атыптыр. Ий, өлгүр – деп шыпылдап басып баратсам, мен бараткан катардагы соода кылып аткан бала ары карап: -Бакыт, Баха артынан көз сала турчу, бир жерге барып келейин – деп кыйкырды.

– Макул, бара бер –деди аял кучактап өпкүлөп аткан бала.

Бакыт дейби, кайсы Баха? Баягы Бакытпы? Койчу? Кантип? Ошолбу? Жүрөгүм опколжуп кетти. Дагы бир бурулуп карадым. Ошол! Өзү! Баягы мен жазган Бакыт турбайбы? Кудай жалгап ал мени таанып калган экен. Тиги баягы эже – аялы болсо керек? Экөө үйлөнсө керек? Кызы эмне болду экен? Кантип сурасам экен? Бизди эмнеге жазып жүрөсүң деп экөө мени сабаса эмне кылам?

Аялдамага кантип жеткенимди билбей калдым. Ал тургай үйгө да кантип жеткенимди билбейм. Түнү менен Бакыттын кийинки тагдыры тынчымы алып ооналактап, уктай албай чыктым. Таң атпай туруп базарга кайра жөнөдүм. Тиги аялы жокто сүйлөшүп көрөйүн дедим. Жөө басып барып өмүрүмдө түшпөгөн бөлөк номердеги маршрутка түштүм. Орун калбай калыптыр, туруп калсам бирөө артыма колун коюп:

– Эже, отуруң - деди. Шак карай салсам жанагы бала, аз жерден «Бакыт» - деп ийе таштадым.

– Кел, сен менин алдыма отур - деп Бакытты бирөө тартып алды, карасам кечеки аял. Маршруттан секирип кете жаздадым.

Мен буларды издеп баратсам, биз мына деп алдымда турушканын карабайсыңбы? Мүмкүн болушунча мойнуму тескери буруп баратам.

«Ала-Арча» базарына жеткенде экөө коштошту.

– Эрте кел - деди Бакыт.

– Соода бүтөрү менен келем – деди аял.

– Ак жол!

– Сага да!

Эми аялдын ордуна Бакыт отуруп калды.

– Кандайсың, Бакыт? - дедим күлүп.

– Жакшы эже, сиз кимсиз?

– Менби? Мен бая күнү уулума шым сатып албадым беле сенден? Келип туруң дебедиң беле?

– А-а? Бизге бир күндө жүз адам келет, алардын баарын эстей албайбыз да? – деди.

– Мен алардан башкача адаммын, эстеп калышың керек эле?

– Себеп? Кантип эстеп калышым керек эле? Мисал үчүн...

– Мисал үчүн мен сага түрмөгө баргам.

– Коюңчу? Сиз кимсиз?

– Журналист эжемин.

– Э-э? Баягы эжесизби? Тааныбай калыптырмын. Өзгөрүп кетипсиз. «Оо ондон бери канча жыл өттү. Жазам деп кетпедиңиз беле? Жазган жоксуз го?

– Жазгам, окубай калсаң керек да. Балдарың канчага чыгып калышты?

– Мектепте окушат - дегиче Ош базарга жетип келдик .

– Мен түшөм ушул жерден, сиз...

– Мен да түшөм.

Чогуу түштүк, ээрчишип баратабыз.

– Бакыт, дагы сүйлөшпөйлүбү жаман көрбөсөң. Эжеңи көрдүм, эми кызы кайда? Балдарың жөнүндө дагы...

– Макул, эже, бирок башка убакта, башка жерден.

– Мейли.

Макулдашылган убакты-сааттын келишин чыдамсыздык менен күттүм. Убада боюнча жолугушуп, бак-шактуу саябандын түбүндөгү орундукта жанаша отуруп бирибиз сыр төгүп, бирибиз угуп атабыз.

...Сиз мага жолугуп, сүйлөшүп кеткенден кийин ушул эжеме кат жаздым. Көп өтпөй эжем свиданькага келди. Сизге сыр айтканымы, эми гезитке чыгарымы айтып сыймыктансам, аябай кейиди, «андайды айтпайт да, журналисттер араң эле турушат, кошуп-ташып, көркөмдөп жиберишет. Сырыбыз элге жайылат» деп. Мөлтүрөгөн көздөрүнөн тамган нур сулуу бетине спутниктин жолундай из салып аппак алкымын көздөй сыбызгыды. Нурга боелгон кирпиктери кейиштүү ачылып-жумулуп, айдын четки сызыгындай каштары ак куунун канатындай асманга жайылбай, тек гана бүркөлгөн күндөй болуп турду. Эжеми бекем кучактап, сизге айткандарыма өкүнүп, колтугумун астына кысып, сизден калкалап турдум. Жазбаса экен деп Кудайдан тиледим. Таң атканча кирпик какпай сүйүштүк. Балдар жөнүндө такыр унчукпайт. Мен болсо качан сөз баштап мени ур-жемеге алат деп чый-пыйым чыгат. Өзүм сурагандан корком, таң болсо эркке койбой атып баратат. Саналуу гана секунддар калды. «Убакыт бүттү, чык» деп дежурный каалганы даңкылдатып кетти. Чыкканга камынып каалганын түбүнө жеткенде «ме, балаңдын сүрөтүн калтырып кетейин, карап жүр»деди. «А кызымдын сүрөтүчү?» деп аз жерден сурап ийе жаздадым.

Эжем жөнөп кетти. Мен сүрөттү тигилип карап отурам. Мага окшош экен. Эмне үчүн кызымдын сүрөтүн калтырбады деп ойго батам. Өткөндө экөөнүн сүрөтүн чогуу салды эле, азыр калтырбай кеткенине таңым бар. Эжемин жазган катын окуп, баламын сүрөтүн карап жүрүп мөөнөтүм тез эле аяктап калды.

Түрмөдөн чыгар күнү бир сыйра кийим кылып алтын эжем келди. Автобуска отуруп шаарга келдик. Түз эле үйгө алып барбай бөлөк жол менен жаңы конушка келаттык.

– Түш, жеттик - деди.

– Каякка келдик?

– Үйгө.

– Кандайча?

– Берки үйдү сатып жиберип ушул үйдү алганбыз. Кошуна-колоңдон, эл-журттан оолак бололу дегем.

Үйдүн ичи ээн, эч ким жок. Эси-дартым эле балдарымда. Бала деген кандай болорун, кантип көрүшөрүбүздү, алардын ата дегенин элестете берчүмүн. Кызы да көрүнбөйт. Ал күйөөгө тийип кетсе керек. Үйдүн ичинен мага тааныш буюмдарды издейм. Ал буюмдар жансыз болгону менен биздин сүйүүгө күбө болуп мелтиреп үн чыгарбай карап турушчу. Сүрөттөр менен үнсүз тиктешем. Түш ооп баратат. «Кызың кана, балаң кана?» деп мелтиреген тунжуроону жара салып кыйкыргым келет. Сураганга батынбайм.

– Сен отуруп тур, мен бакчага барып келейин - деди эжем саат төрттөн өткөндө.

Мен үндөбөй кала бердим жалдырап. Ойго батып отуруп көзүм илинип кетиптир. Балдардын чурулдаганынан селт этип ойгонуп кеттим.

– Сен кимсиң? - дешти экөө тең жарыша.

Мен унчукпай карап калдым.

– Сен кимдин папасысың, айтпайсыңбы? - дешти кайрадан.

– Ал ата болот, учурашкыла жөн - деди апасы.

– Кимдин атасысың? - деди кыз.

– Качан кетесиң? - деди уул.

Мен баланы кучактап, өйдө көтөрүп өптүм. Мага окшош экен уулум.

– Мен кетпейм эми - деп боорума кыстым.

Булар менен чогуу жашап калганыма бир топ болду. Балам менин жанбиргем болуп калды. Тилинин таттуусун айтпаң. Кызды болсо эч кимге окшоштура албадым. Анын энеси күйөөсү менен чет жакта соода кылып жүрүшкөнүн уккам. Бир күнү эле алардан келатабыз деген кабар келди. Энеси жан алы калбай күтүп оокат ашын даярданып эле жатып калды. Менде жан жок. Кызынын мүнөзү копол, парасаты жок эле. Өкүрүп-бакырып чаң-тополоң салбас бекен деп чоочулап аттым.

«Коркco да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт» болуп алар да келип калышты. Алтын эжемин кубанычы койнун жарып, күлкүсү чыгып, буту-бутуна тийбей тамак жасап жүрөт. Мен баш ийкеп учурашканым эле болбосо, өзүмү коерго жер таппай кемегеге от жагып үңүлүп очокту тиктеп телмирип отурам.

Алтын эжеми атынан чакыра албай же сен деп айталбай аябай кыйналып жүргөм. Ошол очокко экөөлөп аш басып атканда, улам пиязды, сабизди, этти, күрүчтү, сүзгүчтү бер же алып кел дей берип сен деп алдым. Ал жаш күйөөм келди деп тааныштырып атса, мен аялымды «эже сиз» деп атсам такыр туура эмес болуп калмак. «Шылтоого шыноо» болуп кудай жалгап тамак жасашканымдын пайдасы тийип сизден сенге өтүп алдым.

Күйөө бала эмнегедир көзүмө жылуу учурай бергенинен каяктан көрдүм эле деп сурасам, мурунку жашаган үйдө коңшулаш болчу деп койду. Ал бала мени менен тең экен. Кызыктай болуп кетим. Мени менен тең балдар жыйырмага чыга элек кыздарга үйлөнүп атышса мен кырктагы аялды сүйүп калып, артынан ээрчип жүрөм. Сүйүүгө дабаа жок экен да. Көңүлүм бир кызык болуп иренжий түштүм. Азырынча жашап турсам, балким кийин жаш кызды сүйсөм кетип калам деп өзүмү сооротом. Анан жаш кызды кантип сүйгөнүмү, өпкөнүмү элестетип ойго чөгүп кетиптирмин.

– Апей отуң кана? - деген аялымдын үнүнөн селт этип кеттим. Ал мени ушунчалык болуп көрбөгөндөй көз менен карап туруптур, ичим элжиреп кетти. Ууруму карматып алгансып ыңгайсыз абалда калдым.

– Отуң өчүп калыптыр го? - деп жылмайганда колунан тартып эңкейтип бетинен өөп-өөп алдым. Ал менин «эч кандай кызга эч качан бербейм» деген белгим эле.

Булар беш күн түнөштү. Беш күн мага беш жылдай сезилди. Алар кеткенден кийин кичинекей кызымы бирөөгө эле окшото бердим. Уулуму катуу эркелетип, кызга көңүл деле болбойт элем. Бирок ушу сапар аябай тигилдим. Мага да, апасына, таенесине да окшобосо, анан кимге окшош? Кимдир-бирөөнүн элесин берет, бирок кимдин? Күлгөнү, сүйлөгөнү, кабагын бүркөгөнү, бардыгы бирөөгө окшош. Акыркы күндөрү жалаң ушул ой менен эле жашап калдым.

Кеч курун балдар бакчадан келгенде уулуму өпкүлөп эркелетип, муштašып ойноп атсак кызым да ойноймун деп асыла бергенинен, бар апаң менен ойно деп түртүп койсом, ыйлап калды.

– Ал эмнең? - деп аялым кызын баса калды.

– Мен акырын эле…

– Көптөн бери байкап жүрөм, кызымы экөөң бөлүп жүрөсүңөр. Папасы жакшы эле алып кетем десе мамасы албайм деп койбодубу, болбосо берип жиберет элем.

«Папасы» деген сөздү биринчи уктум. Кызым чын эле папасынын копиясы турбайбы.

– Кандайча? - деп жибердим дароо эле. Бул суроону эмне себеп менен бергеним да белгисиз эле.

– Папасынын тили кыска, кызымын кыз күнүндө боюна бүтүрүп салып, курсагы билингенде үйлөнбөдүбү? Ал чатагыбызды сен уга элексиң. Сурайбы десем ушул убакка чейин сурабайсың. Кызымын тоюн берип атканда менин да курсагым чендейип калган. Уятыман эле көчүп кеттим үйдөн. Кудай буйруп булардын соодасы да жакшы болуп, балдарды мен багып алып, анын үстүнө сен да келип калып абийирибиз жабылып калбадыбы?

Мен нес болдум да калдым. Демек кыз менден эмес экен да. Боюна болтуруп алып мени тузакка илейин десе болбой калган турбайбы? А мен келесоо аны ошондо кыз экен деп ойлободум беле? Эмнеге эле эжем мени күнөөлөп урушпайт десем иш башкача экен да? «Билбеген киши уу ичет» болуп жүрө бергенимди караң. Кызды бирөөгө эле окшотуп бушайман чеккенимчи. Папасынын өзү экен да, куюп каптагандай окшош. Мен кылмыштуу болуп жер карап үндөбөй жүрбөдүмбү. Кызы сырттан келгенде да качан чаң-тополоң баштайт деп менде жүрөк калбаган эле. Кызынын боюна башкадан бүткөнүн билсем, качып кетпейт элем, түрмөгө да түшпөйт элем. Караңчы, бир дабдырдын айынан менин жашоом бырчаланып кеткенин. Мен айлыма кетип калган күнү эмес, эртеси сураптыр кызы, мени кайда деп. Апасы кеткенимди айтса, качан келет деп сураптыр.

– Аманат кызым, келиши да аманат, мен да, менин курсагымдагы да аманат – дептир. Ошондон көп өтпөй кызы коңшу балага күйөөгө тийиптир.

Муну уккандан кийин кичине көңүлүм өчө түштү. Базардан соодам бүткөндөн кийин үйгө барбай көчөлөп да көрдүм. Кыз-

келиндерге бардым. Жашап да, жатып да көрдүм. Бирөө да «эжемдей» боло алган жок. Ар кайсы шылтоону айтып келип да, кетип да жүрдүм. Эжем мыйыгынан жылмайып туруп, жер карап калчу.

– Бакы, сүйлөшкөн кызың болобу, же жүргөн келиниң болобу, көчөлөбөй үйгө алып кел, киргизип алайын - дейт бир күнү төшөктө жатып.

«Өлбөгөн төрт шыйрагым» калды. Мен барып жүргөн кыз-келиндердин бирөө да ушул эжемдей болуп мага мээрим төгө алган жок. Мен аларды жалын чачып сүйө алган жокмун.

– Иттигими кечир, жаным - деп төшүнө жыгылдым. Эртеси эле базардан дагы бир места сатып алып, подреал товарга толтуруп коюп, аялымы жаныма апкелип алдым. Экөөбүз смендешип садикке барчубуз. Азыр балдар мектепке барып калышты. Чогуу бир класста окушат. Биз баргыча шоктук кылбай, үй жыйнап, эшик шыпырып, сабактарын даярдап коюшат.

Аялым менен сен-мен дешип урушпайбыз. Тынч, жакшы жашайбыз. Конокторго чогуу барабыз. Эч ким аялың сенден улуу го деп айтпайт. Кайра тескерисинче анын сулуулугуна суктанышып, акылына айраң калышат. Досторум да бизге суктанышат…

– Бакыт, мен бул окуяңдын аягы башкача бүтөт го деп ойлогон элем? - дедим бир саамдан кийин.

– Мен дагы эже, өзүм да башкача аяктайт деп күткөн элем.

– Демек сен бактылуу Бакытсың да?

– Рахмат эже.

Бакыттын окуясын уккандан кийин үч күн, үч күн өзүмө келалбай жүрдүм.

## КЕЛИН МЕНЕН КАЙНАГА

– Ыя жеңе, акем экөөнү киного алпарып келейин, - деди кайним бир күнү үйгө келип - жеңем төөнүн этин жесе керек, болбосо эмгиче тууйт эле? - деди акесине.

– Ой жок, анда 12 айда эле вууп салмак бул башканын этин жесе керек- дейт эрим.

Траур болуп, театрда журт башчылардын сүрөттөрү илинип турган. Күлгөнгө, каткырганга, кыйкырганга уруксат жок. Ыйлаганга гана уруксат болчу. "Октябрь" кинотеатрына кирсек, сүрөттөрдүн жанында стул турган экен, кайним отура калып: Аааууузуу биллаа… деп эле куранды кырааты менен созуп калды. Күлкүмүн келгенинен жарылып кете жаздадым. Ал кезде оруска эмес кыргызга куран окулчу эмес. Элдин баары карап калды. Кайним курандын калган эки сабын айтып туруп эки колун жайып, "Брежнев аксакал өлгөндө эле баарыңа чогуу куран окуп коёюн десем, жеңем болбой койбодубу, оомийин"- деп дуба кылды эле, тарсылдап күлүп жибердик. Администратор чуркап келгенде кайним житип кетти. Ушуну көргөндөр кино бүткүчө кыткылыктап күлүп отурушту.

– Эртең саат бирде биздикине келип, тамак ичип кеткиле- деди келин кинодон кийин.

– Келиниң чүчбараны укмуш бышырат жеңе, сөзсүз келгиле - деди кайним.

Баса күйөөм келини жөнүндө көп нерсени билчү. Кызганып, ичи тарып келинди коруп эле жүрчү. А жана кинотеатрдачы күйөөм оң колун менин ийниме коюп, сол колу менен келиндин колун ушалап, бутун сыйпалап массаж кылып өзүнүн эки бутунун ортосуна коё коюп, келин тарта коюп эле атышкан. Кайним болсо коңурук тартып аткан. Эртеси саат бирди араң чыдап күттү бечара күйөөм. Тызылдап жиберди жер тепкилеп, саат такыр 1 болбой калчудан бетер, а саат бары бир 1 болду.

Кайнимин үйүнө кирсек, үйүнүн ичи чачык: шырдак, паластын үстүндө жайнаган ысык чүчбара төгүлүп жатат. Келин ыйлап босогодо олтурат, кайним төрдө.

– Эмне? Урдубу тиги? – деп күйөөм жүткүнгөндө:

– Жок аке, чүчбара быштыбы деп эле жанымы койбой койду. Мага 45 даана сал дейт. Эй кудайды карап сүйлө десем, кудай көрүп туруппу, алып кел акемдер келгиче жарты тоюм болуп алайын деп шаштырганынан кухнядан кострюлду чыгарып келатып босогого жеткенде тепкичтен тайып жыгылып кострюлум, чүчбарам менен кошо тоголондум - деп ыйлап айтты келин.

– Эч жериң күйгөн жокпу? - деп күйөөм күйпөлөктөп жиберди.

– Жок, бирок башка эт жок, анан качан жасап бүтөм, баары төгүлдү.

– Эч нерсе эмес, келгиле чогулта коёлу, ысык сууга бир сыйра чайкап жиберип жей беребиз - деп күйөөм келин экөө жөрмөлөп чогултуп киришти да, кухняга кетишти.

– Бир нерсени байкадыңызбы, жеңе- дедиле кайним, мен:

– Ой жок, жок эч нерсени байкабайм, ичим ооруп атат, - деп ийипмин шашма жаным. “Эринди тый” деп айтат деп коркуп кеттим да.

– Жаман чоочудуңуз го! Кудайдын бар экенин эле айтайын дегем –-дейт. “Оо-х” - дедим ичимен…

Анекдот айтып баштады. Ал оозун ачканда эле боорум эзилип жыгылчумун. Оюнан токуп эле айта берчү. Өңү да бир укмуш эле. Маймылдан бир аз эле бери болчу. Тигил экоо киргенде дагы анекдотун токтоткон жок.

– Васяны айтып берейинби ака? Вася Светаны алып алат. Света төрөгөндө эле күйөөлөрү мүрт кетчү экен. 5 күйөөсү өлүптүр. 5 бала бар, эми төрөбөйт деп сактанып жүрөт, алиги перчаткаңар болот экен го доктурларда. Светанын баары бир боюна бүтүп калат. Васяда болсо жан жок эми өлүп калам го деп. Света толготуп калды дейт. Вася өзүн коёрго жер таппайт. Атасын чыкырып коштошот, керезин айтып. Атасы кейип папирос тартып сыртта басып, баласынын өлүмүнө кейип жүрөт. Аңгыча Света чыңырып кыйкырганда ыңа-а деп бала жарыкка чыгат. Вася керебетке сулк кулап, ажалды күтүп, өң алеттен жок, көзү чакчайып сулап жатат. Аңгыча Васянын атасы чуркап келип, Васяны жулкулап:

– Вася, а Вась, Васька, кошуна мүрт кетти - дейт.

– Эмне? – өлүмдү күтүп жаткан Вася тирилип тура калат.

– Кошунаң Иван жан таслим болду дептир атасы - дегенде күйөөм менен келин мостоюп калышты. Эч нерсе менен ишим жок мен каткырып күлө бердим. Көрсө кайнимден бала бүтпөйт экен, экөө жети жыл жашагандан кийин быйыл, ушу чүчбара жеген моментте келиндин үч айлык күмөнү бар турбайбы…

Келин күйөөмө окшош уул тууп алып, кайним менен ажырашып кетти. Мен да күйөөмө окшош кыз тууп алып, ажырашып кеттим.

## ЖИГИТ, ГҮЛ, АЛТЫН ШАКЕК, ЖАНА БЕРКИ БУРУЛ

Иштен чыгып кетип бараткам. Колумда «Ордо» гезити. ЦУМга жетейин деп калсам, колуна гүл кармаган бир жигит:

– Бурул кандайсың? - деди.

– Жакшы - дедим, бирок тааныган жокмун.

– Сулуу болуп кеткен турбайсыңбы - деди. Мындай комплементти бүгүн кечке уккам. Себеби, чачымды кыскартып, боетуп алгам.

– Колуңдагы гезит болбосо, таанытбайт элем – деп колуман гезитти алып, гүлүн карматты.

– Ой «Ордону» алып алдыңбы? Мага «Периште» болот дебедиң беле телефондон.

– Демек, мен башка Бурулмун, - дедим. Ал мени башкага алмаштырып алганын билдим, бирок атыбыз окшош окшойт.

– Койчу эми, кечирип койчу, анда түн эмес беле?

– Качан?

– Былтыры экөөбүз жолуккандачы?

– Бирок соо белең?

– Кайдан, экөөбүз тең мас эмес белек?

– Сен мас болсоң болгондурсуң, бирок мен ичкилик ичпейм.

– Койчу эми кечирип койчу, итчилик менден кетти – деп, мага гүл берген жигит эми мени коё бергиси келбей, «Алтын» дүкөнүнө жетелей баштады – Жүр, шакек танда.

Мен таң калдым. Бул жигит мени алмаштырып алганы аз келгенсип, эми алтын алып берем деп атат.

– Жок, жөн эле гой, мен бөлөк Бурулмун.

– Кантип? фамилияң Карагуловабы?

– Ооба.

– Ыр жазасың да?

– Ооба.

– Ырыңды окуп берейинби?

– Ооба.

Ал менин ырымды окуп берди. Мен аны такыр тааный албай атам.

– Ой, азыр эле телефондон сүйлөшкөндө тааныйм дебедиң беле?

– Телефон менен сүйлөшкөнүм эсимде жок.

– Склероз болуп калгансың го?

– Ооба склерозмун, бирок... дегенимче ал сатуучуга кайрылды:

– Эң жакшысынан бериңиз.

Сатуучу шакекти колума улам бирин кийгизип көрүп:

– Ушул чак экен, кооз, жарашыктуу экен - деди.

– Канча сом?

– Жети миң беш жүз элүү сом.

– Колуңан чыгарбай эле кой, тагына бер. Менден эстелик, мына пулуңуз – деп, дүкөнчүгө акча сунду.

Менин оозум ачылган бойдон катып калдым. Сатуучуга рахмат айтып, мени сыртка жетеледи. Кымбат шакек кийип көрбөгөн колум жаркылдап эле болбой калды. Бирок бул бала ким, эмне үчүн мага шакек берип атат деп ойлонуп чыгып баратам. Бир колумда гүл, «Ордо», ийнимде сумкам, оң колумду көтөрүп алгам, шакекти карап баратам.

Тиги чыгып эле такси токтотуп:

– Түш - деп эшигин ачты.

– Кайда?

Биз ошентип акыйнек айтышып турсак, арыдан «Периште» гезитин кармаган келин чуркап келди:

– Ой Мурат, мен сени келбей калган го деп, эми кеткени атпадым беле?

Биз экөөбүз тең ал келинди карап бери бурулдук. Мага шакек алып берген бала аны бир карап, мени бир карап, колумдагы шакекти бир карап, ортодо дендароо болуп туруп калды. Тиги келин эмне себептен кечигип калганын жебирей берди. Мен өзүмү аябай ыңгайсыз сезип кетип, жанагы токтоп турган таксиге отуруп алдым. Жигит эшикти тарс жапты.

– Куда едем? - деди таксичи.

– К мужу - дедим. Такси жүрүп кетти. Колумда «Ордо», гүл, кымбат шакек. Цумдан өтүп баратып терезеден карасам, тиги жигит менен берки Бурул бири-бирин тиктешип, акыйнек айтышып дагы деле турушат.

Менин турмушумдагы мындай окуя биринчи жолу болуп аткан жок. Мурда да бир кечеге барып калсам, менин ырларымы окушуп, ушул ырлардын автору Бурул эжени чакырабыз деп менден жашыраак бир келинди эл алдына чыгарган. Мени менен кошо келген коллегам «Э, кандайча, автор бул жакта отурбайбы» деп мени көрсөткөндө тиги келин качып кеткен. Бир абысынымдын атыбыз, фамилиябыз окшош класссташы ырларым чыккан сайын менин ырым деп көрсөтчү экен. Абысыным көпкө чейин мага ишенбей жүрдү.

## КОСТОРКА ЖЕЙМ ДЕП...

Үйдүн алдында өскөн касторка деген өсүмдүк бар. Дардайып чоң даракка окшоп кетет. Бизде мындай өсүмдүк өсчү эмес мурда. Сырттан алынып келсе керек, иши кылса мен башта көргөн эмесмин. Уругун алпарып, эгип койсом эле өсүп чыкты. Мындан касторка майы чыгат экен. Тикенектерин ачсам, уруктары жүрөт. Терип алып ишке ала келсем, Жуке «берчи» деп калды. Ага берип коюп эле, иш менен чыгып кетип калдым. Кечинде коллектив менен конокко бармакпыз. Саат үчтө баарыбыз чогулуп жөнөдүк. Кетип баратсак эле Жуке айтат:

– Жанагы урукту куурубай койсоң керек? - деп.

– Аны куурубай эгет да, куурусаң чыкпай калбайбы?

– Мен жеп салбадымбы?

– Жебейт аны - дедим да, каткырып күлүп калдым.

– Сен кара жерге кир, жебейт дебейт белең, түштөн кийин айтпай - деди мостоюп.

– Ичиң өтүп атабы?

– Кана өтсө, тиягым тырсыйып ит болуп атам, кыздардан уялганыман жип менен байлап салдым.

Мен күлүп, боорум эзилип калды. Жолдун чок ортосуна жеткенде ичими кармап, отуруп калдым. Ал билмексен болуп басып кетти. Мен күлүп бүткүчө машиналар тизилип токтоп турду. "Бурул эжеге эмне болду?"- деп Гуля көрө калып чуркап келди да, мени тургузуп алып келди.

– Эмне болду? – дешти баары бир оздон. Жукени көрсөтөйүн десем, бир топ узап кетиптир, ага сөөмөйүмү сайып:

– Тиги, шүмшүк... - дедим да ыкшый бердим.

– Эже айтыңызчы, биз да күлөлү.

Эптеп атып айтып бердим.

Кыздар да күлүп калышты. Бирок, мен күлгөндөй күлүшкөн жок. Эстеген сайын эле күлө бердим . Конокто отуруп да күлдүм. Үйгө жеткенде да күлдүм.

– Эмне эле күлкүң чыгып калган. Сеп этип койдуң беле? - деди күйөөм.

– Жок, сеп эткеними көрдүң беле? Муногу уруктучу ээ? - деп печканын үстүндө жаткан касторканын уругун көрсөтүп ыкшып күлүп атып, Жукенин айтканын айтып бердим. Ал күлгөн да жок. Болгону:

– Ошо чын бекен? - деди.

– Чын болгон үчүн айтса керек да.

– Анда апкелчи, мен да жейин - деп 5-6 урукту жеп алды.

Түн бир оокум болуп калганда эрим ойготуп, мени сыйпалады.

– Эмне жип алып берейинби? - дедим уйку-соонун арасында.

– Жибиң менен да, Жукең менен да жогол. Ке мени тургуз, өлгөнү атам - деди.

– Бир жериң ооруп атабы?

– Атаңын башы, алты жерим ооруп атат, тазикти алып кел.

– Ичиң өтүп атабы?

– Оңолоюнчу, сага ич өткөндү көрсөтөм.

– Деги эмне болуп атасың? - деп ыргып туруп, жарыкты жактым.

– Кусам - деди бакырып. Эримди эптеп тургузуп, эшикке алып чыктым. Шарылдатып кусту.

– Отравление болдуңбу?

– Ооба, Жуке экөөңүн даарыңа.

– Койчу!?

Ал таң аткыча кусту. Эртең менен тура албай койду. Кечке чейин үйдө жатты, улам чуркап чыгып кусту. Эртеси ишке кетти. Кабар алайынчы деп барсам, дагы кусуп атыптыр.

– Дагы эле кусуп атасыңбы? - дедим кылмыштуу болуп.

– Мүйүз сурайм деп, кулагыман ажырап кала жаздапмын.

– Эми унутуп кой да.

– Кантип? Үйгө кирип баратканда жанагы дарагыңы көрүп бир куссам, сыртка чыгып баратып эки кусам. Жанагы "шүмшүгүң" канчаны жептир?

– Жукеби? Бардыгын жептир.

– Тирүү бекен?

– Апей кокуй, билбейм.

Дүйшөмбү күнү Жуке ишке чыккан жок. Өткөн жумада аялы телефон чалып издеген эле. Бейшемби күнү да иште отурам. Жүрөгүм дүк-дүк. Жукеден дагы деле дайын жок… Кайдан жүрүп касторканы бере койдум эле…

## КАЙНАТАМ ЭКӨӨБҮЗ ЖАШАЧУБУЗ

– Мен деле силерге окшоп жаш болгом. Чүйгүндүү Чүйдүн чырайлуу кызы болгонум менен түштүккө турмушка чыккам. Мугалим агайды жакшы көрүп калып, «ала качып кетейин» десе эле макул болуп качып кеткем. Каякка ала качарын сурап албаптырмын. Жердин чегин Кара-Балтадан, бир жагын Кеминден бүтөт экен деп жүрүптүрмүн.

Мен баргандан бир айдан кийин кайын энем капыстан катуу ооруп, каза болуп калды. Күйөөм, кайын атам үчөөбүз жашап калдык. Кайын энемдин кырк ашын бергендин эртеси жанагы алаамат башталды. Күйөм мугалим болгондуктан согушка биринчи чакырыкта эле кетти. Ыйлап-ыйлап атып узаттым майданга. Ал болсо түндө эле ыйлап алган. Эки сөзүнүн бири эле «эми сен кантесиң» болду. «Жылуу жайыңдан бекер козгопмун, эми мынча болду, чыда жаным, күт мени, мен сөзсүз аман-эсен келем» - деди. Анткен сайын сай сөөгүм сыздайт. Акыл-насаатын айтты, атама жакшы кара деди. Ошондо кайнатам элүүдө болчу. Азыр ойлосом жаш эле экен. Мага аябай эле картаң көрүнчү.

Ошентип бир үйдө төрт дубалды кучактап кайын атам экөөбүз жашап калдык. Эки көзүм төрт болуп почточунун жолун аңдыйм. Үшкүрүнөм, ыйлайм. Оозума салган ырыскыны жулдуруп алгандай болуп жашап жүрдүм. Адам болгондон кийин баарына көнөт экенсиң. Күйөөмөн адегенде тез-тез кат келип атты. Учеба дегенде машыгып, согушка даярданып атабыз деп жазчу. Акыркы каты согушка аттандык деп келди. Күз келди, кыш келди, бирок күйөөмөн кат келбеди.

Кайнатам көп ойлончу болду. Кара сакалын сылап, жерди карап көпкө чейин тунжурап отурчу. Менин «ата ичиңиз, жеңиз, кириңиз, жатыңыз» деген сөздөрүм да азайды.

Күйөөмөн тез-тез кат келип атканда атама баласынын катын мен окуп берип. ал баласы жөнүндө бежиреп айтып берип сүйлөшүп дегендей, ортодо тунжуроо жок эле. Такыр эле сөз түгөнүп калган күнү мурунку каттарын кайра окутчу. Ортодо тынчтык катуу өкүм сүргөндөн кийин бири-бирибизди ыңгайсыз сезе баштадык. Мурда ким биринчи жатса ошонубуз уктап кетип, кийинкибиз беймарал кирип жата берет элек. Үйүбүз бир эле бөлмө болчу. Жаткандан кийин көпкө түйшөлүп, уктай албай үшкүрүк көбөйдү. Анан ары карап, бери карап оодарылмай. Үшүп кетип жамынганыбызды, ысып кетип ачынганыбызды сезишип жата беребиз. Мен дымымы чыгарбай ыйлап алам.

Күндө эле ушул көрүнүш кайталанат. Мен күйөөмү сагынсам, атам баласын сагынат. Бир күнү атам сакалын кыскартып алыптыр. Күндүз элес алган деле эмесмин. Түндө жатканда эле бир арам ой мээме кылт этип түшүп кетти. «Атам менин койнума киргени жатабы» деп чоочуп алдым. Кирмек түгүл оодарылбай уктады ал түнү. Эртеси түнү «атам эгер менин койнума кирсе эмне болот болду экен» деп ойлодум.

Күндүз кара жанды карч уруп иштеп, жумуш менен алекпиз. Түн киргенде эле балээ болду. Сезим деген жаман нерсе экен да. Атам жатканын унутуп коюп денеми колдорум менен сыйпалайм. Эгер атам «кел, келиним, кыйналып кеттиң күйөөң жок, буттарыңы укалап, киндигиңи сыйпалап берейин» деп жаныма жатып алса эмне дейин, макул боло берсемби деп да ойлочу болдум. Күйөөмүн өлүү, тирүүсүнөн дайын жок. Анын өңүн да унутуп баратам. Көкүрөктөн, сандан кармап тийишкен эркектер да калбай калды айылда.

Кээде таң атканча уктабай чыгам. Кайнатам түндө дамбалчан, кийимчен жатчу эле, эми майкачан жатчу болуп калды. Аны көрүп, анан күздө жайлоодон келаткандагы бир окуяны эстеп алып кызык болуп кеттим. Жайлоодон атам кара качыр, мен боз эшек минип түштүк. Айдаганыбыз мал. Бир маалда качыр кирген бурадай эле айкырып келип мен минип келаткан эшекке тап берип калбадыбы. Качан кайнатам учуп түшөт же качыр мени качан ыргыта тебет экен деп менде жан жок. Кайнатам уялып, «тек, жөн, ыя өлөт алгырдын малы» деп алынын жетишинче тизгинин тарта берип колу карышып калганда, ат минип келаткан малчылар качырды камчы менен башка-көзгө чапкылап токтотушкан. Ошону эстеп уктай албай койгонуман, туруп барып сыртка чыгып, аябай ыйлагам. Көрсө жаш экем да.

Чүйүмө кетип калайын десем унаа жок, заман оор эле. Согуш болгондон бери туугандарым менен кабарлашпай калгам. Бул жерге байланып калганга балалуу болуп калсам жакшы болбойт беле. Күттүргөн жаз да келди, элди ээрчип жайлоого чыктык. Эмне кылаарымы билбейм. Же атам дүңкүйүп унчукпайт. Эгер унчугуп «ыраазымын, өз жериңе кет

бер» десе кантип кетем. Же мен кеткенден кийин күйөөм келип калсачы деп ойлой берип шилидей арыктап бүттүм. «Өлдү» же «тирүү» деп алакандай эле кагаз келсе биздин турмуш баягы нугуна түшөт эле. Антпесе атам менен бир үйдө жатыш ыңгайсыз боло түштү.

Ошентип укташа албай жүргөн күндөрдүн бир күнүндө күйөөм келди аскерден. Бир буту жарадар болуп догдурда жатыптыр. Согуштун кайнаган жерине кирип кетип катты аз жазыптыр, анысы да бизге жетпептир. Көкүрөгү толо орден, медалдарды тагынып аскер кийимин кийинип машина менен келип үйдүн түбүнө түшсө, кайсы орус деп карап калыпбыз. Кайнатам кыйкырып жиберип, кулунум деп барып баса калды. Эл заматта толуп калды.

Мен уялып качып жүрбөйүмбү, ууруму карматкансып. Кошуналар «апей ботом, эри келсе качканы эмнеси, бас учураш» деп сүйрөп келишти. Мен колуму сунсам, ал кучактап, өөп, ыйлап жиберди.

Бул айылда ага чейин согуштан тирүү, минтип шагыратып орден тагынып келгендер болгон эмес. Ошол атаңар тигине, эшегин откоруп жүрбөйбү? Бутунун бир аз сылтыганы эле болбосо дагы деле күүлүү...

Ушул чоң апанын тарсылдап каткырып атып, күлүп айтып берген окуясы эч жадыман кетпей койду. Сексенге чыкса да серпилип койбой, чөбөрөсүнө жууркан каптап отурат. Биртке эле жөтөлүп калганы болбосо ден соолугу кудайга шүгүр, тың.

## МЕНИ БАГЫП АЛДЫҢЫЗ БЕЛЕ, АПА?

Мен апамы жанымдай көрөм. Ал мени кандай жакшы көрөрүн айтып, сөз менен жеткире албайм. Бири-бирибизсиз тура албайбыз. Мен апама да, атама да окшобойм. Алакандарына салып чоңойтушуп, мектепти бүтүртүп, désинституткa тапшыртышты. Ушул окууга кайдан окуп калдым экен каргаша болуп. Башка эле окууга окусам жабылуу аяк жабылуу бойдон калмак.

...Үчүнчү курска келгенде балдар үйүнө практикага бардык. Балдар үйүнө киргенде эле кызык болуп кеттим. Кире

бериштеги тепкич, коридор, илинген сүрөттөр, кичикий стул-столдор, кийим чечкен кичине шкаф, ал тургай гүлдөр да көзүмө жылуу учурап жатты. Ал күнү анча деле таңазар алган эмесмин. Эртеси келгенде да өзүмдү бир башкача сезе бердим. Бала кезимден баштап бүгүнкү күнгө чейин түшүмө ушул көрүнүш, ушул үй кире берчү. Кечинде келгенде ушул түпөйүл окуяны апама айтып берсем апам «селт» этип чоочуп, өңү бузулуп кетти. «Экинчи балдар үйүнө барба» деди. Апамдын анткени мага табышмак болуп калды. Мен балдар үйүнө барганымы токтоткон жокмун, тескерисинче тез-тез барчу болдум. Ал жер менин жанымдай сезиле берди.

Бир жолу эч ким жоктон пайдаланып, 17 жыл мурунку катталган балдардын тизмесин архивден ачып, мен төрөлгөн жылдагы Назира деген кызды таптым. Аны асырап алып кетишкендиги жазылып турат жана кайсы делодо тиркелгендиги көрсөтүлүптүр. Ошол номерди көчүрүп жазып алып сейфти ачып керектүү делону таптым. Назира аттуу кызды асырап алуу жөнүндөгү арызды менин ата-энем өз колдору менен жазыптыр. Алардын арызын окуурум менен көзүм чыбырчыктап, башым айланып кетти. Көзүм тунарып тамгалар көрүнбөй калды. Көзүм караңгылагангабы, айтор дүйнө алай-дүлөй болуп, сыртта чагылган чартылдап, бороон-чапкын уулуп-уңшуп аткандай туюлду. Назиранын, жок, менин дейинчи, документтерим тиркелген делону өз ордуна койдумбу койбодумбу билбейм, эсиме келсем соолуктап ыйлап кең көчөдө кетип баратыптырмын. Буга чейин мынча стресс менде эч качан болгон эмес…

Демек, ата-энем мени балдар үйүнөн багып алышкан экен. Мени менен тең балдар-кыздардын бардыгынын төрөлгөн кезинен берки сүрөттөрү бар. Менин болсо төрт жаштан берки сүрөттөрүм гана сакталган. Апаман «эмне үчүн кичинемдеги сүрөтүм жок» деп сураганымда «шаарда квартиралап көчүп жүрүп, бир альбом бүт сүрөтү менен жоголгон» деген эле. Андан кийин сураганымда да ошол эле жоопту алгам…

Редакцияга мени издеп келген кыз ботодой боздоп ыйлап атты.

– А балким мунун баары жаңылыштык болуп жүрбөсүн? - дедим, эмне деп соороторумду билбей.

– Кантип? Менин ата-энемдин аты-жөнү, өмүр баяны, дареги, үй мүлкү, паспортторунун көчүрмөсү бүт катталып турбайбы?

– Ал эми сени ким төрөдү деп ойлойсуң?

– Ал аялдын да аты-жөнү, өз колу менен жазган отказы да тиркелиптир.

– Ошо кыянатка барган ким экен?

– (Аты-жөнүн айтты). 18 жашта экен. Төрөт үйүнө эле калтырыптыр, отказ жазып.

– Ал издеп келип калса эмне кыласың?

– Кайсы бети менен келет? Бир чети таштап кеткени да жакшы болуптур. Ал таштап кетпесе апам менен атамы көрбөй, билбей өтүп кетмекмин. Бала таштаган айбан мени эл катарында багып чоңойто алмак беле?

– Анда эмнеге мынча өксүп ыйлайсың? Апаң, атаңды аябай жакшы көрөт экенсиң, алар сеники, эч ким талашпайт. Тынч бакубат жашай бергиле да?

– Менин арманым эле мени багып алышканында. Эмне үчүн апам өзү төрөгөн эмес? Апам мени төрөбөй багып алганын эстеген сайын кандайдыр бир оорум козголуп, ичимен сары зил өтүп кетет. Апа, мени багып алдыңыз беле? – деп бакырып-өкүрүп, көкүрөгүмдү муштап ыйлагым келет.

– Сен ушинтип атасың, апаң сенин билип алганыңы укса, ал сенден да жаман болуп ооруйт да. Ошон үчүн өзүң айтмакчы «жабылуу аяк жабылуу боюнча» кала берсин. Эч кимге эч нерсе айтпай эле кой, ичиңде калсын.

– Айтпай калайын. Бирок эже, өз денесинин ичинде, өз канынан жаралып, жан жерин жети, омурткасын он, табарсыгын тогуз тээп жарып чыккан ымыркай наристесин дити чыдап ай-талаага таштай салып терс бурулуп басып кете берген айбандарга сабак болсун үчүн жарыялап коюңузчу. «Жетим жүрүп жетилет», «Чырпык өсүп чынар болот», «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет». Бирок ошол айбандарды биздин убалдарыбыз уктатар бекен?

Эмне дейм? Атын айтпай келип, айтпай кеткен кыз мен жыйынтык чыгаргыча өзү эле айтып кетпедиби. Аны төрөгөн аял азыр очор-бачар, телегейи тегиз болсо да солкулдаган жаш кыздарды көрсө көзү тешилип тиктеп, окшоштук издеп, үмүттүү карап, качанкы бир кетирген айбанчылыгына өкүнүп, жүрөгү ооруп, наристенин убалынан коркуп, илең-салаң жашап жүргөн чыгар…, ким билет…

## ТУРМУШ – ТЕАТР

– Мен үйлөнөм дегенде апам аябай сүйүнгөн. Катуу сүйүнүп койгонбу же кудайдын буйругубу айтор мен үйлөнгөндөн кийин аялым апама такыр жакпай койду. Кордоду, урушту, какшыктады. Аялым баарына чыдады. Кээде жумуштан келсем ыйлап аткан болот. «Эмне болду?» десем «жөн эле» деп күлүп коёт. Ошентип тогуз ай, тогуз күн дегенде аялым кыз төрөдү. Төрөт үйүнөн келээри менен апам чыр чыгарды. «Боюнда келген турбайбы мунуң. Жогот кокуй, мындай касамды! Сенин башыңды айлантып тийген турбайбы» деп мага да кыйкырды. Келинчегим бечара төрөп келгенден бери эс албайт. Белине жука жоолук байлап алып, иш кылганы иш кылган. «Катуу басса таскак, акырын басса аксак» атка конду. Кичине эле ооз ачып сүйлөп же күлүп койсо балээге калат. Ушуну аяп жумуштан эрте келем. Тиричиликке кол кабыш кылып, кичине эле жардам берип койсом анда өлдүм. «Сен катынсааксың, катынсырап жумуштан эрте келесиң. Түндө койнуңда жатканың аздык кылып жатабы? Жардам бербей эле кой, кыйын болуп, деп кулак мээни жеп салчу болду.

Мен жокто «сен боозуп келгенсиң. Кыз биздики эмес. Кызыңды алгын да жолуңа түш! Баламa он сегизге толо элек кыз алып берем» деп сыртка чыгарып коюптур. Келсем кемегенин башында ыйлап отуруптур. Угуп алып аябай кейидим. Апам менен уруша турган болуп колунан жетелеп «жүрү үйгө» десем «урушпай эле кой, турмушта мындай боло берет. Дагы бир бала төрөгүчө коё туралы» деп аялым

мойнуман кучактап өөп койду. Ушундай жароокер, акылдуу аялым апама гана жакпай койду. Кызым талпынып чоңойгон сайын өзүмө окшошуп баратты. Апама көрсөтпөй баса калып жыттайм Мага окшоштугун байкаган апам эми «боозуп келгенсиң» дегенин айтпай калды. Кайсы бир күнү жумуштан кармалып, кеч келсем аялым ыйлап жатыптыр. Эмне болгонун дароо түшүндүм. Кызымын тили чыгып чулдурап сүйлөп калган. «Апа мамань уйду» деди жанына келип өпсөм. Аялымы кучактап, «олдо, кургурум ай! Сага убал болду го, эми кантсем» деп өпкүлөсөм, эркээркеп ыйлап жиберди. Аябай боорум ачып, өзүм да кошо ыйладым.

Апам келинчегимин курсагы кичине домпойгонун байкап калып, «сен дагы боозуп калгандан соосуңбу,ыя? Эрсиреп араң турган неме окшойсуң? Келген эле күнү боюңа бүтүрсөң. Эми кызың бирге чыкпай жатып кайра дагы боозусаң бизди кууратасың го, шерменде» дептир. Өмүрү жооп кайтарбаган келинчегим «койгулачы, апа» деп ийиптир. «Эмне? Ыя де? Сага тил бүтүп калдыбы ыя? Тил бүткөн андай болбойт, мындай болот» деп токмоктоп салыптыр.

Биз түнү менен сырдашып, эмне кылышты пландаштырып чыктык. Таң атпай туруп досумдун үйүнө барып, болгонун болгондой айттым. Мындан ары эмне кылыш керектиги жөнүндөгү планымды айтсам, досум каткырып күлүп кубаттады. Экөөбүз машина алып үйгө келдик. Кийим-кечелерин таңып даярданып отурган келинчегими төркүнүнө жеткирем деп машинага салып алып, досумдун үйүнө алып келдик. Ал түнү мен да түнөп калдым. Эртеси ишемби болчу. Жекшемби күнү да түнөп, биринчи күнү жумуштан кийин үйүмө келсем, апам «ии, кайын-журтуң тай союп коноктоп аттыбы?» - деп какшыктады.

– Жок, ошол эле күнү келгем. Жолдон соттун кызына жолугуп калдым. Мурда сүйлөшүп жүрчүбүз. Үйүнө алпарып ата-энеси менен тааныштырды. Алар аябай коноктошту. Такыр кетирбей коюшту. Мен үйлөнгөнүмү жашырып койдум - дедим. Апамын көзү алайып калды.

– Койчу, чынбы? Соттун кызы болсо алам дебейсиңби анан - деди энтигип.

– Алам дедим.

– Анда алып кел, тиги келесооң келип калбайбы?.

– Жок, ал келбес болуп кетти.

– Туура кылдың, мелтирейт эле мелтирейт. Сүйлөп атсаң да жооп бербейт. Андай тултуктун кереги жок. Бирок небереми сагынаар бекем. Соттун кызы кандай неме, ошону айтчы? - деди.

– Оо, ал мындай жоош эмес, шустрый.

– Ошонусу жакшы, эртең эле алып кел.

Биз базар күнү уйду сатып, дүйшөмбү күнү үйлөнмөк болдум. Уйду апам айткан суммага досум экөөбүз барып сатып келмек болдук. Уйду жетелеп барып сатпай эле досумун кайнагасынын үйүнө байлап койдук. Ал малына кошуп бага бермей болду.

Дүйшөмбү күнү макулдашылган боюнча досумдун балдызын ала качып келдик. Апамдар боорсогун, момпосуйларын «жаңы келиндин» үстүнө чачып жадырап, жайнап тосуп алышты.

– Ой, прекратите, что это такое? –деп «жаңы келин» чачыладан башын калкалады.

– Бизде ушундай айланайын! Кыргыздын салты болот чачыла деген, -деп апам бөжүрөйт «соттун кызына».

– Жок, жок! Мага «кыргыз салт» не нужен, мен орусча тием. Комсомольский свадьба жасайбыз.

– Ооба, айланайын, комсомолуңду өткөрөм. Ага чейин жоолук салайын. Жүгүнүп кой, алдыңа кетейин, кел бетиңи тос.

– Мен жоолук салынбай эле отурам мамаша. Не переживайте! Биз досторубуз менен бийлейбиз. Музыку! - деп «келин» тайрандап кошо келген күйөөсүн сүйрөп бийлеп жиберди. Апам чыгып кеткенде досум балдызына:

– Сен оюнду бузба да. Өзүңүн күйөөң азыр аяшың болот. Турдубек күйөөң экенин эсиңден чыгарбагын деп эскертип атты балдызы Гүлсина:

– Бул байкенин атын унутуп калыптырмын, -дегенде баарыбыз кыраан-каткырык салдык. Бут баары план боюнча келатты.

Түн бир оокумда салтанат аяктап, конокторду узатып атканда Гүлсина:

– Мамаша, мен күйөөмү биздин үйгө алып кеттим. Комсомольский свадьбага чейин биздин үйдө жашайбыз! Чау! - деп машинага отурса апам чуркап барып:

– Кагылайын, кой антпе! Андай салтта болгон эмес. Келин деген биринчи түндү күйөөсүнүн үйүндө түнөш керек, -деп күйпөлөктөп калды.

– Салтты урганым жок, мамаша!

– Кой антпе, андай бейадеп болбо?!

– Сиз мага нотация окубай эле коюңуз. Менин айтканым закон. Эгер көнбөсөңүз папама чалып, милиция чакыртып сизди каматтырам, поняла? - деп эки бөйрөгүн таянып туруп калса апамын сөзү оозунан түшүп:

– Чын эле... ооба, туура айтасың. Мейли эми, -деп кала берди.

Биз узап баратып аябай күлдүк. Кайра эртеси досумун үйүнөн чогулуп, ошол эле машина менен үйгө келдик.

– Во-от мамаша, билип кой. Папамдар суббота күнү ресторандан той өткөргүлө деди. Ошол жерден папамдардын алдына түшөсүңөр. Азыр тойдун акчасын бериңиз-деп «жаңы келин» апамы дикилдетти. Шашып кеткен апам:

– Акча Турдубекте, -деп ийди.

– Кана? – деди мени карап. Мен:

– Машинада, -дедим.

Кеттик анда, биз кечинде келебиз мамаша, үйдү жыйнап, тамак жасап коюңуз, - деп «жаңы келин» мени колтуктап сыртка чыкты. Апама аябай боорум ооруп кетти. Мага бир нерсе айтайын деп умтулуп барып, айталбай байкуш болуп туруп калды. Ал уйдун акчасын сурайын деген.

Ошо менен эртеси кечинде келдик шарактап. Апам мени кантип бөлүп алып сүйлөшөөрүн билбей кыйналды. «Жаңы келиндин» көзүнчө айткандан коркту.

Акыры «Турдубек, бери келчи. Сени сыртта бирөөлөр чакырып жатат го?» деп мени чакырып чыкты. Ишенип мен да атып чыгыпмын. «Кана?» десем, «бери жүр» деп сарайга киргизди.

– Ой, мунуң бир болбогон неме го кокуй. Жогот тезирээк. Үйлөнбөй атып эле мойнуңа минип алыптыр. Кийин кантет? -деди апам үнүн акырын чыгарып.

– Айтпадым беле «шустрый» деп. Беркини жоош деп жактырбасаңыз, деги кандайы жагат сизге? -деп кейимиш болуп койдум.

– Токтот баарын, азыр токтот! Кирип аялым, балдарым келип калды де…

– Келбесе делеби?

– Келет. Бүгүн түндөп барып өзүм алып келем. Астына түшөм, кечирим сурайм. Эми келинимди төбөмө көтөрүп, айтканы менен болом.

– Уйдун акчасын да алып алган да…

– Мейли берип сал…

– Атасына айтып камап салсачы мени?

– Оозуңу шамал учурсун! Койду да сатып акчасын берем. Иши кылса жогот. Көзүмө көрсөтпө, мындай бейбакты.

– Койду сатсаңыз келиниңиздин алдына кантип түшөсүз. Мен атасына «кызыңы талак кылдым» деп салгам да.

– Козуну, эчкини улагы менен берем. Карыздайм. Бутуна жыгылып ыйлайм. Босогосуна жатып алам дегиче «жаңы келиндин» мени издеп кыйкырганы угулуп калды.

– Бар жөнө, азыр кетир! Мунуңу желкемин чуңкуру көрсүн. Өзүмүн келиним эле жакшы. Келиндин баскан изинен айланып кетсин соттун кызы. Жөнө, жөнө, -деп апам мени түртүп чыгарды.

Үйгө кирип кыскача айтканга үлгүрдүм да мындан аркысын пландаштырып ийдик. Каалганы жаап көпкө чейин үнүбүздү чыгарбай отура бердик. Тынчы кеткен апам баш багып карап коюп кайра чыгып баратканда «жаңы келин»:

– Эй жезкемпир кайнене, иди сюда. Толикти эмне деп

бузгансың, ыя, аялым келип калды деп атат го? - деп жулкунуп ордунан турду.

– Ооба айланайын, ажырашып кеттик деген. Кайра келип калыптыр.

– Кана көрсөт, мен аны азыр өлтүрөм! Жейм, жутам, кана? - деп дасторкондун үстүнөн бычакты алып жулунганда апам бакырып качып жөнөсө болобу. Кайра өзүмүн эсим чыгып кетти. «Жаңы келинди» ушинтип жулкундурган бойдон анын кошо келген күйөөсү экөөбүз эки колунан кайрыган болуп, сүйрөп машинага алып келип салдык. Досум «кой эле кой» деп артынан түртүп келди. Машина узап-узабай боорубузду тырмап күлдүк.

Бул окуядан бир жума өткөндөн кийин досторум менен барган болуп аялымы алып келсем, апам аялымы, кызымы өпкүлөп, үстүнөн суу тегеретип чачып, кастарлап тосуп алды. Кайра-кайра келининин колунан өөп кечирим сурайт. Арадан дагы бир жума өткөндө уй сатып келебиз деп барып, өзүбүздүн уйду жетелеп келсек апамын көзү алайып, оозу ачылып калды.

– Апа, атамдар өзүңөрчө түтүн булатып, уй сатып алгыла деп берген акчага сиздин уюңузду кайра сатып келдик, -деди аялым.

– Оозуңа май айланайын! Эми бул уй меники эмес сеники. Там-ташым, тапкан-ташыганым, бар мүлкүм баары сеники! Садага болоюн, мен кулуң болуп эле жүрө берейинчи.

Ошондон бери апам келинине өйдө карап сүйлөбөйт. Небересин жонунан түшүрбөйт. Театр деле турмуштан алынат эмеспи. Ушул кыскача спектаклден кийин үйүбүз бейпил, кулак тынч, мээбиз жайында.

Апам эсине кирип кадимкидей токтолуп, оор басып калды. «Соттун кызын» эстегиси да келбейт - деп сөзүн бүтүрдү Турдубек.

## МАЗМУНУ

Желедеги жети күн....................................................3
Айсулуу.....................................................................20
Мен сизди сүйөм эже................................................27
Жамгыр......................................................................32
Күнөөсүз күнөөкөрүм................................................51
Убалым жездеме жетсин...........................................57
Айжамал....................................................................67
БОМЖдор..................................................................77
Селсаяк....................................................................115
Бактысыз Бакыт........................................................140
Келин менен кайнага................................................158
Жигит, гүл, алтын шакек, жана берки Бурул.............160
Косторка жейм деп....................................................162
Кайнатам экөөбүз жашачубуз....................................164
Мени багып алдың беле, апа?...................................167
Турмуш-театр...........................................................170

*Көркөм-адабий басылма*

**Бурулкан КАРАГУЛОВА**

**СЕЛСАЯК**

*Аңгемелер, даректүү баяндар*

---

*Литературно-художественное издание*

**Бурулкан КАРАГУЛОВА**

**БРОДЯГА**

*Рассказы на кыргызском языке*

Редактору *Жумабек Медералиев*
Сүрөтчүсү *Бек Жайчыбеков*
Корректор *Гүлсана Абдимусаева*
Компьютерде калыпка салган *Айгүл Зарипова*

Нускасы 500 экз. Ченеми 84x108/36. Көлөмү 4,88 б.т.

ЖЧК «Айатта» басылды. Бишкек ш., Тоголок Молдо көчөсү, 60.

100 c